**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Диссертациялык кеңеш Д 13.18.573

Кол жазма укугунда

**УДК 37.036.:372.878:782.8**

**ДЖАКЫПОВ КУБАТБЕК КУЛАНЧИЕВИЧ**

# БОЛОЧОК МУЗЫКА МУГАЛИМДЕРИНЕ КОМУЗ КҮҮЛӨРҮ АРКЫЛУУ ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

**13.00.01. – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы**

**Педагогика илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган**

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:**

**педагогикалык илимдердин доктору,**

**профессор Калдыбаева А.Т.**

**Бишкек – 2019**

## МАЗМУНУ


**КИРИШҮҮ ..................................................................................................... 3**

**I ГЛАВА БОЛОЧОК МУЗЫКА МУГАЛИМДЕРИНЕ ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ТЕОРИЯ МЕНЕН ПРАКТИКАДАГЫ АБАЛЫ ЖАНА ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ.............................................................................................. 11**

1.1. Эстетикалык тарбия берүүдө музыканын орду жана ролу........................ 11

1.2. Комуз күүлөрү – эстетикалык тарбия берүүнүн каражаты катарында ..... 42

1.3. Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнүн музыкалык педагогикадагы орду ........................................................................................ 53

Биринчи глава боюнча корутунду .................................................................. 77

**II ГЛАВА. БОЛОЧОК МУЗЫКА МУГАЛИМДЕРИНЕ КОМУЗ КҮҮЛӨРҮ АРКЫЛУУ ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮ БОЮНЧА МАТЕРИАЛДАР ЖАНА ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДДОРУ ............................ 80**

2.1. Комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн эффективдүүлүгүн камсыз кылган методдору .................................................. 80

2.2. Комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттары ........................................................................................................... 87

Экинчи глава боюнча корутунду .................................................................... 117

**III ГЛАВА. "БОЛОЧОК МУЗЫКА МУГАЛИМДЕРИНЕ ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ КОМУЗ КҮҮЛӨРҮНҮН ТААСИРИН ЭКСПЕРИМЕНТ АРКЫЛУУ ТЕКШЕРҮҮ .......................... 120**

3.1. Болочок музыка мугалимине эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык-эксперименталдык иштерин уюштуруу ................................ 120

Үчүнчү глава боюнча корутунду .................................................................... 154

**ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР............. 162**

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ ............................... 164**

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** Эстетикалык тарбия берүү адамзат маданиятынын өнүгүшү түздөн-түз көз каранды болгон негизги көйгөйлөрдүн катарына кирет. Жалпыга белгилүү болгондой, эстетикалык тарбия берүүнүн өзөгү жана башкы каражаты болуп инсанга таасир берүүдө өзүнүн универсалдуулугу менен айырмаланган искусство саналат. Эгемендүүлүккө ээ болгон тарыхый кырдаалда кыргыз эли да олуттуу кадамдарды жасап, түпкү нугуна кайрылып, руханий дөөлөттөрү болгон маданиятын, тарыхын, каада-салт ж.б. унутта калып бара жаткан элдик баалуулуктарын ааламдашуу шартынын алкагында сактап калууга аракеттерди көрүп жатат. Кыргыз элинин негизги музыкалык аспабы катары өзүнүн эстетикалык баалуулугу менен өзгөчө орунду ээлеген комузга, комуз күүлөрүнө, комузчулук өнөргө болгон элдин, алардын ичинде жаш муундардын суроо талаптарынын өсүүсү активдешкендиги байкалууда. Акыркы жылдары комузчулук өнөргө болгон суроо-талап массалык мүнөзгө ээ болуп, ата-энелер балдарын комуз кружокторуна катыштырып, жаштар да чыгармачылык тынымсыз изденүүнүн натыйжасында комуздун буга чейин ачылбай келген мүмкүнчүлүктөрүн ачууга аракет жасай баштаашты. Комузчулук өнөр тарыхында болуп көрбөгөн Экинчи Дүйнөлүк көчмөндөр оюнунда 1000 комузчунун А. Огомбаевдин “Маш ботой” күүсүн ансамбль чертүүсү, “Камбаркан”, “Ордо-Сахна” этнографиялык ансамблдеринин, “Акак” комузчулар ансамблинин дүйнөнү кыдырып, Америка кошмо штаттарынын, Европа  өлкөлөрүнүн атактуу театрларынын сахналарында кыргыздын комуз аспабын даңазалап, комуз чертүүнүн чеберчиликтерин көргөзүү менен дүйнөлүк коомчулук арасында зор кызыгуу жаратып, комузчулук өнөрдүн жаңы толкунун калктын кеңири катмарына таратышууда. Ал эми айрым таланттуу жаштар музыкалык өнөр билимин пайдалануу менен күүлөргө катар дүйнөлүк белгилүү музыкалардын айрымдарын  комузда жогорку чеберчиликте аткарып, аспапка болгон буга чейинки кербезденген көз караштарга, текебер мамилелерге чакырык таштaшууда. “Устатшакирт” маданий борбору ата-

бабалардан келе жаткан комузчулук өнөрдү устаттан шакиртке өткөрүү салтын жандандыруу менен учурдагы залкар таланттардын шакирттерди топтоп, аларга элдик нарк-насил менен өнөр учугун улантуусуна шарт түзүү аркетин көрүп келет. “Айгине” маданий изилдөө борбору устат-шакирт салтын комузчулар, арасында кеңири жайылтуу долбоору менен иш алып барып жатат. Мына ошондой иш чаранын жыйынтыгы катары экинчи жана үчүнчү Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында комуз аспабын массалык аткарууга жетишкендигибизди эсептесек болот.

“Комузда элдин муңу бар, Комузда элдин бугу бар. Болбосо кайдан жаралмак, Камбаркан, Сынган Бугулар”, – демекчи, комуз кыргыз элинин кайгы-муңун, кубаныч, кусалыгын сиңирген, тарыхтын таштак жолун эли менен бирге басып бизге жеткен эстетикалык баасынын куну чексиз.

Комуз күүлөрү – тарыхыбыздын музыкалык кайрыктарга айланып бизге жеткен добушу. Кыргыз эли жүрөк толкуткан кубанычын, көңүл көксөөсүн туюнткан кусалыгын, каңырык түтөткөн кайгысын да комуздун керемет кылдары аркылуу күүгө салып, эмоциялык туюмунун элге жеткирген. Ашыктык сезимин жеткирүүдө айрым комузчулар кыз кыялын таап, сөз күчүн кулак сыртынан кетирген селкилерди күү күчү менен багынтса, “Жүз жигит” күү баянындагы бала кезинен туткунга байланып кеткен кыргыздын жүз жигитинин билбестиктен калкына жасаган чабуулун токтоткон комуздун керемет добушу, кара түндөй кайгылуу кабарды каары катаал Чынгыз ханга угузууга эч ким даабаганда күүнүн күчү менен жеткирген Букадай комузчулар тарыхыбызда жашап өткөндүгү жалпыга белгилүү.

Адам турмушундагы турмуштун түркүн кубулуштары кээде көтөрүңкү маанайга (толкундануу-кубануу), айрым учурда көңүл кайттык абалга (кайгыруу-кусалануу) туш кылбай койбойт. Ошол ички туюмдарды сыртка чыгаруунун ийкемдүү жолу көркөм сөздөрдө же көөнөргүс күүлөрдө жатат.

XI кылымдагы “Кабус Наама” насаатына кайрылсак: “Уулум, жыйында олтурганда байкагын. Угуучу кызыл жүздүү буурул сакал болсо, мукам күү черткин. Эгер сары жүздүү болсо, бум (жоон үндүү кыл) менен

черткин. Эгер кара тору болуп, жүзүнөн ашыктык ышкысы жанып турса, комуздун үч кылын шартылдата тең черткин. Эгер ак жуумал, семиз, олдоксон адам болсо кылыңды бош толгоп черткин. Жыйында, үлпөттөрдө угармандарга карагын. Даанышман адамдарга салмактуу күү кайрыктарын черт. Карылар болсо арман күүлөрүн черт. Баатырлар, жоокерлер олтурган жерде кара күүлөрдү чертем деп алардын шаабайын суутпа", – сыяктуу насааттар жөн салды айтылган эмес. Керек болсо адамдардын жаш курагы, социалдык абалы, жекече өзгөчөлүктөрүнө карай кайсыл жанрдагы күүлөрдү уктуруу таасирдүү болорун эл арасында айрым көкүрөгү көрөгөч даанышман адамдар илимий жактан далилдей алышпаса да боолголой билишкен. [Кайбылдаев А. Кыргыз күүлөрү: иликтөөлөр, ойлор пикирлер. 1-китеп. – Бишкек, 2011. – 39-б].

Күүлөрдө камтылган көркөм каражаттар, анын мазмуну, аткаруу ыкмалары, мүнөзү, ладдык өзгөчөлүктөрү аркылуу ар кандай эстетикалык категорияларга таандык болуусу менен иденттүүлүгүнө жараша топтолуп, алардын түрдүү жанрларга бөлүнүүсүнө алып келгендигин көрөбүз.

Комуз күүлөрү кыргыз элинин руханий дөөлөттөрүнүн сап башында турса да анын илимий багытта изилдениши алдыда дагы активдүү иш аракеттерди аткарууну талап кылат. Буга чейин комуз аспабы, анын түзүлүшү, диапазондук мүмкүнчүлүгү, аткаруу ыкмалары, тембрдык өзгөчөлүгү, күүлөрдүн жанрдык бөлүнүшү тууралуу окумуштуулардын, музыка таануучулардын изилдөөлөрү жүрүп келген менен күүлөрдү эстетикалык тарбия берүү каражаты катары карап, анын эффективдүүлүгүн жогорулатуу багытын талдаган илимий изденүүлөрдүн алгачкы кадамдары башталууда. Биздин илимий изилдөөбүзгө буга чейин жалпы улуттук музыка, анын эстетикалык тарбиялык мааниси тууралуу аталган тармакта көптөгөн эмгек жасаган кыргыз окумуштууларынын илимий тыянактары негизги таяныч болду.

К.Н. Абышевдин диссертациялык изилдөөсү кыргыз элдик музыкалык-ыр фольклордук чыгармалары аркылуу студенттердин эстетикалык идеалдарынын өнүгүшүнө жана педагогикалык жогорку окуу жайларда эстетикалык тарбия берүү процессин өнүктүрүүгө таасир этүүнүн натыйжалуу жолдору аныктоого

багытталган, А.Т. Арзыкулованын изилдөөсүндө кыргыз музыкалык каражаттары аркылуу кенже класстын окуучуларына улуттук тарбия берүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу проблемасы каралган. Т.М. Балтабаева Кыргыз ССРинде музыкалык-педагогиканын калыптанышы жана өнүгүшү, музыкалык-педагогикалык окуу жайларын уюштуруу проблемаларына көңүл бурган. В.М. Гребенников Кыргыз ССРинде окуучуларга массалык музыкалык-эстетикалык тарбия берүүнүн калыптанышын жана өнүгүшүн изилдеген. Ч.Н. Иманбаева “Баштапкы класстардын болочок мугалимдеринин улуттук музыкалык маданиятка кызыгуусун тарбиялоо” (кыргыз музыкалык өнөрүнүн материалдарынын негизинде) аттуу эмгегинде студенттердин баштапкы класстардын болочок мугалимдеринин кыргыздын музыкалык маданиятына кызыгуусун тарбиялоону теориялык жактан негиздөө жана педагогикалык жетекчилик жүргүзүү системасын ачыктаган. Ч.Т. Куринкеева Кыргызстандын мектептериндеги башталгыч класстардын окуучуларынын улуттук хордук музыкага кызыгуусун калыптандырууну ачып берген. Л.А. Мастрянская мектепке чейинки курактагы балдарга кыргыз совет музыкасы менен тааныштыруу процессинде эстетикалык тарбия берүүнү изилдеген. И.Р. Халитова жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин 5-6-классынын окуучуларына улуттук аспаптык музыка каражаттары аркылуу эстетикалык тарбия берүү проблемасын ар тараптуу илимий негиздеген.

Эстетикалык тарбиялоонун каражаттары абдан эле көп: адабият кино, театр, искусство, музыка ж.б. Бул изилдөөбүздө биз комуз күүлөрүн студенттерге эстетикалык тарбиялоонун бирден бир каражаты катары тандап алдык

Улуттук руханий баалуулуктарга кайрылып, аларды коомдогу өзүнүн татыктуу ордуна коюуга карата мамлекет, жалпы коомчулук тарабынан жүргүзүлүп жаткан аракеттер менен катар учурдун көйгөйлөрүнө айланган музыкалык искусстводогу кабылдоонун, баалуулук ориентациялардын татаал **карама-каршылыктары** жаралды.

– жаштардан интеллектуалдык даярдыкты талап кылбаган, эстрадалык-көңүл ачуучулук жеңил музыкага кызыгуусу менен комуз күүлөрүн кабылдоосу ортосунда;

– болочок музыка мугалимдерине кыргыздын салттуу музыкалары аркылуу эстетикалык тарбия берүүгө карата коомдо системалуу муктаждыктын жогорулоосу менен окуу пландарында, окуу программаларында, окуу куралдарында аны чечүү мүмкүнчүлүктөрүнүн толук пайдаланылбагандыгы;

– жаштар арасында комузга болгон кызыгуунун артылуусу менен анын эстетикалык дараметин ачып берүүдө билим берүү системасындагы иш-чаралардын талапка жооп бербегендиги.

Аталган карама-каршылыктардан белгилүү болгондой болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүү багытында чечилбей жаткан илимий-педагогикалык проблеманын бар экендиги “Болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттары” аттуу теманы тандап алууга түрткү берди.

**Теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын 2012-2017-жылдардагы илимий изилдөө иштери менен байланышта аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты:** болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүгө жардам берген педагогикалык шарттарды аныктоо жана алардын эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү.

Максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду**:**

1. Болочок музыка мугалимдерине билим берүүдө эстетикалык тарбиянын педагогикалык теория менен практикадагы абалын мүнөздөө.

2. Окуу процессинде болочок мугалимдерге комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн моделин жана анын эффективдүүлүгүн камсыз кылган педагогикалык шарттарды аныктоо.

3. Болочок музыка мугалимдерине эстетикалык тарбия берүүдө сунушталган моделдин жана педагогикалык шарттардын эффективдүүлүгүн педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн теориялык негиздери:**

– эстетикалык тарбия берүүнүн илимий-теориялык негиздери: В.А. Сухомлинский [145], Б.Т. Лихачев [94], Б.М. Неменский [116], У.В. Назайкинский [115], В.М. Гребенников [50] ж.б;

– искусствонун каражаттарында эстетикалык тарбия берүүнүн негиздери: Г.С. Ригина [126], В.Н. Шацкая [159], О.А. Апраксина [21], Л.Г. Арчажникова [27], Д.Б. Кабалевский [68], А.И. Сохор [137], В.П. Матонис [104], Р.А. Тельчарова [147], В.К. Белобородова [36], Б.Ф. Асафьев [29], Л.А. Баренбойм [34], П.А. Цокуренко [152] ж. б;

– улуттук искусствонун каражаттарында эстетикалык тарбия жалпы теориялык негиздери: С.И.Касумова [80], А.С. Мшевалидзе [114], С.А. Узакбаева [148], М.Р. Юлдашева [165], Х.Я. Раннап [124], К.Н. Абышев [7] ж. б;

– кыргыз искусствосунун негизинде эстетикалык тарбия берүүнү жакшыртуу жана өнүктүрүүнүн методологиялык негиздери боюнча: М. Абдыкеримованын [3], В.М. Гребенниковдун [50], А.Т. Арзыкулованын [25], Ч.Н. Иманбаеванын [64], Т.М. Балтабаеванын [33], И.Р. Халитованын [151], А.Н. Степановдун [134], Л.А. Мастрянскаянын [103], Ч.Т. Куринкееванын [88], Г. Байсабаеванын [31] эмгектери.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы**:

Болочоктогу музыка мугалимдерине эстетикалык тарбия берүүнүн теориялык негиздери багыттар боюнча системалаштырылды; комуз күүлөрү аркылуу болочок музыка мугалимдерине эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттары аныкталды; болочок музыка мугалимдерине күүлөр аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн модели түзүлдү; комуз күүлөрүнүн көркөм каражаттары аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн натыйжалуулугу экспериментте текшерилди;

**Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанилүүлүгү:**

Студенттер үчүн педагогикалык жана гуманитардык багыттагы жогорку окуу жайларынын музыкалык адистиктери үчүн негизги музыкалык аспап катары комуз үйрөтүү программасы (бакалавр, кошумча музыкалык аспап катары комуз үйрөтүү программасы (бакалавр), “Кыргыз обондору комуздун коштоосунда” окуу куралы, “Комуз күүлөрүн үйрөнөбүз” окуу-методикалык куралы иштелип чыккандыгында турат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Болочок музыка мугалимдерине эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык теория менен практикадагы абалын мүнөздөө Кыргызстанда приоритеттүү жана негиздүү. Эстетикалык тарбиялоонун жогорку көрсөткүчү болуп студенттин эстетикалык маданияты эсептелинет.

2. Болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүү боюнча түзүлгөн теориялык моделдин эффективдүүлүгүн төмөнкү педагогикалык шарттар камсыздайт: комуз күүлөрүндө камтылган эстетикалык баалуулуктарга басым жасоо; комуз окуу дисциплинасынын мазмунун талдоо аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн натыйжалуугун арттыруу; студенттердин комуз күүлөрүнө карата кызыгуусун аныктоо; комузду окутуунун методикасына ээ педагогдордун болушу; зарыл болгон педагогикалык методдорду, каражаттарды жана формаларды камтыган методиканын болушу.

3. Болочок музыка мугалимдерге эстетикалык тарбия берүүдө комуз күүлөрүнүн мүмкүнчүлүгүнүн эффективдүүлүгүн текшерүү боюнча эксперименталдык иштердин жыйынтыгы.

**Изденүүчүнүн илимге кошкон жеке салымы:**

Эстетикалык тарбия берүүдө комуз күүлөрү эстетикалык тарбия берүү каражаттары катары аныкталды; болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттары иштелип чыкты; комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн мазмунуна карата окуу программалары жана окуу куралдары, комуз күүлөрү

аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн негиздери, методдору, принциптери, каражаттары иштелип чыкты; болочок музыка мугалимдерине эстетикалык тарбия берүү боюнча педагогикалык экспериментaлдык иш өткөрүлдү.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы**:

Изилдөөнүн негизги натыйжалары И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика жана музыка кафедраларынын методикалык жыйындарында, конференциялар, семинарлар ж.б. талкууланды. Изилдөөнүн натыйжасы 12 макалада чагылдырылды.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо жана тастыктоо.**

Илимий-изилдөө иштин жыйынтыктары республикалык илимий-практикалык конференцияларда: И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысында 2012-ж.; Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Кабарларында 2018-ж.; "Спорт за интеллектуальное и нравственное развитие общества" (Чолпон-Ата 2012.) // Вестник Кыргызстана аттуу Эл аралык илимий-практикалык журналда 2018-ж.; Вестник науки и образования 2018-ж., Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана 2018-ж.; Проблемы науки журналдарында, "Актуальные проблемы искусства и музыкальной педагогики: традиции, инновации" аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Атрау, Казахстан 2017-ж.) талкууланды,

**Илимий иштин түзүлүшү**. Диссертация киришүүдөн, үч главадан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардан тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин көлөмү – 175 бет, таблицанын саны – 14, сүрөттөмө – 2, тиркеме – 4, пайдаланылган булактардын саны – 167.

# I ГЛАВА.
# БОЛОЧОК МУЗЫКА МУГАЛИМДЕРИНЕ ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ТЕОРИЯ МЕНЕН ПРАКТИКАДАГЫ АБАЛЫ ЖАНА ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Эстетикалык тарбия берүүдө музыканын орду жана ролу

Эстетикалык тарбия берүү маданияттын кызыктуу жана көп тармактуу көрүнүштөрүнүн бири катары өзүн көрсөтөт. Ошондуктан бүгүнкү күнгө чейин “эстетикалуулуктун” маани-маңызы жөнүндөгү ар кыл талаш-тартыштар басылбай келет. Ал эми тарбия берүү теориясында ушул күнгө чейин ачыла элек жагдайлар көп. Эстетикалык тарбия берүүнүн проблемаларына ар кайсы доорлордо жана коомдордо көптөгөн адистер көңүлдөрүн бурушкан. Бул маселе бүгүнкү күндө да актуалдуу. Анткени, эстетикалык тарбия берүүнүн көптөгөн маселелери теориялык да, практикалык багытта да жетишерлик чечилүүгө муктаж.

Эстетикалык тарбия берүүнүн өнүгүү тарыхын изилдөө зарыл маселе. Анткени, келечекте кайсы гана көйгөй каралбасын ал өткөн менен бүгүнкүнүн терең байланышынан келип чыккан илимийлүүлүк жана реалдуулуктун көрүнүшү. Н.Г. Чернышевский эстетиканын проблемасын изилдөөдө, тарыхчы Карл Шмидттин жүз жылдан ашуун мурда айтылган акыйкат сөзүнө таянуу менен мындай дейт: “Учурдагы тарбия берүүнүн маселелери жөнүндө туура түшүнүктү качан гана биз тарбия берүүнүн өткөндөгү тарыхын изилдеп, анын үлгү болорлук касиеттүү үнүн укканда гана ала алабыз жана бул маселелерди чечүүгө керектүү ачкычты таба алабыз” [155, 27-б.].

Эстетикалык тарбия социалдык жана илимий жактан өзгөчө феномен болуп саналат. Ага тарыхый баа берүү эстетикалык жана педагогикалык илимдер менен гана чектелбеши керек. Ал эстетикалык, педагогикалык, психологиялык жана философиялык билимдердин органикалык синтезин чагылдырат. Эстетикалык тарбия берүү проблемаларын талдоо, анын бүгүнкү

күнгө чейин узак жана татаал жолду басып өткөн илгерки цивилизациянын түпкүрүнөн жаралгандыгын көрсөтөт.

Эстетикалык тарбия берүүнүн этаптарын доорлорго бөлүштүрүү социалдык-экономикалык формациялар менен тыгыз байланыштуу. Бирок мында эстетикалык тарбия берүүнүн теориясы менен практикасы бир жагынан өз алдынчалыгы, белгилүү өздүк логиканы, педагогиканын, тарбия берүүнүн өнүгүшү менен байланыштуулугун, ал эми башка жагынан алганда искусство менен эстетиканын өнүгүшүн бирдиктүүлүгүн көрсөтөрүн унутпашыбыз керек. Ошондуктан, социалдык-экономикалык формациялардын алмашуусун доорлорго бөлүштүрүүгө негиз кылып алуу менен, эстетикалык тарбия берүүдөгү өзгөрүүнү түшүндүргөн спецификалык критерийлерди көрсөтүү зарыл. Муну Г. Гегель өтө көрөгөчтүк менен байкаган: “ар бир доор, ар бир коомдук түзүлүш коомдун талаптары менен муктаждыктарына көбүрөөк даражада ылайык келген адамдардын белгилүү бир тибин калыптандырууга умтулат. Бул “социалдык буйрук” “дүйнөнүн азыркы абалынын” жалпы шарттарынан келип чыгат, анткени “канчалык аракеттенбегин”, ар бир жеке адам ошол коомдук түзүлүшкө таандык жана бул коомдун өз алдынча калыптанган жекече жандуу көрсөткүчү катары чыкпастан, болгону ар тараптан чектелген анын мүчөсү катары гана калыптанат” [48, 47-б.].

Буга байланыштуу, инсандын социалдык тибин калыптандыруу менен ар бир доор, өзүнө таандык өндүрүштүк мамилелерин гана эмес, ошондой эле “рухий өндүрүшүн” калыптандырууну да дагы ишке ашырат, – деп жыйынтык чыгарууга болот.

Л.Н. Коган менен Ю.Р. Вишневский акыйкат белгилешкендей: “руханий өндүрүш руханий маданияттын гана баалуулуктарын түзбөйт. Анын башкы максаты болуп ошол коомго тиешелүү тигил же бул таптын кызыкчылыгы үчүн инсандыктын белгилүү бир тибин калыптандыруэсептелет” [81, 12-б.].

Философия, педагогика, искусство – булар “жан дүйнө өндүрүшүн” түзүүчүлөр – андан инсанды калыптандыруунун күчтүү каражаты – эстетикалык тарбия жаралган. Ал кандайдыр бир даражада тарбия берүүнүн эки

талаасы болгон – педагогика жана эстетиканын тутумунда өмүр сүрө алат. Эстетикалык тарбия берүү идеяларында, анын теориясы менен практикасында бул эки илимдин эволюциялык жолу ар дайым кесилишип турат. Алардын өнөктөштүгүнүн маңызы: “эстетикалык” – демек бул эстетиканын тармагы, ал эми “тарбия” – педагогиканын тармагы экендигинде эмес, тактап айтканда: билимдин бул тармактарынын ар бири эстетикалык тарбияга өздүк мамилеси менен байланышат. Эки мамиленин дал ушул “ашташкан жеринде” эстетикалык тарбия жана анын практикасы жөнүндөгү өз алдынча илим пайда болгон.

“Эстетика” термини гректин “aistticos” (“сезим менен кабыл алынуучу) деген сөзүнөн келип чыккан. Эстетика – бул болмуштагы жана искусстводогу сулуулук жөнүндөгү, “сулуулуктун мыйзамы боюнча” дүйнөнү кайра жаратуунун жана таануунун өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү (К. Маркс), искусствонун, көркөм чыгармачылыктын жана адамга эстетикалык тарбия берүүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү философиялык илим [102, 43-б.].

Б.Т. Лихачев “Окуучуларга эстетикалык тарбия берүүнүн теориясында” К. Маркс берген аныктамага таянат: “Эстетикалык тарбия – жашоо-турмушубуздагы жана искусстводогу сулуулукту, трагедиялуулукту, комедиялуулукту, көркөмдүктү, көрксүздүктү кабыл алууга, баа берүүгө, “сулуулуктун мыйзамы боюнча” жашоого жана аны жаратууга жөндөмдүү баланын чыгармачыл активдүүлүгүн калыптандырууга багытталган максаттуу процесс” [94, 93-б.].

Бул изилдөөлөр, эстетикалык мамиле адамдын курчап турган дүйнө менен болгон байланышынын бардык тарабын камтыйт жана адамдардын пикир алышуу чөйрөсүнө, адеп-ахлактык, турмуштук, үй-бүлөлүк мамилелерине, коомдук-саясий жашоосуна, материалдык-рухий өндүрүшү менен керектөөлөрүнө ж.б. олуттуу таасир көрсөтөт деп чечмелөөгө мүмкүндүк берет.

Эстетикалык тарбия берүү милдети болуп: Инсандын эстетикалык сезимин, табитин, идеалдарын, керектөөлөрүн, көз карашын жана ишенимдерин, гармониянын, кооздуктун жана сулуулуктун көз карашы менен кароого жана анын дүйнөнү кабылдоо жана баалоо жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу саналат.

Эстетикалык тарбия "Эстетика боюнча кыскача сөздүктө": "Адамда жашоодогу жана искусстводогу сулуулукту жана көркөм бийиктикти кабыл алуу, туура түшүнүү, баалоо жана жаратуу жөндөмдүүлүгүн иштеп чыгууга жана жакшыртууга багытталган иш чаралардын системасы" катары аныкталат [85, 412-б.].

Эстетиканын жана көркөм өнөр тармагында коомдук өнүгүүнүн актуалдуу маселелерин талдоого академик А.Г. Егоровдун бир канча эмгектери арналган.

Автор эстетикалык маданият менен көркөм маданияттын ортосундагы айырмачылыкты алдыңкылардан болуп карап чыгат. А.Г. Егоровдун ой-пикири боюнча, көркөм маданият эстетикалык маданияттын курамына кирет, бирок аны аягына чыгарбайт. Кеп эстетикалык маданият көркөм маданияттан көлөмү боюнча кенендигинде эмес. Көркөм маданияттын бардык эле көрүнүшү коомдун эстетикалык маданиятынын энчиси боло албайт. Искусство чыгармалары келечекте көркөм маданияттын фактору болсо дагы, качан алар коомчулуктун аң-сезимине кирүүсү менен, коомго жайылып, жана бекемделгенде гана эстетикалык маданияттын маанисине ээ боло алат [58, 17-б.].

Эстетикалык тарбия берүүнүн негизинде гуманизмдин, сулуулуктун, гармониянын жана кооздуктун принциптери жатат. Тарыхый өнүгүштүн прогрессивдүү арымына ылайык, искусство аталган принциптерди ишке ашыруучулардын бири болуп калды.

Искусство гана адамдын турмушка болгон эстетикалык мамилесинин топтолгон тажрыйбасын системалаштырат, ачат жана аны жалпы элге жеткиликтүү кылат. Искусство адамдагы эстетикалык эмоцияны чакырат жана

эстетикалык ырахаттанууга жеткирет. Искусство тарбия берүүчүлүк, тарбиялык иш-чаранын кырдаалын түзбөйт жана ченемге тиешеси жок тапшырмаларды жүктөбөйт. Адамды автор – сүрөткердин ойлонгон тыянагына, баамына, максатына алып барат.

Живопись, театр, кинематография турмуштун конкреттүү көрүнүштөрүн, белгилүү фактыларды жана окуяларды сүрөттөөдө өз чыгармаларын жаратат. Музыка бул мамилелерди жалпыланган түрдө берет. Жашоо-турмуштагы нерселердин анык сүрөттөлүшү музыкада жалпыланган символикалык мааниге ээ.

Музыка – искусствонун татаал жана эмоционалдык жактан эң эле таасирдүү түрлөрүнүн бири. Учурда илимий-техникалык прогресс музыкалык маданиятты жарыялап таратуунун кеңири мүмкүнчүлүктөрүнө жетишти. Массалык маалымат каражаттары аркылуу кеңири жарнамаланып жаткан шоу-бизнес тармагындагы аракеттер калктын кеңири катмарына музыканын жеткиликтүүлүгү жөнүндөгү жасалма иллюзияны түзөт. Бул көрүнүшкө профессионалдык баа берген педагогдор, композиторлор, аткаруучулар бүгүнкү күндө жаштардын музыкалык кызыгуулары менен табиттеринин багыты жана деңгээлдери тууралуу олуттуу кооптонууну билдиришүүдө. Жаштардын төмөн деңгээлдеги жеңил-желпи эстрадалык музыкага кызыгуулары, музыканы, убакытты максатсыз өткөрүүнүн каражатына айландыруулары, педагогикалык коомчулуктун тынчсыздандырып жатат. Музыкалык таасирлердин баш аламандыгына эстетикалык тарбия берүүнүн методикалык жактан жабдылган системасын карама-каршы коюу керек жана анын бардык тармактары бири-бири менен ырааттуу байланышуусу зарыл.

Музыкалык тарбия берүү эстетикалык тарбия берүүнүн курамдык бөлүгү. Бүгүнкү күндө анын маани-маңызы, өсүп келе жаткан муундун адеп-ахлактык, этикалык сапаттарын калыптандырууда турат.

Классикалык музыка – адамдын рухий кулк-мүнөзүнүн калыптанышынын жана кайра жаралышынын таасир берүүчү каражаты. Окуучулардын алдында анын дүйнөсүн ачып берүү, анын таасир берүүчү

каражаттарын колдонуу – музыка мугалиминин алдында турган маанилүү милдет.

Өткөн мезгилдердеги көркөм маданияттын жетишкендиктери азыркы маданият тарабынан четке кагылган жок. Адамзат тарабынан топтолгон ал баалуу казына сакталууда жана чыгармачылык жактан өнүктүрүлүүдө. Азыркы искусство көпчүлүк учурда классикалык искусство иштелип чыккан формада, өзүнүн тарыхый алкагында, аны мурдакылар үчүн белгисиз болгон көркөм чыгармачылыктын жаңычыл ыкмалары менен байытып, интерпретациялап жатат.

Эстетикалык тарбия – жалпы тарбия берүүнүн бир тарабы (мүмкүн абадан маанилүүсү). Ошондуктан ал ар кайсы доорлордо үстөмдүк кылган инсандардын социалдык тибинен жана коомчулук тарабынан бул инсандарга ылайык “социалдыкбуйруктан” көз каранды болгон.

Өсүп келе жаткан муунга толук эстетикалык тарбия берүү процесси музыкалык тарбиядан сырт ишке ашышы мүмкүн эмес. Музыкага, музыкалык чыгармаларды активдүү кабылдоого жана аткарууга тартуу наристе курактан башталат. Жалпы жана музыкалык педагогиканын көптөгөн көрүнүктүү өкүлдөрү ар бир адам музыка менен машыгып алектениши керек [127, 8-б.].

Эстетикалык тарбиянын тарыхый жолун жана практикасын талдоо, азыркы замандын көптөгөн проблемаларын түшүнүүгө бизге таяныч болуп берет. Эстетикалык тарбия берүүнүн ар башка аныктамаларында чагылдырылган анын ар кыл жактары, анын татаалдыгын жана көп аспектүүлүгүн күбөлөп турат. Анткени, жалгыз, толук аныктамасын табууга болгон иш аракеттерге карама-каршы келет. Демек, “абсолюттуу чыныгы” аныктама десек болот.

“Адамзаттын педагогикасы” болгон мифтер, адам коомунун тарыхындагы тарбия берүүнүн алгачкы формаларынан болуп саналат. Алар өз кезегинде эстетикалык тарбия берүүнүн бөтөнчө формасы катары кызмат кылган. Мифологиянын өзү адамга конкреттүү билимдерди жана насааттарды берген. Ал эми көрсөтмөлүү образдар аркылуу “жалпы коомдун жан дүйнөсүнүн

абалына ылайык белгилүү бир жан дүйнөнүн абалын" чагылдырган. Мындай эстетикалык тарбия "мектеби" аркылуу канчалаган элдер жашап өткөн.

*1.* Искусствонун каражаттары аркылуу атайылап тарбия берүүнүн башатына кайрылсак, ал жөнүндө биринчи эскерүүлөр болжол менен б.з.ч. XII кылымга таандык кытайдын байыркы ыйык китептеринин бири "Шу-кингде" кездешет. Китепте император Шюндун балдарын музыкага жана ырга атайын окуткандыгы жөнүндө айтылат. "Алар ачык-айрым, бирок көп сүйлөбөгөн, сөзгө сараң, мээримдүү, ак көңүл, катаал, күчтүү, бирок кара өзгөй эмес, көрөгөч, бирок текебер эмес болчу" [93, 49-б.].

2. Эстетикалык тарбия берүүнүн алгачкы концепцияларын Конфуций (б.з.ч. 551-479-жж.) түзгөн. Ал маңызы боюнча эстетикалык тарбия берүүнүн негиздерин түзгөн үч предметти – "ырды", "ырым-жырымды" жана "музыканы" тарбия берүүнүн башкы каражаттары катары эсептеген [9, 42-б.].

Байыркы Грециянын ойчулдары Платон менен Аристотель музыкалык тарбия берүүнүн идеяларын инсандын гармониялуу өнүгүшүнүн идеялары менен байланыштырышкан. Акыл, дене жана эстетикалык тарбия берүүнүн биримдиги жөнүндө ой-пикирлеринде, Платон менен Аристотель кесиптик-пайда табуучулук максаттагы музыкалык сабактарга каршы чыгышкан. Алардын пикири боюнча, эркин төрөлгөн жарандар адеп-ахлактык жана интеллектуалдык деңгээлин өнүктүрүү үчүн өздөрүнүн бош учурларын музыкалык сабактар менен толукташы керек.

3. Байыркы Римде тарбия башкачараак мүнөзгө ээ болгон. Болжол менен б.з.ч. III кылымда, үй-бүлөлүк тарбия басымдуулук кылган. III кылымдан баштап I кылымга чейин бул жакка Грек маданиятынын таасири кире баштайт да колунда бар Римдик жарандардын балдары үчүн грамматикалык мектептер пайда болот. Ал мектептерде адабиятты, тарыхты, музыканы жана риториканы окутууга көп көңүл бурулган. Мында музыка риториканын карамагына кирген. Анткени, музыкалык тарбиядан айырмаланып, риторикалык тарбия берүү римдик практицизмге кайрылган [9, 96-б.].

Ошентип, Байыркы Афинадагыдай эле Римден да биз эстетикалык тарбия берүүнүн өнүккөн жана өзгөчө системасын табабыз. Бирок, белгилеп кетчү нерсе, афиналыктардан айырмаланып, Римдиктер практикалык максаттарды көздөгөн жана мүнөзү боюнча спартандыкка жакын болгон. Грек мектептеринен айырмаланып Рим мектептеринде музыкага жана ырга окуткан эмес. Бир канча жылдар аралыгында Афина мектептеринде өкүм сүргөн гармониялуу өнүктүрүү идеясы Римдиктер тарабынан кабылданган эмес.

Көпчүлүк учурда Байыркы гректик философтордун салттарына орто кылымдык мусулман философторунун социалдык көз караштары жакын келет. Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүнүн орто кылымдагы улуу ойчулу, атактуу философ Аль-Фараби коомдук жашоонун маселелерин өзүнүн философиялык системасына киргизген.

4. Белгилүү окумуштуу Аль-Фараби: искусстводо гана жаратмандын талантынын аркасында, практикалык ишкердүүлүктүн пайдалуу касиеттери күчтүү жана концентрацияланган абалда чыгат, – деп айткан [9, 96-с.]. Аль-Фараби. Трактаты о музыке и поэзии: Пер. с арабского. – Алматы. 1988. –

Аль-Фараби ошондой эле музыканын жан дүйнөгө жана тулку бойго таасир тийгизүүчү жөндөмүн белгилейт. Идеалист катары, ал денеден мурда жандын биринчилигин тааныйт. Бирок болочок дарыгер, музыкант жана музыканын теоретиги катары музыканын рухий тарапка гана таасирин эмес, ал аркылуу бүтүндөй адамдын дене боюна тийгизген таасирин байкабай койбойт. Бул проблеманы дене менен жанды ажырагыс биримдикте караган Ибн-Сина абдан терең өнүктүргөн [9, 57-б.].

Эстетикалык тарбия берүүнүн өнүгүшү Батыш Европада башкача мүнөздө байкалган. Орто кылымда бул региондо католиктик чиркөө тарбия берүүнүн мүнөзүн аныктаган өтө күчтүү факторго ээ болгон. Албетте, ал эстетикалык тарбияга дагы чечкиндүү таасирин тийгизген. Диндик боёкко чыланган искусствонун бардык түрлөрү аскетикалык доктринаны үгүттөшкөн. Эстетикалык тарбия көбүнчө диний тарбиянын каражаты катары каралган. Ошондуктан музыканын функциясын диний-адеп-ахлактык таасирге алып

барган. Бул мезгилдеги музыкалык трактаттардын көпчүлүгүндө музыканын кулк-мүнөздү тарбиялоочу, мүнөздү жумшартуучу, жаман нерселерге ооп кетүүдөн тосуучу жөндөмү тууралуу ойлор айтылат., б.а. музыканын функциясы туура жолдо жашоого жардам берүүчү функция катары таанылат [158, 25-б.]. Орто кылымда музыкалык тарбия берүү монастрларда же кафедралдык ырдоо мектептеринде жүргүзүлгөн.

Кайра жаралуу доорунда (X-XI кк.) адам дүйнөсүнө жана эстетикалык тарбияга көз караш өзгөрөт. Адам дүйнөнүн образынын борборуна, табияттын жогорку, аны бийлөөчү жаралуучусу катары чыгат. XIV-XVI кк. Кайра жаралуу доору антика маданиятынын гүлдөгөн мезгилин үлгү кылган. Бул илим менен маданияттын өнүгүшүнө жардам берген.

Аталган доордо музыкалык искусство дүйнөлүк да, адамдык жалпы гармониялуулукту берүүгө жөндөмдүү деген ой бекемделген: “музыкадан канааттануу албаган киши гармониясыз жаралган, ошондуктан, эгер гармония кимдир бирөөгө жакпаса, анда ал адамда гармония кандайдыр бир деңгээлде өксүк.” [150].

Кайра жаралуу доорундагы “музыкалык педагогиканын” башкы максаты музыкант-педагог, композитор жана аткаруучу чогуу жуурулушкан бир эле адамды даярдоодо турган. Мындай адам ар тараптан эрудициялуу жана өнүккөн инсан болушу керек [155, 7-б.].

Реформация доорунда (XVI к.) жаңыдан пайда болгон буржуазия менен феодалдык шарттардын ортосунда жүргөн курч социалдык күрөштүн формасы болгон, маңызы боюнча диний согуштар башталган. Немистин улуу реформатору Мартин Лютер (1483-1546-ж.ж.) тарбия берүүнүн жаңы программасын сунуштаган. Материалисттерге карата жазган айтылуу чакыруусунда ал мынтип жазган: “Шаардын бейпил турмушу жана кубаттуулугу жакшы берилген тарбияда турат. Анткени ал билимдүү, аң-сезимдүү, ак ниет, адептүү тарбияланган жарандарды берет”. Ошондуктан мамлекет зарыл чыгымдарды сарп кылышы, мектептерди кармап туруу үчүн акчалай каражаттарды бөлүп бериши, чоң-чоң китепканаларды түзүшү зарыл.

Мурдагы музыкант Лютер тарбия берүүдө өзгөчө зор маанини музыкага берген. Ал: “Музыка – кудайдын берген сонун белектеринин бири, ал адамды жөнөкөй жана мээрман кылган сабак”, – деп эсептеген [92, 7-б.].

Бирок эстетикалык тарбия берүүнүн теориясы менен практикасындагы чыныгы бурулуш XVII кылымда болду жана аны славяндардын улуу педагогу Ян Амос Коменский (1592-1670-жж.) ишке ашырды. Ар кайсы мезгилдерде Европанын ар кыл өлкөлөрүндө жашаган, өтө татаал тагдыры бар бул адам, ошол доор үчүн алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жалпылаштырды. Коменскийдин дүйнө таанымы орто кылымдык схоластикалык окутууга каршы турган гуманисттик Ренессанс маданиятынын таасиринде пайда болгон. Өз мезгилинин алдыңкы илимий жетишкендиктерине таянуу менен, Коменский алгачкылардан болуп демократиялык негиздеги элдик билим жана тарбия берүүнүн бирдиктүү комплекстүү системасын иштеп чыккан. Аны түзүүдө Коменский жөндөмдүүлүк деген – “кудайдын белегине” балдар туулганда эле ээ болот, бирок максаттуу тарбиялоо жолу менен гана аларды өнүктүрүүгө болот деген идеяны карманган [83, 125-б.].

Коменскийдин системасы боюнча, эстетикалык таасир баланын бир жашынан тартып эле башталышы керек. Бул – ритмикалык кыймыл, ыр, шылдыракты шылдыратуу. Эки жана үч жашында кооз көрүнүштөр, музыка угуу, сүрөт тартуу ж.б. тарбиялоонун маанилүү каражаттары болуп чыгат. “Алардын угуусу жана жүрөгү үндөштүк жана гармония менен ырахаттануусу үчүн, ар кандай үндөрдү кабылдоого же аларды тууроого үйрөтүү максатында” педагог музыкалык аспап менен балдарды эки жаш кезинен баштап тааныштырат [83, 134-б.].

Агартуу доорунда (XVII-XVIII кк.) эстетикалык тарбия берүүнүн алдында коомдогу анын орду жана ролу жөнүндөгү маселе курч коюлат. Бул доор үчүн искусствонун жана эстетикалык тарбия берүүнүн проблемаларын, алардын илим менен байланышын (чындыкты таануу) жана адеп-ахлактуулугун (жакшылыкты таануу) кароо мүнөздүү. Мындан атактуу үч бирдиктин – “чындык-жакшылык-сулуулуктун” идеясы келип чыгат. Агартуучулардын көз

карашында, бул триада адамдын рухий дүйнөсүн камтыйт, ал эми сулуулук, чындык менен жакшылыктын жашоо формасы катары каралат.

XVIII кылымдагы орустун агартуучулары инсанга гармониялуу тарбия берүүнүн теориясын өнүктүрүүгө салым кошушкан. Орустун теоретик-агартуучулары Н. Новиков, А. Радищев, Н. Карамзин адамдын адеп-ахлактык сапаттары жөнүндөгү маселени коомдун башкы проблемасы катары карашкан, коомду аң-сезимдүү уюштуруунун мүмкүнчүлүгүнө ишенишкен, социалдык гармонияга жетишүү үчүн күрөшүшкөн.

Эстетикалык тарбия берүүнүн теориясы немис философторунун эмгектеринде өнүктүрүлгөн. Дал ушул Германияда 1750-жылы “Эстетика” басылып чыккан жана грektин “эстезис”– уялып кысылуу, сезимдик кабылдоо деген сөзүнө негизделген жана “эстетика” термини илимге киргизилген. Эстетикалык ойлордун тарыхында жогорулоонун жаңы толкуну башталып, эстетика өзү гана аталыш албастан, “эстетикалык тарбия” аталышын аныктаган, өзгөчө философиялык илим катары таанылган. Андан соң инсанга эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык теориясына да таасирин тийгизген.

Капитализм доору адамдан жаңы сапаттарды талап кылган. Жаңы “социалдык заказ” билим жана тарбия берүүнүн системасынан өзүнө ылайык өзгөрүүлөрдү талап кылган. Педагогиканын тармагында теория менен практиканы бириктирген жаңы жарылуу керек эле. Мындай жарылууну XVIII кылымдагы швейцариялык педагог-демократ И. Г. Песталоцци (1746-1827-ж.ж.) жасады. Ал эмгекчилерге бирдиктүү тарбия берүүнүн кеңири социалдык программасын түзгөн.

Бул маселени чечүүдө өзү иштеп чыккан, дене, эмгек, адеп-ахлак, акыл жана эстетикалык тарбияны камтыган “элементардык билим, тарбия берүүгө” таянган. Акыркысы, б.а. “сулуулукка, гармонияга, тартипке сезимдерди тарбиялоо адеп-ахлактуулукка тарбиялоонун зарыл негизин жана маанилүү шартын түзөт” [118, 71-б.].

Россияда эстетикалык тарбия XIX кылымдын башында эл агартуу системасында расмий предмет статусуна ээ болгон.

1804-жылы өлкөдөгү тарбия берүүнүн түзүлүшүн жана окуу мекемелерин башкаруунун тибин аныктаган “Университеттер башкарган окуу мекемелеринин Жобосу” басылып чыгат. Жобо гимназиялардын окуу пландарына мифология, көркөм искусствонун жана сүрөттүн баштапкы курстары сыяктуу предметтерди киргизген. Анын өзүнчө пунктунда “эгер кирешеси мүмкүндүк берсе, гимназия ошондой эле бий, музыка жана денелик көнүгүүлөрдүн (гимнастика) мугалимдерин жумушка алып, иш берсе болот” деп жазылган. Ар бир жылдын окуу жүгүндө окутуунун жылына жараша сүрөткө, ритмикага, эстетикага, музыкага, гимнастикага белгилүү бир сааттардын саны белгиленген [26].

Көп жылдар бою эстетикалык тарбия берүүнүн россиядагы теориясы менен практикасы К.Д. Ушинскийдин идеяларын негиз кылып келген. Анын педагогикалык системасынын негизине туулган жеринин жаратылышы, элдик оюндар, жомоктор, макалдар, жаңылмачтар менен балдарды тааныштырууну камтыган “элдик тарбия” теориясы коюлган.

К.Д. Ушинский эстетикалык тарбия үчүн көркөм циклдын предметтерин гана эмес, бардык предметтерди мугалимдердин бирге колдонушун зарыл деп эсептеген. Ал: “Бардык илимде, азбы же көппү эстетикалык элемент бар, аны устат бере билиши керек”, – деп белгилеген, б.а. эстетикалык тарбия бардык предметтерди окутуу процессинде ишке ашырылышы керек, анткени алар чоң же кичине даражада болсо да эстетикалык элементтерди камтышат, аларды окуучуларга берүүнү окуу предметинин мазмуну аркылуу, ал предметти окутууда искусство каражаттарын кеңири колдонуу аркылуу, таанып билүү процессин өзүнүн эстетикасы аркылуу ишке ашырууга болот [149, 77-б.]

XIX кылымдын 40-жылдарында Батыш Европада пролетариаттын таптык күрөшү күч алган. Мунун натыйжасында марксизм – коммунисттик принциптерге ылайык коомду илимий кайра жаратуунун философиясы келип чыкты. Жеке тажрыйбасын жана өткөндүн бүтүндөй педагогикасын жалпылоо аркылуу, аны кайра иштеп чыгып, К. Маркс менен Ф. Энгельс тарбия берүүнүн жаңы концепциясын түзүштү. Ал марксистик окуунун жана келечектеги

коммунисттик коомдун курамдык бөлүгү болуп калды. Алардын бардык көлөмдүү эмгектеринде эстетикалык-тарбиялык проблемаларды коюу жана чечүү боюнча олуттуу көз караштары камтылган. Марксизмдин классиктери барыдан мурда “адамдын коомдук бардык оң сапаттарын өөрчүтүүнү жана мүмкүн болгон бай касиеттерге ээ инсан катары аны жаратууну, ошондуктан коомдун мүмкүн болгон толук жана универсалдуу жемиши катары адамды өндүрүүгө болгон талапты” тарбия берүү милдетине киргизишкен [94, 263-б.].

Ф. Энгельс “Анти-Дюрингде” “тарбиянын эстетикалык тарабын” өзгөчө бөлүп көрсөткөн. Ар тараптуу өнүккөн адам искусствону ылгап, талдай алат жана сулуулукту баалай алат. “Көркөм-билимдүү адам” болуш үчүн жакшы уюшулган билим жана тарбия берүү керек, – деп эсептеген.

Бул процессти камсыз кылыш үчүн, мектепте эстетикалык тарбия берүү менен гана чектелүү жетишсиз, андан сырткары “тарыхый мураска айланган баалуулуктарды кабылдоо үчүн окуучулардын ар бирине жетиштүү маданий эс алуу үчүн бош убакытты сунуштоо зарыл”. Натыйжада “ инсандын жекече эркин өнүгүшү” камсыз болот. “ Анткени ал үчүн бөлүнгөн бош убакыттын жана каражаттардын аркасында түзүлгөн шарттар индивиддин өнүгүшүнө жардам берет”.

Ошентип, марксизм эстетикалык тарбия берүүнү тарбиянын башка түрлөрү менен тыгыз байланыштырып гана койбостон, аны чөйрө, коом менен бирге адамды калыптандыруунун жалпы контекстине киргизди. Бул идеялар кийинчерээк бүткүл дүйнөдөгү, айрыкча мурунку социалисттик өлкөлөрдөгү педагогикалык ойлордун андан ары өнүгүшүн аныктады.

1917-жылдагы Октябрь революциясы коомдун социалдык-экономикалык жана саясий кайра түзүлүшүнүн негизинде ар тараптуу жана гармониялуу өнүккөн адамды калыптандырууну өзүнүн башкы максаты катары жар салды. Бирок биринчи дүйнөлүк согуштун, өзгөчө жарандык согуштун, согуштан кийинки бүлгүндүн кесепети бул башкы максаттын кыймылынын мүнөзүнө өзүнүн изин калтырды.

Революцияга чейинки көптөгөн педагогдор Кеңеш өкмөтү менен иштешүүдөн баш тартышты, алардын бир бөлүгү эмиграцияга кетти. Бул шарттарда эстетикалык тарбия берүүнү гана эмес, жалпы тарбия берүүнү ойдогудай ишке ашырууга мүмкүн эмес эле. Кырдаалды өзгөртүү, Кеңеш өкмөтүнө мугалимдерди, маданияттын ишмерлерин тартуу талап кылынган. Бул маселени чечүүгө В.И. Ленин тарабынан көтөрүлгөн жаңы коомду түзүүнүн гуманисттик программасы жардам берген, анда “маданияттын бардык жеңиштери жалпы элдин мүлкү болот, ушундан баштап адамдык акыл-эс жана гений зордук-зомбулуктун, эксплуатациянын каражаты болбойт” деп айтылган [90].

Совет мамлекетинин жетекчилеринин чакырыгына көптөгөн тажрыйбалуу педагогдор, анын ичинде эстетикалык тарбия берүүнүн теориясы менен практикасын өнүктүрүүгө активдүү катышкандар жооп кайтарышкан.

Ошол шарттар үчүн таптакыр жаңы жана абдан татаал бул маданий-тарбия берүүчүлүк жана агартуучулук милдетти чечүү А.В. Луначарскийге, Н.К. Крупскаяга жана башка билимдүү, чоң эрудицияга ээ мамлекеттик ишмерлерге, окумуштууларга, педагогдорго жана маданият менен искусство кызматкерлерине тапшырылган. Эл агартуунун жаңы программасын түзүүдө А.Н. Луначарский мындайча белгилеген: “Албетте, эстетикалык тарбия четте калбаш керек, биз аны адамдын чыгармачыл максаттарын сулуулукка багыттап өнүктүрүү катары түшүнөбүз. бул көз караштан алганда эстетикалык тарбия өзгөчө орунда турат жана “эстетика” деген сөздүн өзү өтө маанилүү мазмунга ээ болот” [97, 11-б.].

Ошол мезгилде эстетикалык тарбия боюнча композиторлор жана коомдук ишмерлер: Б.В. Асафьев [29], педагог: Б.Л. Яворский [166] ж.б. сабак беришкен. Белгилүү психолог-педагогдор: Л.С. Выготский [47], С.Л. Рубинштейн [129], Б.М. Теплов, М.П. Якобсон ж.б. эстетикалык тарбия берүүнүн советтик системасын түзүшкөн фундаменталдуу эмгектерди жаратышкан, кийинчерээк алар эл аралык мааниге ээ болгон.

Бул ысымдарды бирден атоо, “..тарыхта улуу таланттардын мындай топ жылдызы бирдиктүү педагогикалык ойго эч качан бириккен эмес” – деген азыркы изилдөөчүлөрдүн биринин тыянагынын чындыгын ырастоого мүмкүндүк берет [106, 8-б. ].

Эстетикалык тарбия берүүнүн системасынын концепциясын түзүүгө мүмкүн болгондугунун башкы себеби, өткөндүн теориялык жана практикалык мурастарын колдонууда турат. 1918-жылы агартуу иштери боюнча Мамлекеттик комиссия тарабынан кабыл алынган “ Бирдиктүү эмгек мектебинин негизги принциптери” анын курамдык бөлүгү болуп калды. Анда “эстетикалык предметтер – сүрөт, чаптоо (жабыштырып жасоо), ыр жана музыка мындан ары экинчи даражадагы, жашоонун кандайдыр бир сонундугу болуп саналбайт” деп белгиленген. Андан ары социалисттик коомдогу эстетикалык тарбияга жана анын функциясына так аныктама берилген: “эстетикалык тарбия берүү деп кандайдыр бир жөнөкөйлөштүрүлгөн балдар искусствосун окутууну эмес, сезим органдарын жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү системалуу өнүктүрүүнү түшүнүү керек. Бул сулуулукка ырахаттануу жана аны жаратуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтет.” [159, 200-с.].

А.С. Макаренко чөйрөнү эстетикалаштырууга өзгөчө көңүл бурган. “Жашоонун эстетикалык тарабына аяр мамиле жасабай коюуга болбойт. Костюмдун, бөлмөнүн, тепкичтин, станоктун эстетикасы жүрүм-турумдун эстетикасынан кем эмес мааниге ээ”, – деп эскерткен [99, 146-б]. Сулуулукту А.С. Макаренко жакшы уюшулган коллективден, анын адамдын мыкты сапаттары үчүн күрөшүнөн көргөн. Мындан ал “эстетикалуулук тартиптүүлүктүн акыркы кылдаттык менен иштелген иши” деп эсептеген [99, 147-б.].

Жогорудагы көйгөйлөр бүгүнкү күндө да толугу менен чечилген жок.

Өткөн кылымдын 20-30-жылдары аралыгында ар тараптуу, активдүү, өз алдынча өнүккөн инсанга, революциядан жаралган “жаңы” чыгармачыл, жигердүү, демилгелүү адамга “социалдык заказдын” толугу менен алынып ташталышы, эстетикалык тарбия берүүнүн бирдиктүү системасынын

кыйрашынын башкы жана аныктоочу себеби болуп саналат. Жогортодон болгон буйрукту талкуулабастан, кыңк дебестен аткарган адиске, элпек жана аткаруучу кызматкерге жаңы “заказ” келип чыккан. Өзүнө ыңгайлуу шарт талап кылбастан тескерисинче, мамлекет түзгөн шартка өзү ыңгайлашкан адам керек болгон. Тил алчаактык токтоолук катары, баш ийүү тартиптүүлүк катары трактовкаланган. Бир беткейлик, окшоштук, жана жүгүнүүчүлүк – биримдиктин, ынтымактын, катарды бузбай кадам таштоонун белгиси катары, туюндурулган.

1936-1939-жылдарга А.С. Макаренконун активдүү теориялык жана популярдуу ишмердүүлүгү таандык. Анткени ал Москвага көчүп келип коомчулукка жана педагогдорго дайыма лекция окуп, борбордук басмалардан макалалары жарыкка чыгып турган. Эстетикалык тарбияны үгүтөө А.С. Макаренконун ишинин маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Ал: “Жашоонун эстетикалык тарабына аяр мамиле жасабай коюуга болбойт. Биз, педагогдор, эстетикалык мамилебиз боюнча нигилизм менен көп учурда жабыркайбыз”,– деп эскерткен. Кесиптештерине кайрылуу менен, ал: “Сулуулукка умтулуу адамды маданиятка кайрып келе турган рычаг экендигин унутпагыла”, – деген аксиоманы эч качан эстен чыгарбагыла,”– деп чакырган [118, 93-б.].

1941-1945-жылдардагы Улуу Ата-Мекендик согуш элдик тарбия берүү менен агартууга, анын ичинде эстетикалык тарбияга олуттуу таасир калтырган жана анын позицияларын дагы катуу кысымга алган. Бирок белгилей кетчү нерсе, чындыгында, балдарга көркөм тарбия берүүнүн борбордук үйү 1942-жылдын оор күзүндө дагы балдар хорун түзүү менен өз ишин уланткан. Ага музыкалык жөндөмдүүлүктөрүнө карабастан бардык каалоочулар катышкан. Албетте, ал учурда коллективдин ишин олуттуу түрдө кайра багыттоого туура келген. Анткени, балдардын жардамына таянып Советтик Армиянын жоокерлери жана командирлерин концерттер менен камсыздоо, аларды искусствонун каражаттары аркылуу идеялык-патриоттукка тарбиялоо мүнөзүн алган.

Бир катар мектептерди жабуу жана эвакуациялоо, мугалимдердин олуттуу бөлүгүнүн аскерге кетиши, өспүрүмдөрдүн өндүрүшкө тартылышы, коргонуунун муктаждыктарына тарбия берүүнүн бардык системасын кайра багыттоо, өсүп келе жаткан муунга эстетикалык тарбия берүү тармагында аргасыз тынымга алып келди. Окуу планындагы көркөм циклдеги предметтердин ордуна коргонуу темасындагы жаңы предметтер киргизилди. Согуштан кийинки жылдары эстетикалык тарбия берүүнү кайра жаратууга болгон аракеттерге 50-жылдарда пайда болгон педагогикадагы технократтык тенденция тоскоол болду.

В.А. Сухомлинский сыяктуу ошол мезгилдин алдыңкы педагогдору менен маданият ишмерлери технократтык тенденцияга каршы чыгышкан. В.А. Сухомлинский өсүп келе жаткан муунга адеп-ахлактык жана эстетикалык тарбия берүүдөгү мүчүлүштүктөрдүн зыяндуулугу тууралуу алгачкылардан болуп тынчсыздангандыгын билдирген. Тарбия берүүнү технизациялоо жөнүндө “тамшануу менен айтпастан, тынчсыздануу менен айтуу керек” деп жазган. Ал: “Эгер тарбия берүү жакшырбаса, анда бизге мактаган математика, электроника жана космос далайды көргөзөт. Эч кандай математика, эч кандай эсептик машина кайдыгерликтин айынан өсүп келе жаткан муунга моралдык тарбия берүүдө биздин жоготкондорубузду алмаштыра албайт”, – деп даанышмандык менен эскерткен. Бул чакырык бүгүн да актуалдуу. Ал жаштардын арасындагы кылмыштуулуктун өсүп жаткандыгына өзгөчө көңүл буруу керектигин сунуштаган. Анын негизги себеби – эмоционалдык жана эстетикалык кополдук, ырайымсыздык, таш боордук, бардык жандуу жана сулуулукка көңүл кош кайдыгерлик”. В.А. Сухомлинский бул тенденцияларга карама-каршылыктын башкы каражатын эстетикалык тарбиядан көргөн: “Жан дүйнөгө өз алдынча тарбия берүүнүн башкы каражаты – сулуулук. Сулуулук кеңири мааниде – искусстводо да, музыкада да, жашоодо да адамдар менен болгон өз ара ысык мамиле” [145, 14-б.].

Бул идеяларды Павлыш орто мектебинде 1951-жылдын күзүндө башталган он жылдык экспериментине негиз кылган. Бул – балдарга

комплекстүү эстетикалык тарбия берүү боюнча көп эмгекти талап кылган иштин маанилүү жагы. В.А. Сухомлинский: “Балалыкта эмнеден куру калсак, анын ордун өспүрүм куракта да, чоң адам болгондо кайра толтурууга эч мүмкүн эмес. Бул эреже баланын жашоосунун бардык чөйрөсүнө, өзгөчө эстетикалык тарбияга таандык”, – деп баса белгилеген [145, 75-б.].

60-жылдары жалпы билим берүүчү мектептер үчүн музыка боюнча жаңы программаны түзүү жөнүндөгү СССРдин Композиторлор Союзунун идеясын агартуу органдары колдогон. Д.Б. Кабалевскийдин жетекчилиги менен иштелип чыккан музыка боюнча жаңы программа 1981-жылы жактырылган жана Россия Федерациясынын бардык мектептери үчүн милдеттүү түрдө бекитилген.

1970-жылдын башында Д.Б. Кабалевский жаңы программаны даярдоодо В.А. Сухомлинскийдин жардамына жана колдоосуна таянган. Жаңы программанын эпиграфына композитор-педагог: “Музыкалык тарбия – бул музыкантты тарбиялоо эмес, ал барыдан мурда адамды тарбиялоо”, – деген сөзүн тандап алган. Жаны программа мурдагыдан таптакыр башкача негизде курулган, автордун сөзү боюнча, “музыканын өзүнө гана окутуу эмес, музыка аркылуу окуучулардын рухий дүйнөсүнө, барыдан мурда алардын адеп-ахлагына таасир этүү” башкы милдет болгон.

70-80-жылдардагы коомдук пикир өлкөдө эстетикалык тарбия берүүнүн комплекстүү системасын түзүүнүн зарылдыгы идеясына көңүл бура баштаган, анткени ал калктын ар кыл катмарын камтымак жана бардык зарыл ресурстар менен камсыз болмок. Бул үчүн ар кыл коомдук жана мамлекеттик уюмдардын күчтөрүн бирдиктүү максатка бириктирүүгө жана багыттоого жөндөмдүү жалпы союздук программа талап кылынган. Өлкөнүн саясий турмушундагы өзгөрүүлөр, СССРдин кыйрашына алып келген бардык союздук республикалардын эгемендүүлүккө ээ болушу, белгиленгендерди ишке ашырууга мүмкүндүк берген жок.

Бирок, эстетикалык тарбия берүүнүн идеяларындагы жана уюштуруучу формаларындагы өткөндүн, бүгүнкүнүн жана келечектин диалогу, алардын гуманисттик биримдиги мыйзам ченемдүү. М. Блок: “Өткөндү билбөө

бүгүнкүнүн таанып билүүсүн гана зыянга учуратпастан, азыр жасалуучу аракеттердин бардыгына коркунуч жаратат”, – деп адилет белгилеген [40, 8-б.]. Тарыхый талдоо өткөндөн азыркы өнүгүүнүн башатын табууга, ырааттуулуктун диалектикасын жана эстетикалык тарбия берүүнүн проблемаларын чечүүдөгү жаңычылдыкты көрүүгө жардам берет жана бул негизде – жаңы коомдо республиканын шарттарында аны өнүктүрүүнүн милдеттери сунушталат, музыканын каражаттары аркылуу тарбия берүүнүн спецификалык өзгөчөлүктөрү көрсөтүлөт.

Ошентип, музыкалык каражаттарда эстетикалык тарбия берүүнүн өнүгүшүнө тарыхый талдоо, музыка – эмоционалдык-сезимдик искусство болуп эсептелерин, коомдун социалдык аспектилерин чагылдырарын көрсөтөт. Ошондуктан жаңы коомдун социалдык-экономикалык шарттары, инсанга тарбия берүүдө жана калыптандырууда чагылдырылат.

Коомдук өнүгүүнүн азыркы этабы маданий прогресс жана рухий жаңылануу процесстеринин активдешүүсү менен мүнөздөлөт. Адамдардын маданий деңгээли коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизи болуп саналат. Бул маданияттын өсүп жаткан ролун, өнүгүшүнүн ар кыл тарабына, анын ичинде музыкалык кабылдоого тарбия берүүгө, музыкалык маданиятка кызыгууга, ал үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө көңүл бурууну күчөтөт. Эстетикалык тарбия менен татаал, өтө зарыл техникалык, экономикалык маселелерди чечкенден кийин иш алып барса болот деп эсептеген учурлар өттү. Бүгүн экономика менен маданияттын параллель – жарыш аракет жасоо тенденциясы байкалат. Бул мыйзамченемдүү: педагогикалык идеялар өлкөнүн өнүгүшү менен бирге пайда болот жана өнүгөт. Педагогикалык илим көбүнчө эстетикалык тарбия берүүнүн ар түрдүү аспектилерин изилдөөгө кайрылат. Эстетикалык маданият, эстетикалык тарбия берүүнүн аспектилеринин бири болуп саналат. Анткени, инсандын руханий курулушунун фундаменти катары каралат. Адамдын рухий деңгээли менен анын коомго пайдалуулугунун ортосунда түзмө-түз көз карандылык бар. Ал

эми мектептеги эстетикалык тарбия берүүнүн деңгээли мугалимдин эстетикалык маданиятынын деңгээлинен көз каранды.

“Орус искусствосунун тарыхында” И.Э. Грабарь мынтип жазган: “Классика тарабынан бизге берилген улуу, чындыгында эле түбөлүктүү башталыштар адамзатты бир канча ирет жарга такалуудан сактап калды. Түпсүз туңгуюктардан, караңгы имараттардан жарыкка жана мейкиндикке бир канча ирет алып чыкты. Дүйнө алдыга карай жылуу үчүн жаңы аракет жасоодо күч-кубат алууга байыркы сулуулуктун, көркөмдүктүн казынасына дагы бир канча жолу кайрыла тургандыгынан эч күмөн болбош керек” [49, 538-б.].

Классикалык музыканын мурастарын өздөштүрбөй туруп, адамзаттын жалпы музыкалык маданиятына терең кирүүгө мүмкүн эмес. Анткени маданият – бул техника же илим гана эмес, ошондой эле сезимдин да маданияты.

Музыкалык маданият жөнүндө айтып жатып, аны музыкага кызыгууда, музыкалык табитте (эстетикалык критерийде), музыкалык билимдерде, көндүмдөрдө, музыканы түшүнүү, ой-толгоо жана сын көз менен баалоо жөндөмдүүлүгүндө байкалуучу инсандын адамдык сапатынын жыйынды – синтези деп айтууга болот.

Музыкалык маданият адамдын жан дүйнөсү менен бирге калыптанат. Ал музыкалык кабылдоонун жана түшүнүүнүн улам жаңы чектерин кучагына алуу менен ар дайым өнүгүүнүн үстүндө болот жана бул аркылуу инсандын руханий дүйнөсүн байытат. Бул процесс адамдын дүйнө таанымы менен байланыштуу болгондуктан аны коштоп өмүр бою жүрүп олтурат. Музыкалык маданиятты ашкере күчөтүүгө, тездетүүгө болгон иш аракеттер аянычтуу аякташы мүмкүн. Мындай көрүнүштөрдүн коркунучтуулугу тууралуу өз кезегинде Г. Тарасов: “Педагогдор индивиддин жекече жашоосунан абдан алыс турган тышкы баалуулуктарды ага дароо көчүрүп, аларды инсандын ички ченемдик баалулуктарына айлантууга аракет кылышат. Бирок мындай тактика тартылууга үндөгөн начар потенциал болуп саналат. Тескерисинче ал тез эле таркоочу, үстүрт жана жасалма кызыгууга алып келет. Мындай шартта индивиддин маданият менен болгон байланышы чектелүү мүнөзгө ээ

болгондуктан толук кандуу өнүгүүгө муктаж инсан маданияттан аргасыз четте калат”, – деп белгилеген [145, 12-б.].

Ал эми ар бир элдин улуттук маданияты ошол элдин келечек муундары үчүн сырткы таасирлерден «сактоочу калкан» катары кызмат кылары чындык. Бала туулгандан өз улутунун рухий дүйнөсүнүн таасирине чөмүлүп, өзүнө толук синирип алгандан кийин, сырткы чөйрөдөн каптап келген ар кандай маданий агымдардан өзүнө керектүүсүн гана сиңирип, туура келбегендерин сыртка кагуу жөндөмдүүлүгүнө жетише алат.

К.Д. Ушинский: «…Ар бир улуттун тарбия берүүчүлүк идеялары ошончолук, аларды бөтөн кыртышка көчүрө салуу жеңил-желпи иш эмес. Калктын өзүндө жаралып, өз башатынан өзөк алган тарбиянын таасири дарексиз идеяларга жык толгон же бөтөн калктардан алынган тарбиялык көз караштарга салыштырмалуу эбегейсиз күчкө ээ болот», – деп баса белгилеген [149, 488-б.].

Совет бийлигинин орношу менен кыргыз салттуу музыкалык маданиятында орчундуу өзгөрүүлөр башталган. Анын жаралуу процессине П.Ф. Шубин, В.А. Власов, В.Г. Фере, М.Р. Раухвергер, С.Л. Германов, Г.Г. Окуневдер салымдарын кошушкан. Алар жаңы салттагы кыргыз профессионалдык музыкалык искусствосунун биринчи үлгүлөрүнүн жаралышына түрткү болушкан жана таланттуу кыргыз музыканттары менен кызматташтыкта XX кылымдын жетишкендиктери, классикалык, дүйнөлүк музыкалык маданияттын тажрыйбалары менен элдик чыгармачылыктын байлыгын синтездөөнүн практикалык жолдорун өздөштүрүшкөн.

XX кылымдын 50-жылдары кыргыз музыкалык маданиятына жаңы этапты ачат. Улуттук жаш композиторлордун мууну келди. Россия консерваторияларында билим алышкан музыканттар Кыргызстандын профессионалдык искусствосунун өнүгүшүн андан ары улантышты. Ар түрдүү музыкалык жанрдагы чыгармаларды жаратууга С. Медетов, М. Абдраев, А. Түлеев, Н. Давлесов, К. Молдобасанов, Т. Эрматов, А. Жаныбековдор ж.б.

киришишкен. Улуттук искусство жаңы ырлар, кантаталар, ораториялар, сонаталар, квартеттер менен байыган.

Кыргыз музыкасы бүгүн бул музыкалык маданияттын өзүнчө бир бутагы. Салыштырмалуу кыска убакыттын аралыгында ал элдик ырдан музыкалык татаал формалар менен жанрлардын жогорку профессионалдык чыгармаларына чейин өсүп жетти.

60-жылдардын аягынан кыргыз музыкасын өнүктүрүүгө кыргыз композиторлорунун төмөндөгү мууну активдүү киришкен: Ж. Малдыбаева, С. Осмонов, М. Бурштин, А. Мурзабаев, В. Роман ж.б. Алардын чыгармачылыгы бүгүнкү күндүн окуяларын жана фактыларын чагылдырууга багытталган музыкалык тилди андан ары өнүктүрүү, образдык курулушту кеңейтүү жана тереңдетүү жөнүндө олуттуу кеп кылууга мүмкүндүк берет.

Учурда улуттук музыканын стилдик багыттары алмашууда, XX кылымдын музыкалык искусствосунун атактуу өкүлдөрүнүн жетишкендиктери улам активдүү өздөштүрүлүүдө. Мунун бардыгы азыркы кыргыз музыкасынын, драматургиясынын обонунда, ыргагында, гармониялык тилинде жана чыгармалардын түзүлүшүндө жаңы белгилердин пайда болушуна алып келет.

Мектептеги музыка предмети эстетикалык тарбия берүүнүн алкагындагы негизги сабактардын бири болуп саналат. Жалпы билим берүүчү мектептеги музыкалык окутуунун максаты “окуучулардын ар тараптан гармониялуу өнүгүшүнүн, рухий маданиятынын маанилүү жана ажырагыс бөлүгү болуп эсептелип, алардын музыкалык маданиятын калыптандыруу катары аныкталат” [67, 3-б.].

Ал эми Кыргызстанда музыкалык тарбия берүүнүн тарыхына кайрыла турган болсок негизинен Совет дооруна туш келип кыска жана натыйжалуу мезгилди башынан өткөрдү. Октябрь революциясынан кийинки алгачкы жылдарда түздөн түз музыкалык тарбия берүү же музыка сабагын окутуу боюнча маселе каралбаса да жалпы элдин маданиятын анын ичинде эстетикалык тарбияны көтөрүү боюнча айрым иш пландар кабыл алына баштаган.

Алгачкы 1923/24-окуу жылында музыка окуу предмети мектеп программасында жок экендиги, ошол жылдардагы Кыргызстандагы мектептер жөнүндөгү адабияттарды изилдөөнүн негизинде белгилүү. Көрсөтүлгөн мезгилде мектептердин иши жөнүндөгү докладдарда ыр сабагы жөнүндө эскерүүлөр кездешпейт, бирок музыкалык ийримдер жөнүндө сөз болот.

Бул мезгилдерде Кыргызстандын мектептерине комплекстүү программа киргизилет, турмуш менен мектепти байланыштыруу, алынган билимди күнүмдүк практикада окуучулардын колдонуусу анын негизги идеясы болгон. Түзүүчүлөр "маданияттуу жашоо үчүн зарылдыктан келип чыккан билимдер менен көндүмдөрдүн топтолгон суммасын балдарга берүүнүн" зарылдыгын негизге алышкан. Маселен, класстан тышкаркы иште "жазгы иштерди пландоо, декломацияларды, ырларды 1-Май майрамына даярдоо" сунушталган. Мугалим жаратылышты окутууну пландоо менен, маданий турмуштун иш чарасын белгилеши керек болгон (мисалы, "жаратылыш жөнүндөгү жана туулган жер, Мекен жөнүндөгү ырларды ырдоо" ж.б. ).

Ошентип, өзүнчө предмет катары музыка окуу планына жана программасына кирген эмес. Андыктан музыка тарбия берүүчүлүк, тарбиялык мүнөздү эмес, көңүл ачуучу мүнөздү алып жүргөн, майрамдарды, ар кандай оюн-зооктуу иш чараларды жана чогулуштарды өткөрүүдө колдонулган.

1928-жылдан баштап, кыргыз элдик аспаптарды үйрөнүү, алардын оозеки түрүнөн жазуу түрүнө өтүүсү жаңы багытта калыптануу жана өнүгүү жолуна түштү. Ушул жылы Кыргыз АССРинин Эл агартуу комиссариатынын чакыруусу боюнча борбор шаарыбызга Москвадан келген белгилүү музыка изилдөөчү, фольклорчу этнограф А. Затаевич Токтогул, Муратаалы, Карамолдо, Ыбырай, Атай, Калык, Адамкалый, Саид сыяктуу залкар музыкант-аткаруучулардан кыргыз элдик обон-күүлөрүнүн 250 үлгүсүн жазып алып, нотага түшүрөт [60, 32-б.].

Ал эмгеги 1934-жылы Москвада "Кыргыздын 250 аспаптык күүлөрү жана обондору" деген ат менен басмадан жарыкка чыгат [17, 133-б.].

Кыргыздардын аспаптык музыкасынын байлыгына жана өзгөчөлүгүнө суктанган А. Затаевич: “Кыргыз музыкасынын тартуу күчү абдан баалуу, олуттуу жана өзгөчө. Бул элдин жалпы музыкалык бай казынасынын берери көп, ал ырлардан (обондордон) гана эмес, элдик аспаптар үчүн (күү) пьесалардан да турат”, – деп жазган [60, 4-б.].

1928-жылы, Кыргызстанга таланттуу дирижер жана композитор П.Ф. Шубин келет. Ал театралдык студиянын жана улуттук музыкалык маданияттын өнүп-өсүшүнө зор салым кошот. 1929-жылы Борбордук хроникалдуу-документалдык киностудия чыгарган “Союз кино” аттуу журналына алгачкы жолу кыргыз комузчулар ансамбли тартылып, көрүүчүлөргө тааныштырылат.

1932-жылы Кыргыз АССринде “Башталгыч, орто мектептердеги программа жана режим жөнүндө” чечим кабыл алынган. Бул планда орто мектептер үчүн окуу программаларындагы көрсөтүлгөн кемчиликтерди жоюу аныкталган жана окуучуларга музыкалык тарбия берүүнүн максаттары менен милдеттери так коюлган: музыканын турмуш, мектептин иши менен байланышы, бардык окуучуларды ар тараптуу музыкалык өнүктүрүү аркылуу классикалык мурастарга, элдик музыканын бай мурастарына ээ кылуу, жалпы элдин музыкалык маданиятынын жогорулашына жардам көрсөтүү. Бул чечимге ылайык Кыргызстанда окуу-методикалык иштерди уюштуруу активдеше баштаган: окуу китептери, окуу-методикалык куралдар жазылган. “Музыка” предмети жумасына 1 жолу өтүлүүсүн белгилеген жаңы окуу планы бекитилген [33, 25 б.].

1935-жылы кыргыз элдик музыкалык аспаптарын өркүндөтүү максатында Кыргыз театрынын алдында атайын өнөркана ачылган.

1936-жылы март айында БКП(б) Кыргыз обкомунда “Айылдагы маданий иштердин абалы жөнүндө” маселелер каралып, анда клубдарда, кызыл үйлөрдө, адабий-музыкалык ийримдерди уюштуруу, элдик таланттуу музыканттарды тартуу, аларды элдик музыкалык аспаптар менен камсыз кылуу, мыкты музыкалык чыгармаларга кароо-сынак (конкурс) жарыялоо, элдик музыкалык

аспаптарды (комуз, кыл кыяк, темир ооз комуз, чоор ж.б. ) жасап чыгарууну ишке ашыруу иш пландары каралат [17, 137-б.].

1936-жылы Кыргыз АССР советтеринин IV съездинин токтомдорун иш жүзүнө ашыруу үчүн, Кыргыз драма театры – Мамлекеттик музыкалуу-драмалык театрга айланат. Театрдын алдында ушул эле жылы алгачкы жолу улуттук эл аспаптар оркестри уюштурулуп, октябрь айында Кыргыз филармониясы ачылат [17, 138-б.].

Музыкалык тарбия берүү тармагында 1937-жылы А. Малдыбаев тарабынан түзүлгөн балдар үчүн “Ырлар” китеби жарыкка чыккан [100, 38-б.].

1939-жылы Ш. Орозов тарабынан түзүлгөн “Музыкалык сабат” китеби жарык көрөт. Теориялык материалды бекемдөө үчүн анда мисалдар катары кыргыз элдик ырлары жана обондору, А. Малдыбаевдин ырлары пайдаланылган. Баш сөзүндө В. Целиковский бул эмгек – ноталык сабаттуулук жана музыка боюнча кыргыз тилиндеги жарык көргөн алгачкы окуу китеби экендигин белгилейт. Ал орто мектептерде, техникумдарда окугандарга, өздүк көркөм чыгармчылыктын катышуучуларына, актерлерго, жалпы эле музыка менен алектенгендерге арналган.

1939-жыл кыргыз музыкалык маданиятынын Москвада өткөн он күндүк декадасынын ийгиликтери менен тарыхта калды. Декадага кыргыз музыкалык маданиятынын көрүнүктүү өкүлдөрү, залкар таланттар өздөрүнүн чыгармачылыгын ал кездеги Совет мамлекетинин борборунда даңазалашты [17, 146-б.].

Кыргыз ССРинде 1950-жылдардын 2-жарымынан баштап окуп жаткан жаштарга массалык түрдө эстетикалык тарбия берүү маселелерине көңүл бөлүнө башталгандыгы байкалат. Кыргызстандын Коммунисттик партиясы жана Кыргыз ССР Министрлер Совети “Республиканын мектептеринде музыкалык билим берүүнү жакшыртуу тууралуу” (1957-ж.) токтомду кабыл алышкан, анда педагогикалык жогорку жана орто билим берүүчү окуу жайларында музыка мугалимдерин даярдай турган атайын бөлүмдөрдү ачуу зарылдыгы баса белгиленген. Токтомдо республиканын педагогикалык жогорку

окуу жайларында музыкалык-педагогикалык факультеттерди, музыкалык-педагогикалык окуу жайды (1966-ж.), Ош педагогикалык окуу жайынын музыкалык бөлүмүн уюштуруунун жана иштетүүнүн шарттары (1958-ж.) каралат [33, 25-б.].

Аталган токтомдун негизинде 1958-жылы ал кездеги В.В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун курамында музыкалык-педагогикалык факультети уюштурулган. Факультеттин музыка кафедрасы алгачкы музыка мугалимдерин даярдоону баштаган.

1957-жылы Н.С. Борзунов тарабынан түзүлгөн ырдоо боюнча программа жарык көргөн. Анда окуучулардын музыкалык кругозорун, алган билимдеринин негизинде өнүктүрө турган окуу процессин уюштуруу сунушталган. Бул үчүн автор музыкалык сабаттулук жана хордук ырдоо менен катар музыкалык чыгармаларды бир нече ирет угууну сунуштайт. Уктуруу үчүн музыкалык материал – бул советтик композиторлордун чыгармалары, элдик чыгармачылык, негизинен, элдик ырлар жана акындардын ырлары, классик-композиторлордун чыгармалары. Кругозорду кеңейтүү, чыгармачылык дүйнө таанымды байытуу, музыканы уга билүүнү жана ага болгон сүйүүнү окуучуларда калыптандыруу – окутуунун бул талаптары “Угуу” бөлүмүнө тиешелүү болгон.

Кыргыз тилдүү мектептер үчүн “Музыка жана ыр” предемети боюнча атайын программаларды түзүү, ушул эле 60-жылдардан башталды. Орус тилдүү мектептерде 90-жылдарга чейин СССРдин Педагогикалык илимдер академиясынын көркөм тарбия боюнча Илим изилдөө институтунда кабыл алынган жалпы союздук программа катары колдонулган.

1961-жылы Кыргызстан Композиторлор союзунун III, 1967-жылы IV съезди өткөрүлөт [79, 295-б.]. Бул учурда өткөн этаптарга салыштырмалуу музыкалык билим берүү системасына өзгөчө көңүл бурулуп, жолго коюлгандыгы менен мүнөздөлөт. Мында аспаптык аткруучулук өнөргө окутууда, сабак өтүүнүн ыкмаларынын, методикаларынын жакшыртылуусуна, көркөм, музыкалык жана ноталык адабияттарынын жогорку сапатта болуусуна

алгачкы кадамдар ташталат. Бирок аспаптык аткаруучулукка ойноого окутуу орус жана Европалык (балалайка, гитара, скрипка, флейта, гобой, кларнет ж.б.) өздөштүрүү менен чектелет. Аспаптык аткаруучулук чеберчиликтин өсүшүнө, ошондой эле жекече, ансамблдик, оркестрдик аткаруучулук өнүгүүсүнө зор маани берилет.

Комуз аспабын модернизациялоо боюнча аткарылган иштерде анын улуттук өзгөчөлүгүнө олуттуу доо кетип, балалайканын көчүрмөсү катары түргө келтирилет. Бирок айрым кемчиликтерди эске албаганда искусство тармагында олутуу өзгөрүүлөр болуп, композитордук музыканын өнүгүшү кенен арыш ала баштайт.

XX кылымдын экинчи жарымында маданият, билим берүү багытында аткарылып жаткан иш аракеттерге карабастан союздук республикалардын курамында жашаган улуттардын элдик салттуу маданияттарынын катарында кыргыз элинин аспаптык аткаруучулук өнөрлөрүнүн өсүп-өнүгүүсүнө да жетишердик көңүл бөлүнбөй калган. Ошентсе да эл ичинен чыккан таланттуу музыкант аткаруучулар салттуу аспаптарды унутта калтырбай, алардын жашап кетүүсү үчүн эмгектерин арнап, аспаптык аткаруучулук өнөрүн эл ичинде сактап калууга жана андан ары өнүктүрүүгө салымдарын кошушту. Алар аткаруучу-педагог катары эмгектенүү менен комуз аспабын окутуу боюнча көп иш аракеттерди жасашты.

СССРдин Педагогикалык илимдер академиясынын демилгеси боюнча 1970-жылдары жалпы билим берүүчү мектептердин башталгыч класстарында эстетикалык предметтердин түрмөгү боюнча иштер башталган. Бул программанын музыкалык аспектисин Б.Д. Кабалевский башында турган лаборатория иштеп чыккан. Сабактык материал боюнча ноталык хрестоматияны камтыган, сунушталган чыгармалардын жазмасы менен фонохрестоматиялар чыгарылган [69, 64 –б.].

1973-жылдын сентябрында Д.Б. Кабалевский менен Э.Б. Абдуллин Москванын №209 мектебинде эксперимент башташкан. Алар менен бирге өлкөнүн башка шаарларында дагы 20 мугалим ишке киришкен. 1974-жылдын

5-январында “Мугалимдер газетасы” (“Учительская газета”) Д.Б. Кабалевскийдин “Мектептеги музыка” макаласын басып чыгарат. Анда башталган эксперименттин негизги идеялары берилген. 1974-жылы мугалим-экспериментаторлордун курамы 50 адамга чейин көбөйгөн. 1975-жылы 90 адамга жеткен. Экспериментке катышуу өз ыктыяры менен болгон. Педагогика илим изилдөө институтунун расмий уруксаты жок эле эксперименталдык программа боюнча сабак өткөн мугалимдер да болгон.

Эксперименттин натыйжаларын карап чыккандан кийин, текшерүүнүн жыйынтыктары оң жакка чечилген, 1979-жылы 1-3- класстар үчүн программа, ал эми 1981-жылы IV-VII класстар үчүн программа бекитилген [33, 25-б.].

Бул программалар музыкалык тарбия берүүдө оң роль ойногон. Предметтин өзүнө кызыгуу арткан, мектептерде музыка мугалимдеринин саны өскөн, көптөгөн мектептерде атайын жабдылган музыкалык кабинеттер пайда болгон, бардык институттарда мугалимдерди өркүндөтүү балдарга музыкалык тарбия берүү боюнча методисттин штаттык кызмат орду кирген.

Эксперименттин маанилүү өзгөчөлүгү башынан баштап мугалимдердин чыгармачылыгына таянууну сунуштоо болгон. Д.Б. Кабалевский белгилегендей: “Сабактын негизги темасына сабактын материалынын туура келиши, көркөм-методикалык даражалары окшош болгон бир чыгарманы экинчиси менен эркин алмаштырууга мугалимге мүмкүнчүлүк берет. Мугалимдин билими менен тажрыйбасы программадагы көрсөтүлгөндөрдүн ордуна сабакта кандай чыгармаларды пайдалана аларын белгилейт. Ал мындай өзгөрүүлөрдөн коркпошу керек: “качан болбосун методикадагы штамптуулук жаман, ал эми искусствого келгенде ал өзгөчө жаман, жада калса, коркунучтуу” [66, 11-б.].

Акыркы жылдары бул программанын айланасында талаш-тартыштар болууда. Мугалим-практиктердин пикирлери ажырымдалды. Д.Б. Кабалевскийдин идеяларын колдогондор менен катар, ага сын көз менен карагандар пайда болду. Программага коюлган сындар төмөндөгүлөргө алып барат. Мисалы: А.О. Апраксина программанын баа-баркы өтө жогорулатылган,

чындап келгенде бул программа деле эмес деп белгилейт. Анткени, ал өнүгүүнүн негизги багыттарын – окуучунун музыкалык өнүгүүсүнүн системалуулугун аныктабайт. “Бул болгону сабактар боюнча иштелмелер гана, аны бардык мектептер көз жумду көчүрүп албоосу керек” [22, 62-б.]. Программа ошондой эле мектеп окуучуларынын курактык өзгөчөлүктөрүн да эске албайт. Бул тууралуу А.О. Апраксина: “Сабакты окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүнө карата, музыкалык ишкердүүлүктүн ар кандай түрлөрү менен формаларын комплекстүү айкалыштыруу менен чыгармачыл, ийкемдүү куруш керек. Программанын кемчиликтеринин узак убакыттар бою жоюлбагандыгы, программа жана окуу китептеринин жаңыланбагандыгы, ал ондогон жылдар мектептердин бардык тиби үчүн жалгыз болгондугунан ошол акыбалда калды. Д.Б. Кабалевскийдин программасы башкы максатка – окуучулардын музыкалык-эстетикалык маданиятын тарбиялоого жетүүчү жалгыз гана жол болбошу керек”, – деп акыйкат белгилейт [22, 63-б.]

Кыргызстанда Д.Б. Кабалевскийдин программасын адаптациялоо боюнча иштер жүргүзүлүп, аны 80-жылдары эки коллектив ишке ашыра баштаган.

Биринчи шартта программа кыргыз тилине которулган жана орус жана Батыш репертуарларын кыскартуунун эсебинен кыргыз элдик жана профессионал музыкасы менен толукталган. Автор-иштеп чыгуучулардын группасына мугалим-практиктер, окутуучулар, методисттер жана композиторлор: Н. Давлесов, Б. Малдыбаев, Т. Койгелдиева, И. Рыспаев, Ш.Турдумамбетова, Ө.Абдылдаевдер кирген [127, 104-б.].

Д.Б. Кабалевскийдин программасына негизделген методикалык сунуштар иштелип чыккан жана 1-4-класстардын ноталык хрестоматиясы түзүлгөн. Алардын авторлору: Б. Малдыбаев – 1-класс, Н. Давлесов – 2-класс, Т. Койгелдиева – 3-класс, Н. Давлесов, Т. Койгелдиева, И. Рыспаев, Ш. Турдумамбетова, О. Абдылдаев – 4-класс [109].

1986-жылы педагогика илимдеринин кандидаты А.Т. Арзыкулова жана №28 мектептин методист мугалими, педагогика илимдеринин кандидаты А. Сахарова кыргыз элдик жана профессионалдык музыкасын орус тилдүү

жалпы билим берүүчү мектептердин музыка сабагына киргизүү боюнча ишке киришишкен. 1989-жылы алар сунуштаган программа жалпы Союздук программага тиркеме катары жарык көргөн.

Ушул эле учурда айрым чыгармачыл коллективдердин жана музыка мугалимдеринин альтернативалуу жекече варианттары иштелип чыккан.

1987-1989-жж. Кыргыз ССР Агартуу министрлигинин Коллегиясы жана Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Президиумунун биргелешкен токтому менен Ысык-Көл облусунун Тоң айылынын мектебинде Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти А.А. Салиевдин жетекчилигинде иштелип чыккан, музыканы окутуунун кеңейтилген программасы эксперименталдык тартипте практикага киргизилген.

Ал программанын маңызы, музыка эстетикалык түрмөктүн негизги предметтеринин бири катары маанилүү орунду ээлегендигинде жана аны окуп-үйрөнүүгө мектепте жумасына 4-5 саат бөлүнгөндүгүндө турат. Музыкалык сабактардын блогу өзүнө милдеттүү предметтерди – хордук ырдоону, сольфеджиону, музыкалык адабиятты, музыканын элементардык теориясын, полифонияны, ошондой эле Европалык ар кыл аспаптарда (фортепиано, гитара, скрипка, флейта, баян) жана элдик аспаптарда (комуз, темир комуз) ойноого таланттуу балдар үчүн жекече сабактарды камтыйт. А.А. Салиевдин белгилөөсү боюнча, айылдык жалпы билим берүүчү мектептердин кеңири тармагына киргизүүгө жана жайылтууга эсептелгендиги – бул программанын маанилүү аспектилеринин бири болуп саналат.

1990-жылы А.А. Салиевдин группасы Ак-Суу районунун Кереге-Таш жана Ак-Суу районунун мектептери үчүн программанын вариантын иштеп чыккан. Бул мектептер кеңейтилген эстетикалык цикл менен жалпы билим берүүчүлүктү өзүнө камтыйт. Эстетикалык сабактар боюнча окуу планы менен программасынын негизине балдар музыкалык мектебинин жалпы союздук программалары салынган. Бул алардын кичинекей бөлүгү гана кыргыз музыкасы менен толукталгандыгын түшүндүрөт.

Жалпы билим берүүчү система бериши керек болгон музыкалык тарбия берүүнүн негизги максаты – музыкалык ааламга балдарды тартуу, бул искусствону түшүнүүгө жана сүйүүгө балдарды үйрөтүү, рухий маданияттын орчундуу бөлүгү катары музыкалык маданиятты алардын жан дүйнөсүндө калыптандыруу.

Учурда Республикабыздын билим берүү системасынын бардык тармактарында жогоруда келтирилген программа, мыйзамдарга ылайык иш жүргүзүлүп, жаш муундарга билим-тарбия берүү иштери өз жолун улап келет. Бул багытта Д.Б. Кабалевский мындай деп айткан: «Искусствонун адам турмушунда, өзгөчө жаштардын турмушуна тийгизген таасиринин баа-баркы ченемсиз. Ал адамды турмушка даярдоочу катары кызмат кылат. Адам, өмүрүндөгү достук, сүйүү, кыйынчылык, кайгы, кубаныч менен алгачкы жолу көпчүлүк учурда көркөм адабият беттеринен, кино экрандан, музыкада же болбосо театр сахналарынан жолугушуп, андан кийин жашоодо бет келишет. Мына ошол учурда кыз баланын же жигиттинби алгачкы кадамы анын буга чейинки кинодон көрүп, китептен окуп, музыкадан укканына жараша болору шексиз» [67, 118-119-бб.].

Элибиз эгемендүүлүккө жеткен XX кылымдын 90-жылдарынан баштап кайрадан улуттук каада-салт, адеп-ахлак, маданият, тарых, тили-дилибизге өз баасын берүүгө ыңгайлуу шарт түзүлдү. Бул багытта мамлекеттик деңгээлде программалар кабыл алынып, жаш муундарды тарбиялоо жана алдынкы билим-илимге умтулууга мезгил талабына ылайык иш чаралар көрүлүүдө. Мындай программаларды атай кетсек: «1995-жылы кабыл алынган «XXI кылымдын кадрлары», 1996-жылы кабыл алынган улуттук билим берүүнүн негизги багыттарын белгилеген «Билим» программасы, 2003-жылда кабыл алынган КР «Билим берүү жөнүндө мыйзам» 2007, 2013, 2016, 2017-жылдардагы жаңы редакцияланыштары менен, ж.б. мамлекеттик документтер [59]. Жалпы билим берүүчү орто мектептер үчүн Кыргыз Билим берүү Академиясы тарабынан 2015, 2017, 2018-жылдары 1 – 7-класстар үчүн музыка сабагынын программасы авт Ж. Дуйшеналиев, М. Касейлер тарабынан иштелип чыгып, пайдаланылууга

берилди. 2018-жылы 5-6-класстын музыка сабагын окутуу программасы жана музыка китептери А. Муратова жана К. Артыковдор тарабынан жазылып жарыкка чыкты. Учурда аталган окуу китептери мектептерде окутулууда.

### 1.2. Комуз күүлөрү – эстетикалык тарбия берүүнүн каражаты катарында

Музыкалык тарбия берүү, эстетикалык тарбия берүүнүн составдык бөлүгү болуп саналат. Анын мааниси, бүгүнкү күндө өсүп жаткан муундарда адеп-ахлактык, этикалык сапаттарды калыптандырууга жана өнүктүрүүгө жардам берүүдө турат.

Жалпыга белгилүү болгондой, бүтүндөй искусство – коомдук аң-сезимдин сергек формаларынын бири. Булардын арасында музыка өзгөчө мүмкүнчүлүктөргө ээ. Бул тилди – музыкалык тилди туура түшүнүүгө адамды болушунча эрте үйрөтүү – эстетикалык тарбия берүүнүн милдеттеринин бири.

Социалдык-адеп-ахлактык идеяларды ишке ашыруучу музыка менен олуттуу байланыш жасоо аркылуу, адам өз рухий дүйнөсүнүн компоненттерине анын аздыр-көптүр таасирин сезет.

Азыркы музыкалык-педагогикалык илимде жогорку окуу жайларынын көркөм билим берүү факультеттеринин студенттерин негизги музыкалык аспап класстарында даярдоо боюнча бир топ эмгектер иштелип чыккан. Авторлор тарабынан аспаптык класста студенттер менен иштөөнүн формалары жана методдору боюнча бир катар илимий негиздемелер берилген. Э.Б. Абдулиндин [2], О.А. Апраксинанын [22], Б.Ф. Асафьевдин [29], Д.Б. Кабалевскийдин [67], Л.А. Рапацкаянын [125], Д.Б. Г.М. Цыпиндин [154] изилдөөлөрүндө жалпы билим берүүчү мектептин музыка мугалимдеринин адистигинин мазмуну аныкталган. Өздөрүнүн эмгектеринде окумуштуулар окуучулардын музыкалык маданиятын, алардын ар тараптуу өнүгүшүн тарбиялоо, аларды музыкалык чыгармачылыктын ажайып дүйнөсүнө тартуу үчүн музыка мугалимине зарыл кесиптик компоненттерди, инсандык сапаттарды калыптандыруунун жана уюштуруунун теориясын иштеп чыгышкан.

“Музыка мугалимдерин кесиптик-педагогикалык даярдоонун теориялык негиздери”, “Кесибим – музыка мугалими” сыяктуу фундаменталдык эмгектердин автору Л.Г. Арчажникова музыкалык-педагогикалык факультетте аспаптык аткаруучулук ишкердүүлүктүн ыкмаларына ээ болуу жалпы билим берүүчү мектептин мугалими кесибинин спецификалык өзгөчөлүгү менен шартталгандыгын белгилейт.

“Мугалим аткаруучу катары чыгуу менен, музыканы туура түшүнүүгө жана баалоого балдарга жардам берет, аларды өз сезимдерин башкарууга үйрөтөт. Бул абдан маанилүү, анткени кургак сөздөргө караганда музыка аркылуу көп нерсени айтууга, ишендирүүгө болот” [27, 37-б.].

“Кесибим – музыка мугалими” китебинде автор музыка мугалиминин профессиограммасын аныктайт, музыка мугалиминин ишинде зарыл педагог-музыканттын кесиптик жана инсандык сапаттарын, музыкалык-педагогикалык ишкердүүлүгүн үлгүгө салат [27, 111-б.].

Негизги аспап боюнча даярдык болочок музыка мугалиминин практикалык ишкердүүлүгүнүн маанилүү учуру болуп саналат: музыка мугалиминин кесиптик компетенттүүлүккө ээ болушу музыкалык аспапты өздөштүрүүсүнө түздөн-түз байланыштуу. “.Эгер тигил же бул формадагы музыкалык аспапты жакшы деңгээлде ойнотууну үйрөтүүгө көңүл бурулбаса, анда кайсы гана адистиктин болбосун (композитор же теоретик-музыка таануучу, ырчы же оркестр музыканты) музыкант-профессионалды чыныгы квалификациялык даярдоо реалдуу болбойт [125, 61-б.].

Музыкалык элдик маданият башат катары эсептелип, өсүп келе жаткан муундар андан мыктыларын тандап алып, өз келечектерин курууга пайдаланышат. Коомчулуктун билим берүү процессин анын ичинде элдик аспаптык музыканы үйрөтүүнү элдин көп кылымдык тажрыйбасына таянуу менен чечүүсү, учурдун абдан актуалдуу маселеси болуп саналат. Музыка байыртадан эле адамдын асыл сапаттарын калыптандыруунун алмашкыс каражаты катары эсептелген. Азыркы илимий изилдөөлөр инсандын руханий

өнүгүүсүндө анын музыкалык жактан өнүгүүсү эч нерсе менен теңдешкис таасир бере аларын далилдеди.

Музыка изилдөөчү В. Виноградов белгилегендей: Кыргыз комуз күүлөрүнүн 90% га жакыны программалуу келет [44, 153-б.]. Программалуу дегенибиз күүнүн кандайдыр бир окуяга байланышы же тарых-таржымалы бар дегендик. Ошондуктан ар бир күүнү ойноордон мурда элдик салт болуп келген анын таржымалын айтып, анан чертүү салтын окуу процессине киргизүү – биздин максаттардын негизгиси. Анткени күү жөнүндө кандайдыр бир оозеки маалымат алган жаш муундар үчүн анын таасири күчөп, күүнү угуу менен ал жөнүндө алынган маалымат боюнча элестүү окуя, угуучунун аң сезимине өз таасирин калтырат.

Зарыл болгон инсандык жана профессионалдык сапаттарды студенттерде калыптандыруу жана жакшыртуу максатында, көркөм билим берүү факультеттеринин негизги аспап комуз класстарында окуу процессинде кыргыз салттык музыкасынын эстетикалык тарбия берүүчүлүк, потенциалын ачып көрсөтүүгө аракеттер жасалууда.

Музыка мугалими өзүнүн аткаруусунда залкар комузчулардын чыгармаларынын образдуу мазмунун угуучуга жеткириши керек. Мында балдарга музыка, күү жөнүндө айтып берүүдө чыгарма ачык жана ишенимдүү, жандуу жана кызыктуу болуш үчүн комуз ойноодогу техникалык татаалдыктарды чеберчиликти жогорулатуу аркылуу жеңүү зарыл.

Комузчу-педагогдун өздүк репертуарына болочок музыка мугалимдеринин эстетикалык көз караштарын тарбиялоодогу башкы роль таандык. Көркөм ой чабыттарына жетишүүгө жана аткаруучулук менен ишке ашырууга багытталган музыкалык чыгармаларды изилдөө, студенттерде жалаң эле аткаруучулук ыкмаларды өнүктүрүүнү эмес, барыдан мурда алардагы көркөм табитти, идеялык жана адептик мүнөздү калыптандырууну өзүнүн өзгөрүлгүс максаты кылып коёт. “Өзгөчө көрүнүш катары калыптанган педагогикалык репертуар, музыкалык искусстводо жүрүп турган жалпы процесстерден көз каранды. Ал коомдук турмуштагы эстетикалык көз караштар

менен методикалык көрсөтмөлөр аркылуу аныкталат”, – деп жазат Е. Минаев [106, 2-б.].

Азыркы педагогикалык репертуардын курамы окуучулардын рухий дүйнөсүнө, музыканын таасиринин тарбия берүүчүлүк маанисине карап ыңгайлашкан. Жекече репертуарды тандоо педагогикалык максатка ылайык – эң башкысы музыканттын жан дүйнөсүн ар тараптан өнүктүрүү максатында, адистикке байланыштуу компетенттүүлүгүн өстүрүү зарылдыгы менен аныкталат. Студенттердин аткаруучулук программасын түзүү чыгармалардын белгилүү бир топтомунун болушунан көз каранды.

Акыркы учурда массалык маалымат каражаттары, интернет булактары аркылуу тарап жаткан жеңил музыканын басымдуулук кылуусу, студенттердин элдик, профессионалдык жана классикалык музыкадан алыс калуусуна алып келүүдө. Алардын музыкага болгон ынтызарлыгына карабастан окуу жайына чейин топтогон музыкалык репертуары өтө эле бир жактуу, атап айтканда эстрадалык, хит, поп музыкалардын кучагында калгандыгын көргөзөт.

Мындай жагдай педагогдун студент үчүн репертуар тандоосуна белгилүү бир өлчөмдө маселе жаратат.

Аталган маселеден улам өзгөчөлөнгөн жана жекече категориялык түшүнүктөрдүн негизинде музыкалык-педагогикалык факультеттин студенттеринин репертуары үчүн педагогикалык талаптарды карап чыгабыз.

Жалпы категориясына биз музыка адистигинин ар бир студентинин педагогикалык репертуарына жооп берүүчү принциптерин киргизебиз – бул чыгарманын жогорку көркөмдүк жана жанрдык өзгөчөлүк принциби. Азыркы учурда репертуарга кирген ар бир чыгарманын үстүндө иштөө “жалпы тарбия берүү процессинин бөлүкчөсү катары, студенттин идеялык көз караштары менен эстетикалык табитин, искусствонун изилденүүчү тармагындагы музыкалык ой жүгүртүүсү менен билимдерин өнүктүрүүнүн тепкичи катары” каралат [22, 7-б.].

Жекечелик категориясына биз репертуарга студенттин жекече сапаттарына байланыштуу болгон талаптарды киргизебиз. Анткени алар: анын

жөндөмдүүлүктөрүндө, музыкалуулугунда, топтолгон теориялык билимдеринде, жалпы эрудициясында, сезимталдыгында, зиректигинде, музыкалык чеберчилигинде, аткаруучулук даярдыгында, эмгекке жөндөмдүүлүгүндө ага чейин топтолгон музыкалык репертуарына карата аныкталат.

Мектептин музыка боюнча программасына студенттин аткаруучулук тажрыйбасына жеткиликтүү күүлөр менен катар, татаалдыгы студенттин аткаруучулук мүмкүнчүлүгүн арттыруучу айрым чыгармалар кирет. Студенттин жекече репертуарына ал үчүн олуттуу кызыгууну жараткан музыкасы баштатан тааныш чыгармаларды киргизүү, ошол эле учурда аны аткаруу үчүн барган сайын бир аз кыйынчылыктарды жараткан кайрыктарды кошуу, чыгармачылык илхам чакыруу багытында, инсандык психикалык мүмкүнчүлүктөрүн активдештирүү үчүн жасалган негизги стимул болушу мүмкүн. Татаалдыгы студенттин аткаруучулук мүмкүнчүлүгүн арттырган күүлөр, же кайрыктар музыка сабагында иллюстрация катары репертуарда болуу менен, эскиздик тартипте изилдениши мүмкүн. Көркөм билим берүү факультетинин студентинин репертуарын тандоодо окутуунун профессионалдык багыттуулук принцибин ишке ашыруу, окуучулардын ар кыл куррактык группаларына даректелген чыгармаларды изилдөөнү болжолдойт.

Аткарылуучу чыгарманы талдай билүү жөндөмү – мугалим-музыканттын профессионал катары компетенттүүлүккө ээ болуусунун башкы фактору. Анткени бул анын профессионалдык өз алдынчалыгын жана активдүүлүгүн өнүктүрөт. Музыка сабактарында педагогикалык маселелерди чечүүгө даярдайт.

Музыкалык чыгармаларды талдоонун таасирдүү натыйжасы үчүн белгилүү бир ырааттуулук зарыл:

1. а) чыгармасын үйрөнүп жаткан автордун жашаган мезгилин, доорун аныктоо; б) автор комузчунун чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, анын жекече белгилери жөнүндө айтып берүү; в) аткарылуучу чыгарманын жанрын аныктоо;

г) чыгарманын көркөм каражаттарын жана алардын көркөм образ менен байланышын аныктоо;

2. искусствонун башка түрлөрү менен байланыштуулугу, окшоштуктары, айрымачылыктары боюнча талдоолорду жүргүзүү (көркөм мазмун планында);

3. окуу процессиндеги чыгармаларга аннотация жасоонун өнүктүрүүчү жана тарбия берүүчү (методикалык) ролун аныктоо.

Студенттер кыргыз комузчуларынын, акындарынын, композиторлордун, обончулардын репертуарларын бул ырааттуулукта талдоо менен, кыргыз искусствосу басып өткөн өнүгүүнүн этаптарын: күүдөн симфонияга чейин, жайлоодо жалгыз үн менен ырдоодон, улуттук операга чейин, оозеки салттык музыкалык чыгармачылыктан жанрдык жана тематикалык өнүгүүгө чейинки басып өткөн жолду үйрөнүшөт.

Кыргыз күүлөрүндөгү стилдик, ладдык, обондук-ыргактык өзгөчөлүктөргө комузчулардын жетишүүсү жана алардын профессионалдык искусствонун катарында эл аралык сахналарда жаңыруусу, комузчулук өнөрдүн эл аралык музыкалык маданиятта олуттуу оруну бар экендигин далилдейт.

Аткаруучуну бир эле убакта: сүрөткер, тарбиячы, музыканын жарчысы деп атоого болот. Ошондуктан музыкалык чыгармаларды комуз аспабында студенттердин – болочок музыка мугалиминин аткаруусу ишенимдүү, логикалык, стилдик жактан туура болушуна көңүл буруу керек.

Чыгармалардын образдык мазмунуна терең кирүү, аткарууда автордун берейин деген оюна аны жакындатууга далалат кылуу, окутуучулардын башкы милдети болуп саналат. Музыка мугалиминин чыныгы чыгармачылыгы жана чеберчилиги дал ушинтип көрүнүшү керек.

Музыкалык репертуардын чыгармаларын талдоо үч багытты өзүнө камтыйт: аткаруучулук (музыкалык-аткаруучулук ыкмалар), маданият таануучулук (искусстводогу багыттар жөнүндөгү билим, искусстволор синтезинин негизинде аткарылуучу чыгарманын музыкалык образын талдоо) жана методикалык (мектепте белгилүү бир теманы үйрөнүүдө аткарылуучу чыгарманы пайдалануу). Бул аспектилердин ар бири белгилүү бир милдеттерди

өзүндө камтыйт, анткени жыйынтыгында негизги музыкалык аспап комуз классындагы иштин эстетикалык багыттуулугунун интенсивдүүлүгүнө жардам берет.

**Таблица 1.1. – Эстетикалык тарбия берүүнү жакшыртууда негизги музыкалык аспап комуз классындагы иштин негизги аспектилери**

| | |
|---|---|
| Аткаруучулук аспекти | Музыкалык чыгарманы үйрөнүп өздөштүрүү компетенттүүлүгүн студенттерде калыптандырууну; обондорду коштоп чертүүнү (аккомпанемент) солист менен бирдиктүү комплексте ишке ашырууну; ыкмалык маселелерди аткаруучулук маселелер менен байланышта чечүүнү болжолдойт. |
| Маданият таануучулук аспекти | Комуз күүлөрүнүн искусствонун ар кыл түрлөрү менен өз ара иш аракетте жана көркөм контекстте аткарылуусу боюнча жекече чыгармачылык тажрыйбаны, билимдерди, көндүмдөрдү уюштурууну; ар кыл доорлордон мурас катары бизге жеткен күүлөрдүн музыкалык эволюциясын изилдөөнү; ар кыл искусствонун көркөм образдары менен салыштыруу максатында ар түрдүү жанрдагы күүлөрдү өздөштүрүүнү; залкар комузчулардын чыгармаларын репертуар катары пайдаланууну болжолдойт. |
| Методикалык аспекти | Болочок мугалимдердин кийинки практикалык ишкердүүлүгүндө, айрыкча, мектептеги музыка сабагында ага чейин топтолгон репертуарды колдонуу компетенттүүлүгүн болжолдойт. Окуучуларга жаңы материалды бере билүү, искусствонун башка түрлөрү менен (театр, живопись ж.б. ) музыканын образын салыштыруу аркылуу аларды кызыктыруу, аткаруучулук көрөңгөсүн байытуу үчүн комузчулардын, обончулардын, чыгармаларын үйрөнүү менен репертуарды кеңейтүү жана жалпы билим берүүчү мектептеги музыка сабактарында, комуз кружокторунда аларды окуучуларга үйрөтүү. |

Негизги аспап комуз классында, комуз күүлөрүнүн үстүндө иштөөдө биз төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн методдорго таяндык (1.2.-таблица):

**Таблица 1.2. – Күүлөрдүн үстүндө иштөөдө колдонулуучу методдор**

| **Методдор** | | **Музыкалык-тарбия берүү милдеттерин чечүүгө таасир этүү** |
|---|---|---|
| Окутуу | Окуу | |
| Оозеки | Практикалык (аткаруучулук) | Музыкалык-угуу түшүнүктөрүн, музыкалык кругозорун кеңейтүүнү калыптандыруу |
| Түшүндүрүүчү Нускоочу (көрсөтүү-демонстрация) | Репродуктивдик | Эстетикалык, музыкалык-теориялык билимдерди калыптандыруу. Музыкалык чыгарманы кабылдоонун, аткаруунун жана баалоонун көркөм-эстетикалык компетенттүүлүгүнө ээ болуу. |
| Жөнгө салуучу | Издөөчү | Музыкалык билимдер менен көндүмдөрдү жаңы таанып-билүүчүлүк окуу-практикалык өңүткө алып өтүү |
| Шыктандыруучу | Натыйжалык (өз аткаруусун аргументтөө, чыгарманы аткара билүү) | Болочок чыгармачылык ишкердүүлүккө даярдыкты калыптандыруу, болжонгон ой-пикирди ишке ашыруунун методдорун пландап табуу жана натыйжаларын талдап, баалоо көндүмдөрүнө ээ болуу. |

Жалпы искусствонун, анын ичинде музыкалык искусствонун каражаттарында эстетикалык тарбия берүүнүн проблемасы эстетикалык кабылдоону, сезимди, көркөм табитти жана ой жүгүртүүнү өнүктүрүү жана тарбиялоо сыяктуу маселелер, милдеттер менен органикалык жактан байланыштуу.

Музыкалык искусствонун каражаттары аркылуу студенттерге эстетикалык тарбия берүүнүн маанилүү учуру болуп, аны кабылдоо маселеси саналат.

Музыкалык кабылдоо – бул адамдын искусствону түшүнүүсү, музыкалык образды түшүнүү процесси, аны интерпретациялоо жана баалоо. [144, 38-б. ].

Музыкалык кабылдоодо студенттин төмөндөгү сапаттары активдешет: көңүл коюу, элестетүү, эске тутуу жана окуу процессинде алынган билим. Ошондой эле окуу процессинде студенттерде музыка угууну эңсөөчүлүктү, музыкалык чыгарманын өнүгүшүнө байкоо жүргүзүүнү, уккандарды талдоо көндүмдөрүн тарбиялоо зарыл. Бул тууралуу Б. Асафьев мынтип жазган: "Музыканы угуу менен бирге байкоо керек. Музыканы кабылдоо жана байкоо анан көркөм каражаттарын баалоого жана табиттин деңгээлинин жогорулашына алып келерине шек жок" [29, 48-б.]. Табияты боюнча музыканы кабылдоо өтө татаал процесс. Башкы татаалдык, музыка искусствонун башка түрлөрүнө караганда убакыт менен тынымсыз агып тургандыгында турат. Чыгарманын кандайдыр бир өзгөчө көркөм деталына суктанып кароону жана баалоону "көз ирмемге токтотууга", болгон кандай гана аракет болбосун (адабиятта жана живописте болуучу), анын бүтүндүгүн бузат. Музыканы угуу үчүн милдеттүү шарт болуп саналган, музыканын мындай өзгөчөлүгү, угуучудан үзгүлтүксүз жана ыклас коюу менен, алаксыбай бурулган көңүлдү талап кылат.

Аткаруучу, автор кыялданган образга жакындоо, чыгармалардын музыкалык-образдык мазмунуна жетишүү менен, ошол мезгил түзгөн учурдун гармониясына жуурулушат жана чыгарманын эмоционалдык негизине түшүнөт.

Негизги аспап комуз классындагы чыгармаларды жаттоо процессинде чыгармаларга комплекстүү талдоо бере билүү музыкалык кабылдоону активдүү өнүктүрөт: музыкалык көркөм каражаттарды, формаларды жана мазмунду, элестетип ой жүгүртүүнү, көркөм ой жүгүртүүнү ачууга жардам берет.

Азыркы психологиялык-педагогикалык адабияттарда ой жүгүртүүнүн жалпы концепциясы Л.С. Выготский [47], В.В. Давыдов [51], А.Н. Леонтьев [91], ж.б. фундаменталдуу эмгектеринде сунушталган.

Ой жүгүртүү, адамдын практикалык ишкердүүлүгүнүн негизинде проблемалык кырдаалдарда, жаңы маселелерди чечүүдө келип чыгат. Ал адамдардын рухий ишкердүүлүк процесси болуп саналат жана болмушту гана чагылдырбастан, ошондой эле аны кайра жаратууга, бар нерселерди таанууга

жана жаңыны жаратууга жөндөмдүү. “Ой жүгүртүү даяр билимдерди таанууга аракеттенбеши керек, ал барыдан мурда жаңы билимдерге алып барууга жөндөмдүү натыйжалуу процесс катары ачылышы керек” [91, 3-б.],

Болмушту обьективдүү чагылдырган активдүү процесс катары ой жүгүртүүгө арналган адабияттарда бул түшүнүк болмуштун теориясынын позициясы менен каралат: “ой жүгүртүү– бул чыгармачылык ишкердүүлүк, башка адамдар менен, өзү менен үзүрлүү баарлашууга жөндөмдүүлүк” [91, 7-б.].

Музыкалык ой жүгүртүү чыгарманын автордук оюнун үстүндө иштөөдө чоң роль ойнойт. Ой жүгүртүү салыштырат, талдайт, синтездейт, контрастты аныктайт, формадан мазмунга алып барат. Ой жүгүртүү бизди бир доордон экинчи доорго, бир образдан башкасына өткөрөт. Кандай гана бийиктик болбосун ага чыгарат же түпкүргө түшүрөт. Булардын бардыгында ой жүгүртүүнүн чыгармачылык чабыты көрүнөт.

Ой жүгүртүү бизге билимди байытууга гана жардам бербестен, ошондой эле эстетикалык ырахаттанууга жеткирген жана рухий жактан байыткан, адамдын сезимин козгоочу кооз көрүнүштөрдү биздин алдыбызга тартат. Ал чыгармаларды аткарууну эмоционалдык жактан бекемдейт. Комуз классында үйрөнүлүүчү репертуарга чыгармалык мамилени мүнөздөйт. Аткаруучулук ыкмалардын үстүндө иштөөгө жардам берет. Ой жүгүртүүнүн өз алдынчалыгын тарбиялайт, ошондой эле болочок музыка мугалиминин ишкердүүлүгүндөгү педагогикалык маселелерди чечүүгө жардам берет.

Музыкалык-педагогикалык факультеттеги негизги аспап комуз классында окуу процессинин жүрүшүндө төмөндөгү функциялар ишке ашырылат: тарбия берүүчүлүк; билим берүүчүлүк; эстетикалык;

Ар бир функция өз алдынча өнүкпөйт, алар бири-бири менен байланыштуу жана бирдиктүү.

Музыкалык материал менен таанышуунун өзү билим берүүчү процесс, анткени бул процесстин жүрүшүндө үйрөнчүк комузчуда чыгарма жөнүндөгү түшүнүк кеңейет. Болочок музыка мугалими музыкалык чыгарманын, күүнүн

жаралыш мезгили менен, автордун чыгармачылык жолунун негизги этаптары менен, музыкалык чыгарма – күүнүн жанрдык өзгөчөлүгү мазмуну жана формасы менен таанышат.

Бул сабактардын өзгөчөлүгү, алар тарыхты, азыркы жашоону, социалдык проблемаларды, инсандык сапаттарды, ылайыктуу билимдер менен көндүмдөрдү калыптандыруучу адамдык ички сезимдерди жана ой толгоолорду чагылдыруу менен түздөн-түз байланышканында турат. Анткени, алар билим берүүчүлүк, тарбиялык дараметке ээ. Ошону менен бирге теориялык билимдерди жана көндүмдөрдү жалпылап, аткаруучулук интерпретацияда аларды колдоно билүү, рухий дүйнөнү, көркөм табитти активдүү калыптандыруу менен, окуу процессинде зарыл болгон эстетикалык функцияны аткарат.

Студенттер музыкалык чыгармалардын стилистикалык өзгөчөлүктөрүн үйрөнүүдө илимий билимдерди өздөштүрүшөт. Аларда дүйнө тааным калыптанат, интеллектуалдык чөйрөсү өнүгөт, кругозору кеңейет. Аткарылуучу чыгармалардын көркөм образынын үстүндө иштөөдө студент аткаруучулук ыкмаларды, техникалык татаал пассаждарды, кайрыктардагы кыймылдарды, добуш чыгарууну, шилтемдерди, динамиканы иштеп чыгат жана да жыйындысында ал автор чыгарманы жараткан мезгилге жакындашы керек. Мында студент күүнүн авторунун чыгармачылыгынын негизги учурларын, жашап өткөн заманын билүүгө тийиш. Ал ойноп жаткан музыкасынын жаралуу таржымалын изилдейт. “Көңүлүндө комузчу музыканттын сырткы кебетесин элестет”.

Негизги аспап комуз классы боюнча сабактарда негизги дидактикалык принциптер болуп төмөндөгүлөр саналат: тарыхыйлык, көрсөтмөлүүлүк, бүтүндүк, окутуу менен тарбиянын биримдиги, практика менен теориянын байланышы, ырааттуулук. Маселелерди комплекстүү чечүү музыкалык чыгармалардын көркөм-эмоционалдык, эстетикалык, рухий мазмуну аркылуу ишке ашырылат.

Музыкалык чыгарманын үстүндө иштөөдө анын мазмунун тарыхый талдоонун аспектиси зор мааниге ээ. Студент чыгарманы үйрөнүү процессинде бул жанр үчүн мүнөздүү тарыхый-маданий окуялар менен таанышышы керек. Анткени музыка жан дүйнөнү тазартуунун, угууга умтулуунун символу болуп саналат. Музыканын добуштук негизинде дүйнөнүн тереңдиги жана көп катмарлуулугу сезилет.

Аткарылуучу чыгармалардын аннотацияларында аткаруучулук планды гана пайдаланбастан, ошондой эле күүнүн көркөм образы жөнүндө ойлонуу да, мазмундун жогорулашы менен төмөндөшүнүн кульминациялык учурун көрсөтүү да, жакшылык менен жамандыктын кайрыктардагы айырмачылыгын сезүү да, бул күүнүн авторунун окуучуларга билим берүүчүлүк, тарбиялык таасири бар өрнөктүү өмүр баянын изилдөө да зарыл.

Музыкалык чыгарма жашоодо болгон окуяларды, турмуштук атмосфераны, жан дүйнөнүн абалын чагылдырат. Жашоо менен музыканын байланышы аткаруучулук репертуардын аркасында окутуунун бардык этаптарында кеңири көрүнөт.

Окутуу процессинин көрсөтмөлүүлүк принциби да маанилүү орунду ээлейт. Көрсөтмөлүүлүк жөнүндө айтып жатып, педагогдун комузда өзү чертип көрсөтүүсүн, музыкалык тексттин белгилүү бир учурларын туура аткарууну көрсөтүп үйрөтүүсүн эске алуу зарыл. Бирок, көрсөтүү окутуучунун аткаруусун студенттин автоматтуу көчүрүүсүнө алып келбеш үчүн, көрсөтүү бат-бат кайталанбоосу керек. Анткени, студентке өз алдынча ой жүгүртүүгө, аткаруучулук репертуарды өз алдынча интерпретациялоого мүмкүнчүлүк берүү керек.

### 1.3. Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнүн музыкалык педагогикадагы орду

Кыргыз элинин тарых-таржымалын изилдеген окумуштуу, академик В.В. Бартольд өзүнүн «Кыргыздар» деген тарыхый очеркинде: «Кыргыздар Орто Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Азыркы убакта Орто Азияда жашаган

элдердин ичинен тарыхта аты ушунчалык эрте жолуккан бир да эл жок болуш керек» – деген тыянакка келүүсүн, окумуштуунун бул багытта жасаган көп жылдык эмгегинин жыйынтыгы деп эсептейбиз [35, 456-б. ].

Ал эми атактуу тарыхчы С. Абрамзон «Кыргыздардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланышы»-деген эмгегинде: «Кыргыз элинин жаралыш тарыхы Борбордук Азиянын этникалык тарыхындагы талаш-тартышы көп, өтө татаал аспектилерден. XVIII кылымдын II жарымынан баштап бул маселе Орус, Батыш Европа, Чыгыш тарыхчыларынын, географтарынын, хоронистеринин көңүлүнүн борборун ээледи. Кыргыздардын этникалык тарыхын изилдөөдө толгон-токой гипотезалар жаралып, ой жоруулар жана божомолдор айтылууда. Биздин күндөрдө актуалдуулугун жоготпогон бул маселенин көңүлдүн борборунда турушу «кыргыз» деген бирдей наам менен тарыхый булактарда эки этникалык коомчулуктун, бири байыркы кезде Түштүк Сибирде, Енисей боюнда, экинчиси кийинчерээк Орто Азиянын чыгыш бөлүгүндө Тянь-Шань жана Памир, Алай тоолорунда орун алганы жана көптөгөн башка себептер менен түшүндүрүлөт. Кыргыз элин жараткан уруулардын калыптануу процесси өтө зор аймакта болуп өткөн жана көп мезгилди талап кылган»- деген пикирди билдирет. [8, 11-б.].

Мындай маалыматтар болжол менен айтканда VI-IX кылымдардагы байыркы түрк жазма эстеликтеринде, X-XVI кылымдардагы араб, перс ж.б. жазма булактарда жолугат жана аларга кошумча ирээтинде мекенибиздин жер-жерлеринен табылган ар кандай курал жабдыктар, сөөк менен жыгачка түшүрүлгөн түркүн-түстөгү эң жөнөкөй оюмдар, үңкүрлөрдүн боорлоруна тартылган, аска таштарга чегилген сүрөттөр, балбал таштарда камтылган. Биз алардан ата-бабаларыбыздын музыкалык маданиятынын ыргактарын туябыз.

Бизге жеткен жогорудагыдай тарыхый эстеликтерден, элдик кол өнөрчүлүк буюмдарынан карап, ошол кездеги жашап өткөн муундардын көркөм ой жүгүртүүсүн, сулуулукка, көркөмдүккө болгон мамилесин боолголоп билсек болот.

Кыргыз жергесинде дүйнөлүк маанидеги тарыхый эстелик болгон «Саймалуу-Таш» өрөөнүндө аска таштарга чегилген сүрөттөргө байкоо салсак, андагы ритуалдык бийлерди чагылдырган сүрөттөрдү көрөбүз. Ушундан улам, ошол кезде элибизде бий маданияты болгондугун, ал эми бий болгондон кийин кандайдыр бир деңгээлде музыкалык маданиятыбыздын түптөлө баштагандыгын айта алабыз[17, 6-б.].

Эң алгач жаралган музыкалык чыгармачылыгыбызды негизинен эмгек жана ар кандай ырым-жырым ырлары түзгөн деп болжолдоого болот.

Кыргыз элинде Октябрь революциясына чейин рухий турмушунда негизги орунду ээлеп келген салттык оозеки чыгармачылыгынын эң баа жеткис энциклопедиясы, бул – «Манас» эпосу.

«Манас» – баатырдык музыкалык эпос. Анын көпчүлүк варианттары 7-8 муундан турган ыр тизмектеринен турат. Эпосту аткарган манасчылар – төкмө акын, ойчул философ гана эмес, обондун кыраатын келтире аткарган музыканттар дагы. Кыргыз музыкасында Манас эпосунун речитативи обон ыргактык булак катары пайдаланылган чыгармалар бир топ. Аларга «Манас» күүлөрү болгон: «Алманбет менен Чубактын жол талашы», «Чоң казат», «Каныкейдин арманы», «Семетей күү» ж.б. менен катар азыркы профессионалдык музыкага чейин жеткен чыгармаларды кошсок болот [17, 32-33-б.].

Аспаптык музыка абалтадан эле аваздык музыка менен байланышта эриш-аркак өнүгүп келгендиги белгилүү. Кыргыз элинин аспаптык музыкасы боюнча биз жогоруда сөз кылган миң жылдан ашуун тарыхы бар «Манас» эпосунда маалыматтар жолукканын көрөбүз. Атап айтсак:

**Таблица 1.3. – Аспаптар тобу**

| № | Аспаптар тобу | Аталыштары |
|---|---|---|
| 1. | **Үйлөмө аспаптар** | керней, сурнай, жез най, чымылдак, чыңыроон, сыбызгы ж.б. |
| 2. | **Урма аспаптар** | добул, добулбас, дап, нагыра, чилдирман, жекесан ж.б. |

Аспаптарынын согуштук жүрүштөрдө аш-тойлордо, салтанаттарда колдонулгандыгы баяндалат. Эпостогу айрым эпизоддордо кыргыз улуттук музыкалык аспаптары жөнүнүдө кеңири маалматтарды алсак болот. Мисалы Бай Жакып, Манас аттуу уулду болгондо берген тойдо айтылуу шайырлар салтанат куруп:

Дутар менен комузун,

Колуна алып чертишип…

Сурнайды суулап тартышып,

Ырчылар ырын айтышы шаан-шөкөт менен өткөргөндүгү,

ошондой эле эпосто комуз эмнеден жасала тургандыгы ачык, так, элестүү көркөм баяндалат.

Өрүктөн комуз чаптырган,

Үкөктөп капкак жаптырган.

Чарасын терең ойдурган,

Тепкесин кайкы койдурган.

Ичеги кылын тактырган,

Аркы-терки кактырган.

Күүсүн уккан жактырган,

Комузчудан жүздү алып [105, 304-б.].

Ал эми эми окумуштуу, тарыхчылардын илимий эмгектерине кайрылсак, кыргыз элинин музыкалык маданияты тууралуу изилденген эмгектер өтө эле аз. Колдо болгон маалыматтарга таянсак байыркы Енисей кыргыздарынын музыкалык аспаптары жөнүндө эскерүүлөр Тан дооруна тийиштүү жазма даректерге барып такалат. Ал маалыматтар биздин эранын VII кылымдарын камтыйт. Анда кыргыздарда музыкалык аспаптардан флейта, бубен сыяктуу айрым аспаптар бар экендиги айтылат.

XI кылымдагы Перс автору Гардизинин эмгектеринде байыркы музыкалык маданиятыбыздан кабар берген кызыктуу штрихтер учурайт. Анда, жыл сайын белгилүү бир күнү музыканттар чогулуп алып көңүл ачышканы, музыканын коштоосунда эстен тангaнга чейин бийлеген «фагинундар» деген

адамдар жөнүндө эскерет [35, 274-б.]. Бул бизге чейин жеткен «Калмак бий» күүсүнүн коштоосунда транс эстен танган) абалда бийлеген бийчилердин өнөрлөрү менен үндөшөт. Орто Азиядагы жаалуу аспаптар жөнүндөгү жазма маалымат IX жана X кылымдарда жолугат. Аль Фарабинин, Абу-Али-Ибн-Синанын жазгандарына караганда алар формасы жагынан азыркы кобыз, кыл кыяк, гиджакка окшоштугун байкайбыз. [17, 13-б.]. Демек кыл кыяк байыркы заманда жаралган. Ал түрк тилдериндеги элдерге кыл кобыз, кобуз, пишекер кобыз деген ат менен тараган. Какма тилдүү темир, жыгач ооз комуздар тууралуу алгачкы маалыматтар XII кылымдын II жарымында табылган археологиялык табылгаларда жолугат. Ал эми сурнай, керней, чоор, добулбас «Китаби Деде Коркут» аттуу элдик эпосто (X-XI кылымдардагы) «зурна», «керенай, «барабан, «добул», «дохул» деген аттар менен учурайт. [44, 165-б.].

Ханзу тарыхый маалыматтарына таянып, кытай тарыхчысы Анвар Байтур мындай деп жазат: «Эне-Сай кыргыздары түрк тайпаларынын ичинде көркөм өнөргө өтө бай эл болгон. Алардын сыбызгы, зыңгырама, (зың), бандуулу, доолбас, шыңгыроо деген элдик музыкалык аспаптары жана коомдук турмушунда өтө чоң маңызга ээ комуз өнөрү саналган. Бул музыканы эр-аял, кыз-жигит жана кары-жашы дебей күүгө келтиришкен. [79, 10-б.].

Ошондой эле Жапандык атактуу музыка адиси Аясы Кенту (Ли Чан Сан) деген окумуштуунун «Чыгыш музыкаларын изилдөө» деген эмгегинде: Жунгонун (Кытайдын) Таң империясы тушунда кыргыз комузу Ханзу (кытай) музыкалык аспаптары менен бирге Жапанияга барып калган. Жапандыктар бул аспапка өтө көңүл буруп, кыргыз комузунун негизинде «Кьото» деген музыкалык аспапты ойлоп табышкан. «Кьото» кылдуу музыкалык аспап дегенди билдирет [79, 12-б.].

Ал эми Жапаниялыктардын дагы бир музыкалык аспабы Шамисэн деп аталып, анын түпкү тегин дагы сүрүштүрө келгенде кыргыз комузуна байланыштырышат. Ага далил катары аспаптын үч кылдуулугу, аткаруу ыкмаларында окшоштуктар, аткаруучунун чыгарманы ойноп жатканда айтым күүлөрдү аткарып жаткандай ырдап келип кайрадан аспап менен улантып

кетүүсү, шамисэнди чертип жатып «оппа», – деп кыйкырып калууларын айта кетүүгө болот.

Кытай тарыхый маалыматтарында кошуна элдердин музыкалык маданияты тууралуу бизге жеткен маалымат биздин заманга чейинки II кылымда Ысык-Көлдү жердешкен усундардан арман түрүндөгү сезимиңди козгогон кыздын ыры жазылып алынган. Биздин замандын 630-жылдарында кытай саякатчысы Сюань-Цзянь, Тянь-Шань, Ысык-Көл, Чүй өрөөндөрүндө саякаттап жүргөнүндө Суяб шаарынын аймагында (азыркы Токмок шаарына жакын) түрк каганынын салтанаттуу кабыл алуусунда болгондугун, шаан-шөкөт учурунда музыка ойнолуп, ыр ырдалгандыгын баяндап жазып кеткен. Дагы бир кытай жыл наамасында кидандардын музыкасы тууралуу маалымат берилет. Анда жүз адамдан турган хор, элүүдөн бөлүнүп алып, таң атканча падышанын чатырынын алдында төрт барабандын коштоосунда ырдашкандыгы айтылат. Ушундай эле көрүнүштү кытай саякатчысы Вейхун (VIII кылым) жазып калтырган [17, 10-б.].

XIX кылымда кыргыз жергесин изилдөө үчүн келишкен орус элинин алдыңкы өкүлдөрү жазып калтырышкан эскерүүлөрүндө кыргыз музыкалык маданияты боюнча алгылыктуу маалыматтар кездешет.

1870-1883-жылдарда Ташкентте аскердик оркестрдин капельмейстери болуп иштеген А. Эйхгорндун, француз саякатчысы Капюнонун жазып калтырган маалыматтары мактоого арзырлык [17, 17-б.]. Алар элибиздин бир нече аспабын сүрөттөп жазуу менен гана чектелбестен аткарган күүлөрдүн кээ бирөөлөрүн нотага түшүрүп калтырышкан. Албетте кыргыздын элдик музыкасы жана музыкалык аспаптарын изилдеген баалуу эмгектер Советтик мезгилде пайда болду. Ал изилдөөлөр В. Виноградовдун, А. Затаевичтин, В. Беляевдин калемдерине таандык.

Бул изилдөөчүлөр тарабынан учурунда элибизде кылымдар бою атадан, балага, муундан-муунга оозеки түрүндө берилип келе жаткан элдик музыкабызды жазуу түрүндө нотага түшүрүп, анын калыбын бузбай сактап калууга жол башталган. Азыркы күндө алардын эмгектери музыка

изилдөөчүлөр үчүн негизги таяныч катары пайдаланылууда. Эгемендүүлүккө жеткен элибиздин улуттук аң сезиминен -«бизде бардык нерсе Октябрь революциясынан кийин башталган»-деген түшүнүктү жоюу үчүн музыка изилдөөчү, тарыхчыларыбыздын алдында көп иштер турууда.

В. Виноградов өзүнүн «Кыргыздын элдик музыкасы» деген эмгегинде: «Комуз – кыргыздардын эң аздектеген музыкалык аспабы болуп эсептелинет. Аталышы боюнча тектеш көп элдердин аспаптарына окшош болгонуна карабастан өзүнүн жекече өзгөчөлүгү менен Орто Азия чөлкөмүндө курчап турган аспаптардан айрымалуу. Өзүбек, Тажик, Түркмөн элдеринин дутары, Казак элинин домбрасы эки кылдуу, беренелүү болгондугу жана күүлөнүшүнүн, ойноо ыкмаларынын окшоштугу жагынан бири бирине бир топ жакындашат. Ал эми кыргыз комузу өзүнүн үч кылдуулугу, беренеси жоктугу, толгоосунун көп түрдүүлүгү, ойноо ыкмаларынын түрлөрү, тембри боюнча жана аткарыла турган чыгарманын деңгээли менен алардан кашкая бөлүнүп турат.» [44, 164-б.].

Боордош казак элинин домбрасы менен кыргыз комузунда эки элдин эриш-аркак жашоосунун натыйжасында жалпы окшоштуктар учураса да комуздун түпкү теги Сибирь элдеринин аспаптары менен тектеш экендигинин, ал эң алгач Сибирде түптөлүп, анан Орто Азия маданиятын өзүнө сиңирген аспап» экендигин жазган.

Ал эми «комуз» деген жазуу түрүндө бизге кездешкен маалыматтардын эң байыркысы VII-IX кылымдарда түрк тилинде чыккан «Коркуд Баба китебинде» («Китаби Дада Коркуд») жолугат [44, 165-б.].

Биз кеп кылып жаткан «комуз» аспабынын келип чыгуу тарыхы, тектеш улуттардын аспаптары менен байланышы жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө бизге жеткен маалыматтарга таянсак, «комуз», – деген термин, эң кеңири таралган термин болуп эсептелинет. Түрк тилине кирген элдердин көпчүлүгүндө: Сибирде, Орто Азияда, Түндүк Кавказда, Украинада комуз, кобыз, ковус, хомых деген фонетикалык түрлүү вариант менен тараган.

Музыка изилдөөчү С. Субаналиевдин «Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары» деген эмгегинде: «Комуз лексемасынын келип чыгышы түркологдор жана музыка таануучулар тарабынан көп эле жолу түшүндүрүлүп чечмеленген" – деген ой баалуу. Байыркы түрк урууларынын тилинде «кобыз» музыкалык аспаптарга тиешелүү жалпы ат деп эсептегендер туура пикирди билдиргендей деген ойду айтып, автор андан ары: Бул сөз менен алгач үн күчөтүүчү оюлуп жасалган көңдөй резонаторлуу аспап аталган, себеби байыркы түрк тилиндеги govi – көңдөй оюлган деген түшүнүктөрдү берген, ал эми govug – деген сөз болсо, бакшылар (шамандар) тарабынан жин перилерди кубалоодо айтылуучу сөз болгон. Сөздүн ушул мааниси Махмуд Кашкарынын белгилүү сөздүгүндө чагылдырылган" [141, 144-б.].

Азыркы учурда деле эне тилибизде кобул, күбүр – деген сөздөр кеңири пайдаланылууда жана мааниси боюнча «кобул» бир нерсенин астынын көңдөйлөнүп оюк болушун, ал эми «күбүр» кышында суу кузгундап көтөрүлгөндө муз туруп, кийин суу нугуна түшкөндө муздун көпүрө сымал суунун үстүндө туруп көңдөйлөнүп калган жерин түшүндүрөт. Айтылган ойду толуктоочу мисал катары кыргыз, казак бакшыларынын комузду, кобызды, ал эми якут бакшыларынын добулбас менен катар кылдуу аспапты колдонгондорун көрсөтүүгө болот. Кийинчерээк сөздөр үчүн мүнөздүү болгон семантикалык контоминциянын негизинде кылдуу гана музыкалык аспап эмес жалпы эле музыкалык аспаптарга колдонула баштаган деп болжолдоого негиз бар. Буга мисал катары Украиндыктардын «кобзасын» алалы. Ал чертме аспаптын ушундай аталышы, байыркы түрк тилиндеги кылдуу аспапта ойноо, комуз чертүүнү түшүндүргөн (кобза) govza лексемасынан келип чыккан. Анын мындай түшүндүрүлүшү байыркы Киевдик орус мамлектинин, кыпчак уруулары менен болгон тыгыз карым катнашына байланыштуу. Бул сөз алгач Украин тилинде кылдуу аспапта ойноону билдирсе кийинчерээк ал элдин кылдуу аспабынын ысымына айланган» – деген тыянакка келген. [141, 43-б.].

Б. Алагушов «Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары» – деген эмгегинде түрк тилдүү элдерден болгон тектеш элдерде улуттук аспаптарынын аталыштарына токтолуп төмөндөгүдөй тизмени келтирген:

Казактарда, кара калпактарда – кобыз, шаң кобыз;

Хакастарда – хомыс;

Якуттарда – хомус;

Чубаштарда – кабаш же кабас;

Өзбектерде – кобуз (чоң кобуз);

Дагестандарда – агая кумуз;

Тувалыктарда – темир комус, хулузун комыс;

Башкырларда – кубыз;

Алтайлыктарда – комыс;

Азербайжандарда – копуз;

Түркмөндөрдө – копыз ж.б. [16, 100-б.].

Жогоруда биз келтирип өткөн окумуштуулардын жыйынтыктары боюнча комуз аспабы курчап турган кошуна элдердин улуттук музыкалык аспаптары менен аталышы, чертилиши тарабынан окшоштуктары болгону менен музыка таануучу В. Виноградов белгилегендей: «Комуздун аны курчап турган аспаптардан кескин айырмалап турган өзгөчөлүгү анын үч кылдуулугунда. Бул комузда аккорддорду, үч үндүктөрдү ойноого эң сонун мүмкүнчүлүктөрдү берет. Ал эми комуздун беренесиз болушу аткаруучудан мыкты музыкалык жөндөмдү талап кылат [44, 167-б.].

Мына ушундай өзгөчө жаралып, кыргыз улуттук музыкалык аспаптарынын көч башында турган комуз аспабы жөнүндө маалыматка токтолсок.

Кыргыз элин боордош элдерден өзгөчөлөп, айрымалап, өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жеткен оозеки чыгармачылыгында комуз аспабынын жаралышы жана анда аткарылган алгачкы музыкалык чыгарма тууралуу бизге жеткен маалыматтарга таянсак, комуз аспабын эң биринчи Камбар деген адам (бирде мергенчи, бирде хан болуп айтылат) жасап жана эң алгач музыкалык чыгарма жаратып черткенин, ал бизге «Камбаркан» деген ат менен келип жеткендигин билебиз.

Бул багытта искусство таануучу С. Субаналиев: – Байыркы Енисей Кыргыздарынын музыкалык аспаптары жөнүндө маалыматтар өзгөчө өткөн кылымдын географ-саякатчылардын, тарыхчы этнографтардын сапардагы кезде жазган эскерүүлөрүндө, илимий эмгектеринде кездешет. Алсак: Н.А. Северцев,

Ч. Валиханов, С. Загрятский, Н. А. Маев, Ф.В. Поярков, Т.В. Радлов, П.П. Семенов-Тянь-Шанский, ж.б. Алар элибиздин турмуш тиричилигинин өзгөчөлүгүн сүрөттөөгө катар анын музыкалык аспаптары жөнүндө маалыматтарды беришкен. Аталган авторлорго тийиштүү эскерүүлөрдөгү көрсөтүлүүчү нерсе, музыкалык аспаптарыбыздын күндөлүк турмушта ээлеген ордунун, аткарган «милдетинин» кеңири чагылдырылышы. Мындай жөрөлгөнү акыркы жылдарда С.М. Абрамзон, К.И. Антипина, Ч.Т. Баялиева, Е.И. Махова, сыяктуу тарыхчы этнографтар улантышып келүүдө. Албетте кыргыздын элдик музыкасы, анын ичинде музыкалык аспаптарын изилдеген баалуу эмгектер Советтик мезгилде пайда болду, ал изилдөөлөр В.М. Беляевдин, В.С. Виноградовдун, А.В. Затаевичтин, ысымдары менен байланыштуу деп жогоруда белгилеп кеткен элек[141, 3-4-б.].

1920-жылдын аягы, 30-жылдардын башында А.В. Затаевич 400гө жакын кыргыз ыр күүлөрүн нотага түшүрүп жарыкка чыгарса, В.С. Виноградов кыргыз элдик музыкасын изилдөөгө зор салым кошкон. Азыркы күндө алардын эмгектери музыка изилдөөчүлөр үчүн баа жеткис материал болуп эсептелет [141 144-б.].




Мына ушундай элибиз менен эриш-аркак кылым карытып келе жаткан кыргыз комузунун мүмкүнчүлүгүнө жалпы мүнөздөмө берсек, болжолдуу түрдө комуз аспабында 13төн ашык күүлөнүш, 9 га жакын тоом (позиция) бар. Бирок алардын ичинен I-VI кылымдарда чейинкилери негизги тоомдор деп алынат. Калган тоомдордо сейрек кана кээ бир кайрыктар же айрым бир добуштар ойнолот. Көпчүлүк учурларда чебер комузчулар сайратып чертүү аркылуу (флажолето) негизги тоомдордон ойноону өздөштүрүшөт. Комуздагы сыдыра добуш катары (диапазону) чоң октаванын «ля» добушунан II октаванын «ля» добушуна чейинки кеңдикти камтыйт. Комуз транспонирленүүчү аспап болгондуктан нотага бир октава жогору, I октавага жазылат.

***Ойноо ыкмалары:*** шилтеп, терип, термелтип, кагып, сайратып (флажолето), илип, сыдырып (глиссандо), бууп ж.б. болуп ар бир комузчунун чеберчилигине жараша колдонулат.

***Аспаптын толгонушу:*** чың толгоо, оң толгоо, бош толгоо, сол толгоолордо комуз күүлөрүнүн 90% га жакыны чертилип, ортоңку – экинчи кылы адатта эки четки биринчи жана үчүнчү кылдардан кварта же квинтага жогору толгонот (комуз кылынын катарын бети өзүбүздү карап турганда оңдон солду карай эсептейбиз).

**Таблица 1.4. – Толгоонун түрлөрү**

| № | Толгоонун күүлөр боюнча аталышы | Толгоонун салттуу аталышы | Интервал түрүндө аталышы | Нотада жазылышы |
|---|---|---|---|---|
| 1. | “Камбаркандар”, “Ботойлор” толгоосу | бош толгоо | Квинта-квинта |  |
| 2. | “Кербездер” толгоосу | чың толгоо | Кварта-кварта |  |
| 3. | “Шыңгырамалар” толгоосу | оң толгоо | Квинта-кварта |  |
| 4. | “Ак тамак, Көк тамак” же арман күүлөр толгоосу | сол толгоо” | Кварта-квинта |  |

Чыгармалар I жана II кылдарда ойнолуп, ал эми III кыл, ачык түрдө (бурдон) коштоп, бастын ролун аткарат. Ортоңку кылдын бийиктиги аспаптык музыкаларды – күүлөрдү чертүүдө азыркы учурда кеңири таралып, жалпыга кабыл алынган эреже катары колдонулуп жүргөнү, кичине октаванын «ля» добушуна туура келет. Комуз аспабында ладдык өзгөрүүлөр толгоолорго жана ага карата аппликатуранын өзгөрүшүнө тыгыз байланышкан. Эгерде «бош толгоо» же Камбаркандар толгоосунда ре – ля –ре, I тоомду алып көрсөк:

биринчи кылда – ре ачык, ми – фа – соль, минордук тетрахорд;




Экинчи кылда – ля ачык, си – до – ре, минордук тетрахорд;

Ал эми ушул эле толгоодо, ушул тоомдо аппликатураны өзгөртүү менен биринчи кылда:

ре ачык, ми – фа# – соль;

Экинчи кылда: ля ачык, си – до# – ре;



Эгерде «чың толгоодо» I тоомдо ладдыг түзүлүштү карап көрсөк:

Биринчи кылда: ми ачык, #фа – #соль – ля, мажордук тетрахорд;

Экинчи кылда: ля ачык, си – #до – ре, мажордук тетрахорд;




Ушул эле тоомдо манжалардын жайгашышын (аппликатура) өзгөртүп:

Биринчи кылда: ми ачык, #фа – соль – ля, минордук тетрахорд;

Экинчи кылда:ля ачык, си – до – ре, минордук тетрахорд;




Тетрахорддордун мындай ыңгайлуу жуурулушу кыргыз улуттук музыкасына эң мүнөздүү болгон ладды берет. Ал эми диапазондун мындан аркы кеңейиши, тоомдорду өзгөртүү менен улантыла берет. I – III кылдардын квартага же квинтага толгонуусу добуштардын паралелль кварта же квинта катары жарышын шарттайт. Бирок бардык эле учурда обон же күү ушул түрдө

улантыла берет дешке болбойт. Ар бир аткаруучу комузчу өзүнүн жөндөмүнө, комуздун толгоосуна жараша ар кандай ойноо ыкмаларын пайдалана алат.

Ал эми ырларды коштоп аккомпанирлөөдө, ырчынын ырдоо мүмкүнчүлүгүнө жараша эркин толгоно берет. Мисалы: «чың толгоодо» же «кербездер» толгоосу ми-ля-ми «оң толгоодо» же «шыңгырамалар толгоосу», ми – ля – ре;

«бош толгоодо» же «камбаркандар» толгоосу ре – ля – ре,

«сол толгоодо» ре – ля – ми ж. -б.

Комуз аспабы өрүк, алмурут, жаңгак, тыт, кара жыгач, кызыл жыгач, карагай, арчадан чабылат. Ошондой болсо да комуздун өрүктөн, арчадан чабылганы өзүнүн добушунун бийиктиги, тембрынын коохдугу, тунуктугу менен айрымаланат.

Түзүлүшү боюнча комуз алмурут сыяктуу келип, негизги үч бөлүккө: тулкусу, моюну, башы болуп бөлүнөт жалпы төмөндөгүдөй бөлүктөрдөн турат:




1-**Сүрөт**. Комуздун түзүлүшү.

1 – башы;

2 – кулактары (үчөө);

3 – моюну:

-а). жоон моюн;

-б). орто моюн;

-в). ичке моюн;

4 – көөдөнү;

5 – чарасы;

6 – капкагы;

7 – тепкеги;

8 – кылдары:

а). I кыл;

б). II кыл;

в). III кыл;

9 – кыл боо (куткуну);

10 – добушчу;

11– боо казык;

Кыргыз элинин өсүп өнүгүүсүнө өзгөчө тарыхый мааниге ээ болгон Совет доорунда комуз аспабын өркүндөтүү (модернизациялоо) боюнча көптөгөн иштер аткарылды. Октябрь революциясынын жеңиши менен комуз дагы өзүнүн жаңы доорун баштап, кандайдыр бир өлчөмдө сапаттык өзгөрүүгө дуушар болду. Комуз буга чейин жайлоодо боз үйлөрдө же болбосо эл чогулган кичинекей аянтчаларда ойнолуп жүрсө, кийинки жүз жылдын ичинде аудиториясы өсүп, чоң-чоң сахналарда өзүнүн жаңы өмүрүн кечирип, таңшыган үнүн элге тартуулай баштады. Аспап жасоочу чеберлер комуздун добуштук мүмкүнчүлүгүн өркүндөтүүнүн үстүндө көп эмгектенишүүдө. Жогоруда белгилегендей кыргыздын улуттук маданиятын, анын ичинен аспаптык музыкасын изилдеп, аны сактап калууга Совет бийлигинин жылдарында терең көңүл бурулган. Өкмөттүн чечими боюнча

1928-жылы сентябрь айында, Агартуу комиссариатынын чакыруусу менен музыковед-фольклорист А.В. Затаевич келген (1869-1936) [69]. Бул окумуштуунун келүүсү менен кыргыз музыкалык маданиятында улуу бурулуш болду. Эки айдын аралыгында Токтогул, Карамолдо, Муратаалы ж.б. өңдүү залкарлардын чыгармаларын нотага түшүрүп, өзүнчө жыйнакка киргизген.

Бирок биз карап жаткан тармак комуз күүлөрүн эстетикалык тарбия берүүчүлүк багытында болгондуктан, комуздун тембрдык, техникалык мүмкүнчүлүктөрүн үстүртөн, тааныштыруу ирээтинде гана бердик.

Комуз күүлөрү бүгүнкү күндө дүйнөлүк музыкалык маданиятта өз орду өз жүзү менен орун алды. Күүлөрүбүздүн мазмунунда элибиздин турмуш тиричилигинин, басып өткөн жолунун бардык тарабы камтылган. Алардын

түпкүлүгү кандайдыр бир обон, кайрыктардан алынса да «күү» деген даражага жетиш үчүн кайрадан иштелип, кайрууга кайруу уланып, тема өнүктүрүү принцибине өөрчүтүлүп, өзүнчө бир турпатка, бүтүндүккө ээ болгон чыгармага айланып бизге жеткен комуз күүлөрү жалпы жанрына жараша:

1 – обон күүлөр;

2 – залкар күүлөр;

3 – айтым күүлөр болуп бөлүнүп, ал эми мазмундарына, аткарылышына, тематикаларына жараша:

а – лирикалык: (секетпай, күйгөн, арман, кошок);

б – эпикалык: (эпостук, уламыш ж.б.);

в – салт күүлөр: (Камбаркан, ботой, кербез, шыңгырама, Бек Арстан, кайрык, толгоолор ж.б.) жанрларга бөлүнөт.

Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрү XX кылымдын башы менен өзүнүн өнүгүү жолунун жаңы этабын баштайт. Анткени бул мезгилден баштап, жалпы эле музыкалык аткаруучулук өнөрү билим берүү системасы менен байланышта өнүгө баштайт.

Октябрь Революциясынын жеңиши менен музыкалык студиялар ачылат. Аларда музыкалык ар кандай ийримдердин жүргүзүлүүсү жанданат. Музыкалык ийримдердин натыйжалуу иш-аракеттерди жүргүзүүсү, музыкалык окуу жайлардын ачылышына себепкер болот. Ал эми музыкалык окуу жайларды бүткөн жаш адистер театрлардын, филармониянын ачылышына түрткү берет. Мындай музыкалык мекемелерде аспаптык ансамблдердин, оркестрдин уюшулушу жандана баштайт. Бул коллективдердин адистери үчүн, алыбетте кандайдыр бир музыкалык билим алууну талап кылды. Элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнө окутуу, билим берүү системасында өз ордун ээлеген жок. Бул жалпы элдик салттуу музыканын өнүгүүсүндөгү көйгөйлүү маселелерден болуп, бир топ жылга чейин созулду. Бул мезгилдерде Советтер Союзунун саясаты менен, музыкалык билим берүү системасында жаш муундарды “жаңыча” тарбиялап-окутуу жүргүзүлдү. Ал “жаңыча” окуу-тарбиясына, Европалык жана орус

музыкасын окуп өздөштүрүү, музыкалык аспаптарында ойноону үйрөнүү киргизилген. Ал эми кыргыз салттуу аспаптарында окутуп, өздөштүрүү жалпы билим берүү мектептеринде жана мектептен тышкары мекемелердеги музыкалык ийримдерде гана жүргүзүлдү. Ал ийримде аспаптарда ойноону каалоочулар жана жеке сүйүүчүлөр гана катыша алышкандыктан массалык мүнөзгө ээ болгон эмес. Кыргыз ышкыбоз жаш муундарынын мындай шартта музыкалык билим алуусу, аспаптык аткаруучулук өнөрүн өздөштүрүүсү, XX кылымдын аягына чейин жүргүзүлдү.

Кыргызстандагы музыкалык-педагогикалык билим берүүнүн түзүлүү жана өнүгүү маселесине терең жана кеңири талдоо, педагог-музыкант Т.М. Балтабаеванын кандидаттык диссертациясында берилген [33]. Автор музыкалык-педагогикалык билим берүүнүн түзүлүшүн жана өнүгүшүн баяндоо менен өнүгүүнүн бул жолу бир нече этаптарды басып өткөндүгүн жана жөнөкөй болбогондугун, ар бир этаптын өзүнө тиешелүү мүнөздүү белгилери бар экендигин белгилейт.

1985-жылдары коммунисттик партия тарабынан демилгеленген ошол кез үчүн идеологиялык чоң бурулуш катары “Кайра куруу” реформалык программасы ишке ашырылган. Ал программанын приоритеттүү максаттарынын бири болуп жеке инсандын кызыкчылыгы, улуттук баалуулуктар, улуттардын өзүн өзү таануу укуктарына саясий боштондуктар бериле баштагандыгы болгон. Программанын негизинде 70 жылдан ашуун коммунисттик партиянын темирдей тартибинен жапа чегип келген жалпы коомчулук азаттык алып, жеке адамдар өз пикирин ачык билдирүүгө багытталган сөз эркиндиги, улуттук кызыкчылыктардын, адам укуктарынын сакталышы, көпчүлүктүн пикирин колдоо, улуттардын иденттүүлүгүн сыйлоо сыяктуу реформалык өзгөрүүлөр башталган.

Мына ушундай саясий-экономикалык өзгөрүү СССРдин курамындагы Союздук республикалардын улуттук руханий дөөлөттөрү болгон: өздөрүнүн түпкү тарыхына, маданиятына, адабиятына, тилине, динине, каада-салтына кайрылуусуна жол ачкан. Кыргыз эли да ошол мезгилден баштап ага чейин

оозеки түрүндө сакталып, эскинин калдыгы, эч кандай далилсиз жөө жомок катары бааланган руханий дөөлөттөрүнө улуттук аспектен карап чыгып, татыктуу баасын берип аны коргоп, колдоого активдүү киришкен. Аталган кампаниянын алкагында жүргүзүлгөн реформалык иш аракеттер улуттук аң сезимдин ойгонушу менен музыкалык маданиятыбыздын туу чокусу болгон комузчулук өнөрдүн да кайрадан жанданып, элибиздин көптөгөн руханий баалулуктарынын арасында татыктуу ордун таап, активдүү өнүгүүсүнүн тарыхый өбөлгөсүн түзгөн.

Улуттук аң сезимдин активдешүүсү кыргыз музыкалык дүйнөсүндө да көптөгөн аракеттердин ишке ашуусуна жол ачты. Совет мезгилинде эл аспаптар оркестрлеринде ойнолуп жүргөн өзгөртүлгөн (модернизацияланган) беренелүү (ладдуу) комуздар: прима, альт, бас комуздардын ордуна кыргыздын салттуу беренесиз комуздарын киргизүү жолго коюлду. Натыйжада К. Орозов атындагы улуттук эл аспаптар оркестринде кыргыздын салттуу комуздары ойноло баштаган. Элдик аспаптарды эл арасынан таап чыгып, аларды кайрадан жандандырып элге жайылтуу максатында 1987-жылы Ч. Исабаевдин жетекчилиги менен С. Субаналиевдин илимий изилдөөсүнүн негизигде Т. Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясынын алдында “Камбаркан” этнографиялык-фольклордук ансамбли уюштурулган. Ансамблдин курамына кирген музыкалык аспаптар: комуз, кыл кыяк, темир комуз, чоор, чопо чоор, добулбас, шылдырак, аса таяк, най, жез най, жылаажын ж.б.у.с. элдик аспаптар белгилүү чебер уста О. Кенчинбаев тарабынан өздөштүрүлүп, жасалган. Аспаптык музыка багытында мындай өзгөрүү бул аспаптарды окутуп үйрөткөн музыкалык орто жана жогорку окуу жайларында талапка ылайык музыкалык аспаптарда тагыраак айтканда: элдик комузда, кыл кыякта, темир комузда, чоор, чопо чоордо ж.б. окутууну окуу процессине киргизүү талабын койгон.

Салттык аспаптык аткаруучулук өнөрүнө окутуунун мамлекеттик билим берүү системасына киргизилиши анын илимий-теориялык, окуу-методикалык

жактан негизделип изилденүүсүнө жана эл арасына кеңири жайылуусуна шарт түзгөн.

1984-жылы Бүбүсара Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институтунда кыргыз салттуу комузун окутуп үйрөтүү башталган.

1987-жылдан баштап Республика боюнча, балдар музыкалык мектептеринде, музыкалык орто жана жогорку окуу жайларында элдик салттуу музыкалык аспаптарда: (алгач комуз, темир ооз комуз, андан кийин кыл кыяк, анын соңунан үйлөмө аспаптар – чоор сыбызгы, ж.б. ) ойноого окутуу боюнча класстар ачылат.

Бул мезгилде комузчу Нурак Абдырахманов өзүнүн музыкалык мектебин ачат. Ал устаттык бай тажрыйбасы менен көптөгөн жаш таланттарды мектебинде тарбиялап чыгара баштайт.

1993-жылы Кыргыз Мамлекеттик консерваториясы ачылат.

1994-жылы Консерваторияда салттык музыка кафедрасы уюштурулат.

Кафедрада алгач кыргыз элдик аспаптардан комуз боюнча окутуу жүргүзүлүп, анын соңунан көп өтпөй, элдик ырдоо классы ачылат. Элдик аспаптар боюнча окуу программалары түзүлүп, ал программалардын негизинде окуу китептерин, окуу-методикалык куралдарын, хрестоматияларын жазуу менен ноталык жана музыкалык адабияттарды топтоо иштери жүргүзүлө баштайт.

1989-жылы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин Маданият факультетинин музыканын теориясы,тарыхы жана музыкалык аспаптар кафедрасында салттуу комуз бөлүмү ачылып, ал окуу планына фортепиано, баян-аккордеон менен бирге негизги аспап катары окутула баштаган. Кафедрада алгачкылардан болуп жогорку окуу жайлардын музыкалык бөлүмдөрүндө негизги аспап катары салттуу комуз аспабын окутуунун 4 жылдык программасы түзүлүп, бекитилет. Программада комуз чыгармалары эң жөнөкөй көнүгүүлөрдөн, этюддардан, кайрык, обондордон башталып, акыркы курста залкар күүлөрдү чертүү жана айрым кара күүлөрдү фортепианонун коштоосунда ансамбль ойноо деңгээлине жеткирүү камтылган.

Ушул эле программада жыйынтыктоо учурунда студенттерге аткарган чыгармалары боюнча аннотация жазуу талабы коюлган. Мындай талап болочок музыка мугалими үчүн мектепте сабак өтүүдө күүлөр, комузчулар жана алардын чыгармачылыгы боюнча окуучуларга кеңири маалымат берүүсүнө жол ачмак.

2015-жылы кабыл алынган (бакалавр) 550600 – "Көркөм билим берүү" багыты боюнча Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандартында комуз аспабы негизги жана кошумча музыкалык аспап катары киргизилген. Аталган мамлекеттик стандартка негизделген окуу пландарында окуу-методикалык комплекстеринде комуз аспабын негизги жана кошумча аспап катры окутуу боюнча сааттар бөлүнүп, окутуу программалары бекитилген. Диссертант тарабынан бул багытта Педагогикалык жана гуманитардык багыттагы жогорку окуу жайларынын музыкалык факультеттеринде негизги аспап катары комуз үйрөтүү Бишкек, (2013. – 30 б.) жана Педагогикалык жана гуманитардык багыттагы жогорку окуу жайларынын музыкалык факультеттеринде кошумча аспап катары комуз үйрөтүү программасы (бакалавр) (Бишкек, 2014. – 30 б.) И. Арабаев ат. КМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен жарыкка чыгып, окуу процессинде пайдаланылууда.

Аталган дисциплина бонча диссертант тарабынан окуу-методикалык комплекс иштелип чыгып, бекитилген. Окуу процессине пайдалануу үчүн композитор, профессор Э. Мааданбеков менен биргеликте "Кыргыз обондору комуздун коштоосунда" ноталык-хрестоматиялык окуу куралын жарыкка чыгарышкан. Ал азыр музыкалык окуу жайларда, музыкалык орто мектептерде окуу процессинде пайдаланылууда.

Учурда комуз аспабын окутуп-үйрөтүү И. Арабаев ат КМУнун Көркөм маданият жана билим берүү факультетинде, Ош Мамлекеттик университетинин "Искусство" факультетинде, К. Молдобасанов ат КУКта, Б. Бейшеналиева ат КММИУда, музыкалык орто окуу жайларында музыкалык мектептерде

жүргүзүлүп жатат. Комуз аспабын окутуп-үйрөтүү жана калк арасына кеңири жайылтуу максатын көздөгөн долбоорлор иш алып барышууда.

Жаш муундардагы эстетикалык табитти өстүрүүгө багытталган аткаруучулук репертуарды тандоонун негизги маселеси – добуштун кооздугуна жана сапатына көңүл бурууда, жалпы кругозорду кеңейтүүдө, ой жүгүртүүчү музыкантты тарбиялоодо чыгармачылык жекечеликти калыптандырууда турат.

Кыргызстандагы комуз класстары, деги эле көркөм билим берүү Европалык көркөм билим берүүгө салыштырмалуу абдан эле жаш. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болуу менен, музыкалык дүйнөдөгү өз алдынчалык абалын бекемдеп келет. Тарыхый жактан алганда, анын түзүлүшү негизинен советтик мезгилдеги музыкалык-педагогиканын мыкты салттарына таянат.

Улуттук искусство тармагындагы музыкант-педагогдун билими болочок педагогикалык ишкердүүлүк үчүн зор таяныч. Музыка мугалимине улуттук салттык жана профессионалдык музыканын түзүлүшү жана өнүгүшү жөнүндөгү билимдерге ээ болушу зарыл. Ал эми конкреттүү аткаруучулук репертуардагы авторлордун стилистикалык өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү, сөзсүз, педагогикалык ишмердүүлүккө, мектептеги музыка сабагына болгон жекече мамилеге оң таасир этет. Ошондуктан, студенттерде аткаруучулук репертуарынын топтолушу үчүн комуз күүлөрүн жумушчу программага кошуу менен аткаруучулук программаларды пландоо абдан маанилүү.

Акыркы учурда көркөм билим берүү багытындагы факультеттерге ар кыл деңгээлдеги даярдыктагы абитуриенттер кабыл алынып жатат. Ошондуктан окутуучунун алдында окуу процессинин башталышында ар бир студентке жекече мамиле кылуу менен туура жолду тандоо милдети турат. Алгач даярдыктын деңгээлин эске алуу менен, окуучулардын техникалык мүмкүнчүлүгүнө ылайык программаны пландоо керек. Айрым учурда окутуучу татаал чыгармаларга кызыгып же студенттин музыкалык-аткаруучулук мумкүнчүлүгүн ашкере баалоо менен, техникалык планда да, көркөм планда да репертуарды татаалдатып жиберет. Бул үйрөнүүгө болгон кызыгууну кайтарып,

физикалык жана эмоционалдык жактан ашыкча кыйынчылыкка кабылтып, студенттин иренжүүсүнө алып келет.

Тигил же бул чыгарманы аткарууга болгон студенттин өздүк тандоосу жана каалоосу аны тез өздөштүрүүгө кошумча стимул болот. Мындай ыкма аткарылуучу музыкага чыгармачылык мамилени өнүктүрөт. Репертуарды кабыл алууда окутуучу студенттин өзү мурдатан кабардар же бир аз ойной билген, музыкасы жаккан чыгармаларын тандап берүүсү керек. Ага өз алдынча иштөөгө, учурдагы комуз күүлөрүнөн же комуздун коштоосунда аткарылган жаңы обондор менен таанышууга жана жаккан чыгарманы тандоо укугуна мүмкүнчүлүк берүү зарыл. Ошондой эле айрым сабактарда ойноп берип иллюстрациялоо менен, жаңы репертуарды студентке окутуучу өзү тааныштырып, бул аркылуу чыгарманы пропогандалайт. Бүгүнкү күнгө жеткен комуз күүлөрү менен болочок мугалим-музыканттын кругозорун кеңейтет.

Ошондуктан, болочок музыка мугалимдерин даярдаган факультеттердин студенттери үчүн окуу процессинин учурунда репертуарды тандоого зор көңүл бурулат.

Музыка мугалими олуттуу музыканын мазмунун мектеп аудиториясына жеткириши, музыканы угууга жана түшүнүүгө, ал жөнүндө ой жүгүртө билүүгө үйрөтүшү, өсүп келе жаткан муундун эстетикалык табитин өнүктүрүшү, эстетикалык маданиятын тарбиялашы, бүтүндөй искусстводогу жаңы багыттарды тааныштырышы жана ага үгүттөшү керек.

Негизги аспап, кошумча аспап класстарында, концертмейстрдик класста иштөө процессинде болочок музыка мугалиминин аткаруучулук маданияты калыптанат. Ал жалпы билим берүүчү мектепте педагогикалык практика өтүү мезгилинде өзүнүн аткаруучулук жана педагогикалык деңгээлин объективдүү баалай алат. Анткени музыкалык аспапта жетиштүү денгээлде эркин ойной албаса, ал педагогикалык процессте оң натыйжага жетише албайт да, бул сабактын сапатына терс таасирин тийгизет.

**Таблица 1.5. – Аткаруучулук түрмөктүн предметтериндеги негизги талаптар жана милдеттер**

| Предметтер | Талаптар жана милдеттер |
|---|---|
| Негизги музыкалык аспап комуз, Кошумча музыкалык аспап комуз, Концертмейстердик класс | 1. Музыкалык аспапта күүлөрдү чебер аткаруу;<br>2. Ар түрдүү жанрдагы комуз күүлөрүн жана чыгармалардын мазмунуна талдоо жасоо;<br>3. Педагогикалык практикага карата мектеп программасына ылайык аткаруучулук репертуарды даярдоо.<br>4. Педагогикалык практикада топтолгон репертуарды пайдалануу.<br>5. Концерттик аткаруу. |

1. Аткаруучулук түрмөктөгү предметтерде коюлган талаптарды жана тапшырмаларды аткарууга жетишүү, студенттерди болочок педагогикалык ишкердүүлүккө даярдайт. Бул багытта жекече сабактардын аткаруучулук ыкмаларына ээ болуу жалпы билим берүүчү мектептеги музыка мугалиминин педагогикалык ишкердүүлүгүнүн эстетикалык багыттулуугу менен айкалышат. Ал “Музыкалык материалды ылгап, талдоо, окшоштуктарды жана айырмачылыктарды табуу, өз ара байланыштарды белгилөө жөндөмүнүн окуучуларда пайда болушу менен байланыштуу” [34, 131-б. ]. Ошону менен катар негизги музыкалык аспап жана кошумча музыкалык аспап комуз классында үйрөтүлүүчү репертуар анын эстетикалык маданиятынын калыптанышына, “музыкалык искусствонун бир тармагы болгон комуз күүлөрүнө рухий ээ болууга” жардам берет.

Репертуарды тандоодо, программага ылайык: ар кыл жанрдагы комуз күүлөрү, аткаруучулук ыкмалары, толгоолор, тоомдор тандалышы зарыл.

Бул фактор кандай гана музыкалык-педагогикалык процесс болбосун, ал үчүн принципиалдуу практикалык мааниге ээ. Чыгарманын музыкалык мазмунун үйрөнүү, ага талдоо жасоо, жанр жөнүндөгү түшүнүк билимдердин кендигин (музыкалык гана эмес, искусствонун башка тармактарында да), жалпы эрудицияны, салыштырууга жөндөмдүүлүктү ж.б. талап кылат. Ошентип, окуу процессинде аткаруучу эмнени ойносо, анын окуу репертуарын

үйрөнүү деңгээли канчалык болсо, музыкалык материалга мамилесинин планы кандай болсо, аткаруучунун денгээли ошого көз каранды. Студент аткарылуучу чыгармага аннотацияны даярдоо менен, музыкалык чыгарманын мазмунунун майда-чүйдөсүнө чейин жакындашып барат.

Комуз үйрөтүү сыяктуу жекече сабактарында аткаруучулук репертуардын үстүндө иштөөнүн негизги методдорун карап чыгуу менен, окутуучуларга эстетикалык тарбия берүүнүн эффективдүүлүгүн жакшыртуу үчүн үйрөтүлүүчү чыгармалардын репертуарынын үстүндө иштөөдө абдан таасирдүү **методдор сунушталат**:

– комузчулук өнөрдүн бардык жанрларын камтыганга ылайыктуу студенттердин аткаруучулук репертуарын пландоо методу;

– студенттердин аткаруучулук репертуарын изилдөөгө жана талдоого комплекстүү мамиле методу;

– искусствонун башка түрлөрү менен күүлөрдүн мазмунун салыштыруу методу.

Биздин практика көргөзгөндөй бир музыкалык аспапта музыканы талап кылынган деңгээлде ойной алган студенттин калыптанган эстетикалык табити экинчи аспапта начар ойноого жол бербей тургандыгын көрсөтүп келет.

Буга байланыштуу окутуучуларга жогорку окуу жайлардын көркөм билим берүү факультеттеринин студенттери үчүн “Комуз күүлөрүн үйрөнөбүз” (окуу куралы) сунушталды [№3тиркеме]. Сунушталган окуу куралындагы репертуарды музыка сабактарында жалпы билим берүүчү мектептин мугалимдери, ошондой эле комуз сабактарында музыкалык орто окуу жайлардын, орто мектептердин, музыкалык мектептердин мугалимдери колдонсо болот.

Биз тараптан сунушталган окуу куралы музыкалык даярдыгы жок же башталгыч деңгээлдеги музыкалык билими бар студенттер үчүн комузду кандай кармоодон баштап, жөнөкөй төрт толгоодогу көнүгүүлөр, тоомдордун которулушундагы аппликатуралар, обон күүлөр, кол ойнотмо күүлөрдү камтыган комуз үйрөнүүнү баштоочулар үчүн окуу куралы катары түзүлдү.

Чыгармалар аткаруу татаалдыгы боюнча жана толгоо тоомдоруна карай белгилүү бир ырааттуулукта берилди. Бул даярдыктын башталгыч даражасындагы студенттер менен репертуар издөөдө кыйналбай иштөөгө, окуу куралындагы музыкалык материалды тандоодо эстетикалык тарбия берүүнү жана эмоционалдык-сезимдик элестетүүнү студенттерде өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. “Жаштар маршы”, “Чоң кербез”, “Саадак какты” “Эмгек маршы” жана башка чыгармалар мурдатан кулакка сиңген тааныш чыгармалар катары тез өздөштүрүүгө шарт түзүү менен студенттин эстетикалык табитин жана маданиятын калыптандырууга өбөлгө болот. Репертуарга негизинен кыска, ачык жана музыкалуулугу жагынан жалпы элге сиңген, ансамблдик аткарууга ылайык чыгармалар тандалды. Бул экинчи семестрдин ортосунан баштап музыкалык даярдыксыз студенттерге айрым чакан концерттерде чыгып аткарууга мүмкүнчүлүк берет

Жыйнакка кирген обондор, күүлөр белгилүү комузчулардын күүлөрү, элдик, профессионал обончулардын комуздун коштоосунда аткарылуучу чыгармалары катары музыканттардын кеңири чөйрөсүнө белгилүү. Жыйнакка кирген чыгармалар баштапкы музыкалык даярдыгы жок студенттер үчүн жөнөкөйлөтүлгөн вариантта берилди. Окуу куралы комуз кошумча музыкалык аспап болуп саналган студенттер үчүн да пайдаланылат. Анда тактылык станда тактылардын саны аз үлүштө болгондугуна байланыштуу ноталар сейрек жайгашып, штрихтер боюнча айрым белгилер муктаждык болбогон жерде ашыкча коюлбастан окууга оңойлотулуп түзүлдү. Белгилей кетчү нерсе, татаал эмес, жеткиликтүү үлгүдөгү метроритмикалык сүрөттөлүү чыгарманын көркөм мазмунун бузбайт.

Бул окуу куралын колдонуу комуз чертүүгө киришип жаткан студенттердин аткаруучулук мүмкүнчүлүктөрүн оңойлотот жана кеңейтет. Музыка мугалиминин репертуарын байытат, практикалык ишкердүүлүктө аны колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Анткени, чыгармаларды тандоо образдардын ачыктыгы, эсте калуучу обон-кайрык, штрихтердин, аткаруу ыкмаларынын жеңилдиги сыяктуу критерийлерде жүргүзүлгөн. Ар бир музыкалык чыгарманы

репертуарга киргизүү үчүн, анын педагогикалык максатка ылайыктуулугу, көркөм баалуулугу жана билим берүүчүлүк, тарбиялык маанилүүлүгү негизги критерий катары кызмат аткарды. Тигил же бул чыгарманы репертуарга кошууда, биз, бул чыгарма студенттердин музыкага болгон мамилесин, кызыгуусун канчалык күчөтөрүн, ал музыкалык кругозорду кеңейтүүгө жана музыкалык табитти өнүктүрүүгө, музыкалык маданиятты калыптандырууга канчалык жардам берерин эске алдык.

Комуз классындагы бардык иш аракеттер музыкант-профессионалды даярдоого багытталган, анткени ал:

– окуу-тарбия процессинде заманбап билим берүү ресурстарын пайдаланууну жана окуучулардын сабактан тышкаркы ишкердүүлүгүн уюштурууну;

– комуз үйрөтүүдө заманбап методикаларды, инновациялык жана мультимедиялык технологияларды колдонууну;

– аспапты (комузду жана ага кошумча аспапты) эркин ойношу, б.а. угуу үчүн мектеп программасында сунушталган чыгармаларды аткара билүүсү, коштоп берүүсү, ансамблдерде катышуусу;

– окуучуларга эстетикалык тарбия берүүгө байланыштуу класстан тышкаркы ар кандай маданий иш-чараларды уюштуруусу;

– жалпы билим берүүчү мектепте иштин өзгөчөлүгүн эске алуу менен комузда ойноого окутуунун методикасын билүүсү;

– комузчулук менен музыкалык методиканын жетишкендиктерин азыркы талаптар менен шайкеш практика жүзүндө колдоно билүүсү керек.

**Биринчи глава боюнча корутунду**

Эстетикалык тарбиянын тарыхый жолун жана практикасын талдоо, азыркы замандын көптөгөн проблемаларын түшүнүүгө бизге таяныч болуп берди. Жалпысынан алганда эстетикалык тарбия берүү боюнча Кыргызстанда илимий теориялык абал канааттандырарлык деп бааланды, бирок эстетикалык тарбияны комуз күүлөрү аркылуу болочок музыка мугалимдерине берүү изилдене электиги, анын теориялык жана практикалык негиздери иштелип чыкпагандыгы аныкталды.

Эстетикалык тарбия берүүнүн ар башка аныктамаларында чагылдырылган анын ар кыл жактары, анын татаалдыгын жана көп аспектүүлүгүн күбөлөп турат.

Эстетикалык тарбия берүүнүн негизинде гуманизмдин, сулуулуктун, гармониянын жана коездуктун принциптери жатат. Тарыхый өнүгүүнүн прогрессивдүү кыймылына ылайык, искусство аталган принциптерди ишке ашыруучулардын бири болуп калды.

Искусство гана адамдын турмушка болгон эстетикалык мамилесинин топтолгон тажрыйбасын системалаштырат, ачат жана аны жалпы элге жеткиликтүү кылат.

Музыка – бул рухий маданияттын көрүнүшүнүн эң чоң катмары жана эстетикалык тарбия берүүнүн негизги каражаттарынан болуп саналат. Анын нарк-насилин өлчөп-баалоого эч мүмкүн эмес. Музыкалык тарбия берүү, инсандын мыкты сапаттарын тарбиялоого багытталган. Ал дайыма чыгашалуу, бирок социалдык жактан зарыл.

Коомду өнүктүрүү – ар бир адамга билим, тарбия берүүнү, ага рухий-адеп-ахлактык негиз тартуулоону, анын ой жүгүртүүсүн кеңири байытууну билдирет. Ал эми музыкалык тарбия берүү дал ушулардын үстүндө иш алып барат.

Эстетикалык тарбия берүүнү жакшыртуунун теориялык негиздерин карап чыгуу менен, биз тараптан эстетикалык тарбия берүүнүн музыкадагы ролу аныкталды. Атап айтканда: кандай доор болсо да эстетикалык тарбия маанилүү жана коомдун өнүгүшүнүн этаптарына шайкеш эволюциялык өнүгүүгө дуушар болгон.

Эстетикалык тарбияда музыкалык маданиятты талдоо аспектиси өтө маанилүү. Анткени, музыка – бул эстетикалык маданияттын калыптануусунун маани-кунуна баа жеткис, негизги каражаты болуп саналат. Форма менен мазмунга, музыкалык тилдин өзгөчөлүктөрүнө ар тараптуу талдоо берүү, музыкалык чыгарманын жаралуу тарыхын изилдөө гана ар бир музыканттын чыгармачылыгынын өзгөчөлүгүн терең түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Студенттердин инсандык социалдык баалуу сапаттарын тарбиялоого, дүйнө таанымды туура калыптандырууга, музыкалык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүгө түрткү болот.

Комуз күүлөрүндө музыкалык маданияттын өзгөчөлүгүнүн жана эстетикалык тарбия берүүнүн идеяларын изилдөө менен, биз төмөндөгүдөй корутундуга келдик:

– комуз күүлөрүнүн көркөм каражаттарынын билим-тарбия берүүчү маанилүү таянычы катары, комуз күүлөрү боюнча педагогикалык репертуар түзүүдө башкы роль болочок музыка мугалиминин эстетикалык маданиятын калыптандырууда турат;

– комуз күүлөрү ошол доорду мүнөздөгөн тарыхый окуяларды кайрыктарында алып жүрөт, б.а. тарыхый материалдардын музыка аркылуу бизге жеткен маалымдамасы;

– педагогикалык репертуардын азыркы абалы окуучулардын рухий

дүйнөсүнө музыканын таасиринин билим берүүчүлүк, тарбиялык табияты менен ыңгайлаштырылган, ал билим берүүчүлүк, тарбиялык иштин бүтүндөй системасына оң таасирин тийгизет;

– музыкалык ой жүгүртүү, музыкалык кругозорду кеңейтүү жана эстетикалык табитти тарбиялоо аркылуу аткаруучулук чеберчиликке жетүү, болочок музыка мугалимине эстетикалык билим берүү жана тарбиясын жакшыртуу процессинде да негизги факторлордон болуп саналат.

# II ГЛАВА.
# БОЛОЧОК МУЗЫКА МУГАЛИМДЕРИНЕ КОМУЗ КҮҮЛӨРҮ АРКЫЛУУ ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮ БОЮНЧА МАТЕРИАЛДАР ЖАНА ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДДОРУ

**2.1. Комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн эффективдүүлүгүн камсыз кылган методдору** деп аталып, анда алгач комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнү талдоодо пайдаланылган изилдөөнүн материалдары жана методдору тууралуу маалыматтар берилди

Биз ***изилдөөнүн объекти катары*** болочок музыка мугалимдерди даярдоодогу окуу процессин тандап алдык, ал эми ***изилдөөнүн предмети*** катары болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттары эсептелинет.

Комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүү маселесин талдоодо төмөнкү изилдөөнүн методдорун пайдаландык**:** илимий булактарды талдоо, педагогикалык тажрыйбаны үйрөнүү, моделдештирүү; байкоо жүргүзүү, анкеталоо, эксперимент, математикалык статистикалык методдор.

Илимий булактарды талдоо: Алгач адабий материалдар менен тааныштык. Инсанга эстетикалык тарбия берүү маселесине байланыштуу Байыркы Чыгыш, Батыш, Европа, Орус, Совет доорундагы философтордун, ойчулдардын, педагог-окумуштуулардын көз караштары, илимий тыянактарынан турган материалдарды системалаштыруу болду. Эстетикалык тарбия берүүнүн теориялык-методологиялык негиздерине байланышкан: В.А. Сухомлинскийдин “О воспитании” [145], Б.Т. Лихачевдун “Теория эстетического воспитания школьников” [94], искусствонун каражаттарында эстетикалык тарбия берүүнүн негиздерине байланышкан: В.Н. Шацкаянын “Музыкально-эстетическое воспитание детей и юношества” [159], О.А. Апраксинанын “Методика музыкального воспитания в школе” [21], Л.Г. Арчажникованын “Развитие теории высшего музыкально-педагогического образования” [27], улуттук искусствонун каражаттарында эстетикалык тарбия

берүүнүн методологиялык жана жалпы теориялык негиздерине байланыштуу: С.И.Касумованын «Из истории профессионального образования в Азербайджане» [80], С.А. Узакбаеванын “История развития и проблемы совершенствования музыкально-эстетического воспитания учащихся в общеобразовательных школах Казахстана» деген темадагы авторефератын [148], Х.Я. Раннаптын Музыкальное воспитание в эстетических школах деген темадагы кандидаттык диссертациясын, К.Н. Абышевдин “Эстетическое воспитание студентов педвузов средствами киргизского музыкально-песенного фольклора» деген темадагы кандидатттык диссертациясынын авторефератын [124], кыргыз искусствосунун негизинде эстетикалык тарбия берүүнү жакшыртуу жана өнүктүрүүнүн методологиялык негиздери боюнча: М. Абдыкеримованын “Педагогические проблемы художественного воспитания учащихся IV-VII классов в учебно-воспитательном процессе” кандидаттык диссертациясынын авторефератын [3], Ч.Н. Иманбаеванын «Воспитание интереса к национальной музыкальной культуре у будущих учителей начальных классов» (На материале кыргызского музыкального искусства) кандидаттык диссертациясынын авторефератын [64], ж.б. окумуштуулардын эмгектерин окуп, аларды багыттары боюнча талдап биздин изилдөөбүзгө таяныч катары алдык. Бул өз кезегинде изилдөөнүн келечегин белгилеп алууга жана иштиктүү (жетекчиликке алына турган) гипотезаны калыптандырууга мүмкүндүк берди.

**Изилдөө негизги үч этаптан турду:**

*Биринчи этапта (2011-2012-жж.)* – изилдөөнүн темасын тандоо жана теориялык негиздөө. Философиялык, эстетикалык, музыка таануучулук, психологиялык, музыкалык-педагогикалык адабияттарды, музыкалык-педагогикалык факультеттин окуу-методикалык документацияларын изилдөө, илимий жана түшүнүктүк аппаратты аныктоо; изилдөөнүн иштелип чыккандыгын ачып көрсөтүү.

*Экинчи этапта (2012-2014-жж.)* – сунушталган педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун ачып көрсөтүү максатында калыптандыруучу экспериментти уюштуруу.

*Үчүнчү этапта (2014-2018-жж.)* – педагогикалык-эксперименталдык иштин натыйжаларын талдоо жана жалпылоо; болочоктогу музыка мугалимине эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттарын жакшыртуу боюнча сунушталган методиканын натыйжалуулугун текшерүү.

Педагогикалык тажрыйбаны үйрөнүү биз колдонгон методдордун маанилүүлөрүнүн бири болду. Комуз күүлөрү аркылуу болочок музыка мугалимдерине эстетикалык тарбия берүү багытында иштин абалы менен таанышуу максатында комуз аспабы негизги музыкалык аспап катары окуу программаларына кирген окуу жайлар: И. Арабаев атындагы КМУнун Көркөм маданият жана билим берүү факультетинин комуздан сабак берген окутуучуларынын иш тажрыйбалары менен, Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинин окуу процесси менен, Б. Бейшеналиева ат КММИУнун “Музыка мугалими” адистиги боюнча окутуп жаткан окутуучулардын окуу программалары жана иш тажрыйбалары менен тааныштык. Алардын сабактарына катышып, комуз күүлөрүндө камтылган эстетикалык көркөм каражаттарды ачууда жана алар тууралуу студенттерге маалымат берүү багытында иш-тажрыйбаларын үйрөндүк.

Моделдештирүү методун ишке ашыруу максатында болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо менен анын эффективдүүлүгүн өстүрүү багытында топтолгон илимий-теориялык негиздерге таянып, комуз күүлөрүндө камтылган эстетикалык көркөм каражаттарды пайдаланып, алардын эстетикалык тарбиялануусун калыптандыруу моделин түздүк. Студенттерге комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүдө зарыл болгон педагогикалык шарттар катарында изилдөөнүн максатына жараша көптөгөн шарттардын ичинен биз төмөнкүлөрдү аныктадык:

– күүлөрдө камтылган эстетикалык баалуулуктарга басым жасоо,

– комуз окуу дисциплинасы аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн натыйжалуулугун арттыруу;

– студенттердин индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу;

– комузду окутуунун методикасына ээ педагогдордун болушу;

– зарыл болгон педагогикалык, методикаларды, каражаттарды жана формаларды камтыган методиканын иштелип чыгышы. Аталган шарттардын сакталышы студенттин музыкалык ой жүгүртүүсүн тарбиялоо аркылуу аткаруучулук көндүмдөрүн калыптандырууга, эстетикалык кабыл алуусун жакшыртууга, эстетикалык аң сезимин, эстетикалык табитин өстүрүүгө, кругозорун кеңейтүүгө ыңгайлуулук жаратып, алардын теориялык билим алуусуна, аткаруучулук чеберчиликке жетүүсүнө жана музыкалык методикалык көндүмдөргө ээ болуусуна багыттаса, күүлөрдү окутууда камтылган: таанып билүүчүлүк, тарбиялык, эстетикалык функциялары алардын күүлөр тууралуу кеңири маалыматка ээ болуусуна биригип таасир этүүсүнүн натыйжасында болочок музыка мугалимдеринин комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбиялануусу калыптангандыгын чагылдырган теориялык модель түзүлдү.

Моделди жаратуу жана изилдөө методикасы модель түзүүнү үйрөнүү изилдөөнүн объектиси жөнүндө жаңы билимди, жаңы бирдиктүү маалыматтарды системалаштырууга жардам берди. Болочоктогу музыка мугалимине эстетикалык тарбия берүүнү жакшыртуунун үлгүсү (модели) иштелип чыкты (1-сүрөт).

Байкоо жүргүзүү методун студенттердин комузчулук өнөргө болгон мамилелери тууралуу маалыматтарды чогултууда пайдаландык. Алардын алгач окуу жайга келгендеги комузга болгон мамилесин, комуз күүлөрү тууралуу маалыматтарын, аңгемелешүү, күүлөрдү тандоо, кыргыз музыкалык аспаптары тууралуу суроо-жооп ирээтинде жекече сабак өтүү учурунда байкап, студенттердин дээрлик көпчүлүгү комуз тууралуу маалыматка ээ эмес экендигин белгиледик. Жалпысынан комуз аспабы, анын кыргыздын улуттук аспабы экендиги, анда күүлөр ойнолору тууралуу билишет. Бирок көпчүлүгүндө комуз

күүлөрү, алардын жанрларга бөлүнүүсү, толгоолору, тоомдору, ж.б. эстетикалык көркөм каражаттары тууралуу элементардык түшүнүктөрү жок экендиги биздин көтөргөн маселенин зарылдыгын бекемдеди. Анткени учурда аймактардыгы музыкалык мектептердин толук кандуу иштебей калуусу, жалпы билим берүүчү мектептердеги музыка сабагына кайдыгер мамиле, музыка мугалими адистеринин жетишпей, айрым учурда сааттардын аздыгына байланыштуу алардын аргасыздан ишин таштап кетип жатуусу мектептердеги чечилбей жаткан проблема катары студенттердин эстетикалык маданиятынын деңгээлинин олуттуу көңүл бурууга муктаждыгын көрсөтүп, биз болжогон гипотезанын тууралыгын текшерүү максатына жетүүдө жардам берди.

Студенттер менен иш алып барууда биз тандап алган маселенин баштапкы жана жыйынтыктоочу натыйжаларын билүүдө анкета алуу методун пайдаландык. Белгилүү болгондой, анкета жүргүзүү – бул респонденттерден анкетанын стандартташтырылган суроолоруна жазуу жүзүндө жооп берүүсү аркылуу маалымат алуу же топтоо ыкмасы.

Биз эксперименталдык изилдөөдө болочок музыка мугалимдеринин комузга, комуз күүлөрүнө болгон мамилесинин бир катар аспектилерине көңүл бурууга басым жасадык.

Аныктоочу эксперимент И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде жана Ош мамлекеттик университетинин базасында жүргүзүлдү. Анткени эки окуу жайда тең музыка мугалимдери даярдалат жана алардын жогорку окуу жайына чейинки музыкалык даярдыгы бирдей.

Экспериментке талапка ылайык текшерүүчү жана эксперименталдык топтор үчүн иденттүүлүгү боюнча окшош курамдар тандалып алынды.

Аныктоочу эксперименттин максаты – аталган окуу жайлардын эксперименталдык жана текшерүүчү топторундагы студенттердин комузга болгон мамилесинин баштапкы деңгээлин аныктоо болду.

Анкетадагы суроолор болочок музыка мугалимдеринин комузга болгон мамилесин аныктап, аларга сунушталган альтернативдик суроолордун бирөөсүн тандоо мүмкүнчүлүгү менен түзүлдү.

Анкеталык суроолор төмөндөгүдөй түзүлдү:

1. **Сизге төмөндөгү музыкалар сунушталса, кайсынысын тандап угасыз?** (*керектүүсүнүн алдын сызыңыз*):

а) эстрадалык музыка;

б) кыргыз ырлары;

в) комуз күүлөрү;

г) классикалык музыка.

**2. Комуз күүлөрү тууралуу маалыматыңыз барбы?**

а) эч кандай маалыматым жок;

б бир аз маалыматым бар;

в) күүлөр тууралуу маалыматым көп;

г) маалыматым абдан көп.

**3. Комуз чертүүгө кызыгасызбы?**

а) кызыкпайм;

б бир аз кызыгам;

в) кызыгам;

г) абдан кызыгам

**4. Сиздин жашооңузда искусствонун орду?**

а) эс алуу (досуг);

б) маданий кругозорумду кеңейтем;

в) эстетикалык канааттануу алам.

г) эстетикалык ырахат алып, өзүм да жаратууга аракеттенем.

**5. Комуз күүлөрүн үйрөнүү аркылуу Сиздин эстетикалык маданиятыңызда кандай өзгөрүүлөр болду?** (*негиздеп бериңиз*).

а) бир аз өзгөрүү болду;

б) эстетикалык көз карашым өзгөрдү;

в) комуз дүйнөсүнүнө кызыгуум өстү;

г) комуз күүлөрү эстетикалык маданиятымды жогорулатты.

Аныктоочу экспериментте анкеталык суроолорго берилген жоопторду талдоодон кийин биз студенттерге комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия

берүүнүн сапатын жогорулатуу багытында окуу программаларын иштеп чыгып, андагы талаптардын басымдуулугун комузду үйрөтүү менен бирге күүлөрдө камтылган эстетикалык көркөм каражаттарды ачып берүүгө коюп, күүлөрдүн тарых-таржымалын, авторунун чыгармачылык стилин, жашаган доорун ж.б. талдап, сынак учурунда студенттердин аткарган күүсүнө анотация жазуу талабын сунуштап бекиттик. Аны менен катар 12 саатка эсептелген "Комуз таануу" курсун тандоо курсу катары фольклор дисциплинасына кошумча ирээтинде программасын, лекциясын иштеп чыгып эксперимент катары 1-курстар ичинен тандалып алынган эксперименталдык топко өттүк. Студенттердин эстетикалык маданиятын өнүктүрүү үчүн окумуштуу В.М. Шепелдин "Өзүңөрдү сырттан көрө аласыңарбы?", "Силер өзгөрүүлөргө даярсыңарбы?" деген диагностикалык методикасына таянып, анкеталык суроолорду, комуз дисциплинасынан сабак берген окутуучулар үчүн алардын иш аракетинин циклограммасын, иштөөнүн методдорун, формаларын жана студенттик группада эстетикалык тарбиялоо боюнча кураторлордун иштерин систематизациялоо үчүн өзүнүн чыгармачылыгын көрсөтө билүү, бүтпөгөн сүйлөмдүн методикасын иштеп чыктык (дисс. 1-2-тиркеме). Эксперименттик аракетибиздин негизги максаттарынын бири бул – студенттердин эстетикалык табитин өнүктүрүүгө багытталды. Бизге белгилүү болгондой эстетикалык табиттин өнүгүшү студенттер менен мугалимдердин эстетикалык кызыкчылыктарынын өнүгүүсүнө диалектикалык байланышта болот. Ал эми кызыгуу – адамдын обьектини таанып билүүгө же кандайдыр бир ишмердикти үйрөнүүгө эмоционалдуу мамиле кылуусу менен жашоо-турмушубуздагы тиги же бул предметти же кубулушту таанып билүү максатына активдүү багыт алышы катары белгилүү, таанып-билүүчүлүк активдүүлүктү арттырат, тандалып алынган обьектилер менен ишмердикке чыгармачыл мамилени калыптандырат. Маалымдуулуктун таасири алдында ишмердүүлүк жеңилирээк, эркинирээк, жана ылдамыраак ишке ашат. Мына ошондуктан биз калыптандыруучу эксперимент учурунда студенттердин комуз күүлөрүн үйрөнүүгө ынтызарлыгын арттыруунун натыйжасында алардын эстетикалык маданиятын калыптандырууга таасирдүү жол издедик. Комуз

күүлөрү, алардын жанрларга бөлүнүшү, комузчулар, алардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, жашаган доору тууралуу кеңири маалымат берүү аркылуу болочок музыка мугалимдеринин комуз аспабына, комуз күүлөрүнө болгон мамилесин жакшы жагына өзгөртө алдык. Аталган иш аркеттердин жыйынтыгын билүү максатында студенттер арасында анкеталоо өткөрүлдү.

Жыйынтыктоочу сурамжылоодо эксперименттин жыйынтыктарын математикалык статистикалык методдор аркылуу баалоо жүргүзүлдү.

Бул багытта иш алып баруубуздун түпкү жыйынтыгы каралып жаткан проблеманын илимий методдоруна түздөн-түз байланыштуу. Илимий методдор изилдөөнүн объектисинен жана предметинен келип чыгып, проблеманын теориялык негиздерин, тарыхый жана педагогикалык өнүгүү этаптарын, абалын аныктоо менен анын натыйжаларын илимий негизде түшүндүрүүгө өбөлгө түздү. Ошондуктан, студенттерге комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн баштапкы абалын аныктоодо, алардын ага чейинки музыкалык даярдыктарын, эстетикалык табиттеринин деңгээлин эске алуу менен алардын эстетикалык тарбия алуусунун педагогогикалык шарттарын аныктоо жана анын таасирин жогорулатуу боюнча педагогика илиминде бизге чейин белгилүү болгон илимий-изилдөө методикаларына таяндык. Анткени, ар кандай илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүдө алдын-ала коюлган максатка, милдеттерге жетүү үчүн ыңгайлуу ыкмаларды жана изилдөө методикаларын туура тандап, колдонуу зарылдыгы жаралат. Бул багытта биз педагогикалык методологиялык билимдерге таяндык.

## 2.2. Комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттары

XX кылымдын аягы дүйнөлүк коомчулук үчүн руханий жана материалдык талаптардын жаңы түрлөрүнө өтүү мезгили болду. Анткени учурда коомчулуктун өсүү тартибин түп тамырынан бери өзгөртүүгө жөндөмдүү жаңы маалымат технологиялары ойлонуп табылууда. Бийик интеллектуалдуу чыгармачыл эмгек коомдогу өз ара атаандашуунун эң негизги кыймылдаткыч күчүнө айланды. Учурда коомдун актуалдуу маселелерин чечүү

үчүн, жаңыча ой жүгүртө алган, өз ишинин чебери, адеп-ахлактуу жана руханий дүйнөсү бай адам керек. Мындай жоопкерчилик адамдын заманбап билим алуусун жана аны иш жүзүндө пайдалануусун талап кылат.

Билим алуу социалдык жана экономикалык маселелерди чечүүдө маданият менен катар, коомчулуктун эң башкы мүдөөсүнө айланды. Бул маселени чечүү үчүн, эстетикалык циклдин предметтери бардыгынан таасирдүү каражат болуп саналат. Көркөм өнөр дисциплиналары философия, тарых жана эстетика дисциплиналары менен бирге окуу процессинде адамдын гармониялуу калыптануусуна ар тараптуу жардам берет.

Көркөм өнөргө окутуу системасын сактоо жана чыгармачыл кесиптердин адистерин даярдоо менен бул системаны мындан ары да өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүү, заманыбыздын актуалдуу маселелеринен.

Болочок музыка мугалимдерине эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттарын кароодо, биз алгач педагогикалык шартты акыктоо боюнча кыскача илимий маалымат берүүнү туура көрдүк.

Педагогикалык булактардын жана диссертациялык иликтөөлөрдүн анализи педагогикалык шарттарды аныктоо үчүн түрдүү теориялар жана мамилелер колдонушу мүмкүн экендигин көрсөттү, бирок, бул маселени кенен жана толук чечүү, түбүндө педагогикалык система тууралуу түшүнүк камтылган системалуу мамиленин негизинде гана ишке ашырылышы мүмкүн.

«Шарт» түшүнүгү алдында биз мындан ары «предметтин курчап турган көрүнүштөрсүз өкүм сүрө албаган, аларга болгон мамилесин» түшүндүрүүчү философиялык категория катары түшүнөбүз.

Предметтин өзү шартталып жатат, ал эми шарт – обективдүү дүйнөнүн көп түрдүүлүгүнүн предметине карата тышкы болуп эсептелет.

Тигил же бул көрүнүштү же процессти түздөн-түз жаратуучу себептен айырмаланып, шарт ошол процесс пайда болгон, өкүм сүргөн жана өнүккөн чөйрөнү, кырдаалды түзөт».

Мында «шарт» жана «фактор» сыяктуу ар кыл түшүнүктөргө басым жасоо керек, анткени аларды көпчүлүк учурда алмаштырып колдонушат. Фактор (лат. *factor* – жасап жаткан; өндүрүүчү) кандайдыр бир процесстин, көрүнүштүн себеби, кыймылдаткыч күчү катары мүнөздөлөт, булар анын мүнөзүн же анын айрым белгилерин аныктап турат. Эгер предмет аныктамага негизделүү менен, эч кандай шартты аткарбай турган болсо, анда ал жашай албайт, тигил же бул фактордун жоктугу предметтин жоголуп кетүүсүнө жол бербейт. “Шарт” түшүнүгүн аныктоодогу мындай талаптуулук биринчи милдет катары кесиптик билим берүүдө болочок педагогдорго эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоого карата методологиялык мамилени тандоо тууралуу маселени чечүүнү талап кылат. Экинчи негизги милдет – эстетикалык тарбияны калыптандырууда педагогикалык шарттардын минималдуу жана жетиштүү жыйындысын аныктоо жана теориялык жактан негиздөө болуп саналат.

Биздин изилдөөнүн бир параграфы болочок музыка мугалимдерин даярдочу факультетинин студенттерине эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоого багытталгандыктан, анын пайда болуусу, таасири жана колдонулушу үчүн биз зарыл болгон шартты аныктообуз зарыл.

Бул багытта биз төмөндөгү шарттарды аныктадык: күүлөрдө камтылган эстетикалык баалуулуктарга басым жасоо, комуз окуу дисциплинасы аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн натыйжалуугун арттыруу, студенттердин индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу, зарыл болгон педагогикалык методикаларды, каражаттарды жана формаларды камтыган методиканын иштелип чыгышы.

Мына ушундан улам, эстетикалык тарбия берүүнүн биринчи педагогикалык шарты катары студенттер жана окутуучу тарабынан да билим алуу учурунда, изилдөөдө музыкалык чыгармаларда, күүлөрдө камтылган *эстетикалык баалуулуктарга басым жасоо максатын коюусу* эсептелет. Башкача айтканда, биринчи шарт катары болочок педагогдордун эстетикалык

тарбиясын калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча окуу процессинин так калыптанган максатынын коюлуусу эсептелет.

Бул милдет, жок эле дегенде, экиге бөлүнөт: 1) *студенттердин* билим алуу мезгилинде чын дилинен эстетикалык тарбия-билим алууга олуттуу максат коюусу; 2) студенттерге эстетикалык тарбия берүүдө *окутуучулар* тарабынан белгилүү окуу дисциплинасын окутуу милдеттерине киргизүү зарылдыгын түшүнүүсү. Биздин мисалда "Негизги музыкалык аспап комуз", "Кошумча музыкалык аспап комуз", "Концертмейстердик класс" жана "Комуз таануу" дисциплиналарын окутуу.

Педагогикалык системанын экинчи түзүлүштүк компоненти болуп **билим берүүнүн мазмуну** эсептелет. *Педагогикалык системанын бул түзүлүштүк компоненти* комуз окуу дисциплинасынын мазмунун талдоо аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн натыйжалуугун арттыруу *экинчи шарты болду.*

Бул багытта комуз окуу дисциплиналардын мазмунун карап чыгуу менен күүлөрдө учур талабына ылайык объективдүү маалыматтарды камтуусун, коммунистик идеологиянын талаптарынын басымы алдында окутулуп келген чыгармачыл инсандардын өмүр баяндарында, алардын күүлөрүнө талдоо жүргүзүү багытында турмуш чындыгынан четтеп кеткен айрым маалыматтардын тарыхый такталуусу боюнча сунуштар берилди. (Аталган дисциплина боюнча окутуу программасы 2011-жылы кабыл алынып, И. Арабаев ат. КМУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилип, жарык көргөн).

Бекитилген окуу планы жана окуу программасына ылайык «негизги музыкалык аспап комуз», «кошумча музыкалык аспап комуз» дисциплиналарынын окуу методикалык комплекстери түзүлүп, учурда Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын музыкалык бөлүмдөрүнүн окуу процессинде пайдаланылууда.

*Окуу процессинде студенттеди эстетикалык тарбиялоонун натыйжалуулугуна таасир этүүчү алардын* индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу. – *үчүнчү педагогикалык шарт болуп эсептелет.*

Студенттин жеке сапаттарын жана жөндөмдүүлүктөрүн кесиптик деңгээлин системалуу өнүктүрүүгө биз тараптан атайын багытталып иштелип чыккан «*Студенттин жекече планын»* киргизүү маанилүү өбөлгө түзөт. Ал, толтура турган графалары бар, брошюра-журнал. Журналга студенттин ишмердүүлүгүнүн ар кыл этабындагы (ЖОЖго кабыл алынгандан аны аяктаганга чейинки) маалыматтар катталат.

1. Студенттердин жекече планын түзүү, чыгармаларды тандоодо мугалим, анын музыкалык шык-жөндөмүнө жана музыкалык даярдыгына көңүл буруусу зарыл. Эгер студент музыкалык даярдыгы менен (музыкалык мектепти же музыкалык орто окуу жайын бүтүрүп) тапшырса, анда студенттин аспапта аткаруучулук чеберчилигинин деңгээлине жараша чыгармаларды тандоо керек.

Мындай учурда жекече планда каралган бардык өздөштүрүлүүчү көнүгүүлөр, гаммалар, этюддар, обондор, күүлөр мугалимдин кароосу боюнча бекитилип, алардын аткарылышы талап кылынат.

2. Комуз үчүн көнүгүүлөрдү, гаммаларды, этюддарды өздөштүрүү, ноталык адабияттардын жана окуу куралдарынын жоктугуна байланыштуу буга чейин жекече планга киргизилген эмес. Бүгүнкү күндө аларды комузда нота менен ойноо ишке ашып жаткандыктан жекече планга киргизүү сунуш кылынат.

3. Жекече планда ошондой эле өз алдынча даярданууга берилген чыгармалар камтылуусу зарыл. Төрт жылдык окуу мөөнөтүндө студенттин жекече планынын киргизилиши, анын репертуарын кеңейип, байып өсүшүнө, ошондой эле мугалимдин сабакты пландуу жана системалуу түрдө өтүүсүнө зор көмөк берет. Сабактын мындай өтүлүүсү натыйжалуу жыйынтык берет. Студенттин жекече планы секцияда кабыл алынып, кафедранын окуу-методикалык кеңешинде бекитилүүчү документ катары эсептелет.

*Комузду окутуунун методикасына ээ педагогдордун болушу* биз аныктаган шарттардын төртүнчүсү болсо, эстетикалык тарбия берүүгө *зарыл болгон педагогикалык методикаларды, каражаттарды жана формаларды камтыган методиканын иштелип* чыгышы – *бешинчи педагогикалык шарт болуп эсептелет.*

Болочок музыка мугалимдерине эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо менен анын окуу процессинде пайдаланылуусу аркылуу аталган процесстин эффективдүүлүгүн арттыруу боюнча системалуу иш аракеттер уюштурулду.

Акыркы жылдарда мамлекеттик деңгээлде бир топ реформалык өзгөрүүлөр турмушка ашырылууда. Жалпы билим берүүнүн алкагында Кыргызстанда көркөм билим берүү мектепке чейинки, жалпы билим берүүчү орто мектептерден сырткары, техникалык жана кесиптик, жогорку, дипломдон кийинки, аспирантура, магистратура жана докторантураларда формалдык жана формалдык эмес окутуу бөлүмдөрүндө жүргүзүлөт. Мыйзамдын негизинде айрым адистиктер боюнча жаңы окутуу жана квалификациялык баскычтар: бакалавр, магистратура, киргизилди (Болондук система алкагында) жана аларга кошумча окутуунун күндүзгү, сырттан жана дистанттык түрлөрү аныкталган.

Ушул эле учурда адистерди даярдоо процессинде көркөм билим берүү жаатында иштеп жаткан жогорку окуу жайлары, объективдүү жана субъективдүү мүнөзгө ээ айрым кыйынчылыктарга дуушар болууда:

– өлкөдө профессионалдык көркөм билим берүүнүн жалпы өнүктүрүү концепциясынын жоктугу;

– музыкалык аспаптардын, керектелүүчү материалдардын, окутууга байланыштуу методологиялык камсыздоонун (фильмотекалар, окуу программалар, талапка жооп берүүчү окуу куралдар, китепкана, медиа кабинеттер ж.б. ) пландаштырылган бюджеттик камсыздандыруунун жоктугу;

– билим берүү жайларын, уюмдарын каржылоонун жетишсиздиги;

– мугалимдердин квалификациясын жогорулатуудагы көйгөйлөр;

– профессионалдык атайын адабияттардын чыгарылышынын кыскартылуусу;

– окуу курстарынын программаларынын начар камсыздалышы.

– мугалимдердин айлык акыларынын аздыгы;

Аталган маселелер менен эле катар билим берүү системасындагы улуттук кызыкчылыктарды сактоону эске албаган сырттан таңууланган тынымсыз жана көп жолу жүргүзүлгөн жыйынтыксыз реформалык долбоорлор, көркөм билим жана эстетикалык билим алуунун инсанды тарбиялоодогу таасирдүү натыйжасына жасалган кайдыгер мамилелер бул багыттагы мүмкүнчүлүктөрдүн толугу менен ачылышына жолтоо болууда.

Ошондой көрүнүштөрдүн айрымдарына кайрылып көрөлү. Балдарга жана өспүрүмдөргө көркөм билим берүү жаатындагы башкы ролду эстетикалык түрмөктүн сабактары ээлейт. Бирок, окуучулардын жумалык жүктөмүнүн ченемдеринин жогорулашы менен (өзгөчө гимназияларда, лицейлерде жана кээ бир сабактарды терендеп окута турган мектептерде), учурда, окуу саттарынын көлөмү инвариант түрүндөгү сабактарды бириктирүү аркылуу кыскартылууда. Мисалга алганда, 1-4-класстарда окутулуучу «Сүрөт искусствосу» жана «Эмгек» сабактары. «Эмгек» жана «Чийүү» сабактары 5-7-класстарда өтүлүүчү, «Технология» сабагына бириктирилген. Ал эми «Адеп сабагынын» элементтери («Уроки этики») «Адам жана коом» сабагына кошулган. Ошентип, реформалоо процессинде көркөм өнөр жана эстетикалык түрмөктүн баардык сабактарынын сааттарынын көлөмү кыскартылган. «Сүрөт искусствосу жана көркөм чыгармачылык», «Технология», «Музыка» сабактарына жумасына бир гана академиялык саат бөлүнгөн. Мындан сырткары, мектеп алдында китептердин жана окутуу куралдарынын жоктугу же болбосо жетишсиздиги маселеси турат. [84, 106-б.].

Ушул учурда аракетте болгон Кыргыз Республикасынын мектепте билим берүүдөгү мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык (2004), эстетикалык түрмөктүн предметтери «билим берүүнүн жалпы маданий чөйрөсүнө» киргизилген. Талдоо көрсөткөндөй, негизги окуу планынын алкагында,

эстетикалык циклдын предметтери класстарда убакыттын 8,2%, ортончу мектепте – 3,4%, жогорку класстарда – 0 % ээлейт. Башка көп өлкөлөрдөн айырмаланып, негизги окуу планы боюнча бул предметтерге берилген убакыт кыскартылган, анткени Кыргызстанда бул предметтер окуучулардын жүктөмүнүн эсебине киргизилген. Мындан сырткары, мектеп китепканаларында окуу китептеринин жана колдонмолордун жоктугунун же жетишсиздигинин маселеси азыр да курч турат.

Дагы бир маанилүү маселе, орто кесиптик билим берүүгө байланыштуу. Музыкалык аспаптар, жана концерттик кийимдер жаш таланттардын ата-энелеринин кирешелерине ылайык келбейт. Көптөгөн ата-энелер балдарында байкалган жөндөмдүүлүктү көрүп-билип турса да аны өнүктүрүүгө каражаты жетпегендиктен көркөм билим алуусуна шарт түзүп бере алышпайт. Мектептерде штаттардын кыскартылгандыгы жана каражаттын тартыштыгынан чыгармачыл ийримдер: муз аспаптарды үйрөтүү, бий, хор, авздык ансамблдер дээрлик иш жүргүзбөй калды.

Көптөгөн окумуштууларынын ой-пикирлери боюнча, көркөм билим берүү адамдын толук өнүгүп өсүшүндө чечүүчү факторлордун бири болуп саналат. Бул факторлорду эске алуу, өспүрүмдөрдү жана жаштарды, ал гана эмес, орто курактагы адамдарын окутууда жана коомдоштурууда, албан ийгиликтерге жеткенге уникалдуу шарт түзмөк.

Анын артыкчылыгы, искусство дүйнөсү адамдын жаш-курагына, жынысына, дин өзгөчөлүгүнө, кызыкчылыгына жана көнүмүш мейкиндигине карабай, ар бир адам үчүн чыныгы руханий азыктандыруучу чөйрө боло алгандыгында.

Советтик доордун учурунда миң жылдар бою калыптанып келе жаткан улуттук маданиятка сырткы идеологиялык талаптар таңууланган. Кыргызстанда башка союздук республикалар сыяктуу эле улуттук иденттүүлүктү жоюу максатында «формасы боюнча улуттук жана мазмуну боюнча социалисттик» эрежелердин колдонулганы бекеринен эмес. Ошол учурда кыргыз тилинин жарым жартылай унуткарылып, арткы планга

калтырылышы, музыкалык маданиятта салттуу музыкалардын экинчи планга сүрүлүшү, менталитет системасынын кыйроосуна түрткү берген [84, 86-87-б.].

Мына ушундай тарыхый маселелердин жыйынтыгында кийинки жылдарда Кыргызстан бир канча жолу авторитардык жана экономикалык кризис коркунучунда калса да аларды жеңүүдө кыргыз элинин, руханий тазаланууга табигый жөндөмдүүлүгү, байыркылыгы, түптүүлүгү, эгемендүүлүккө болгон ишенимдүү кадамдары – өнүгүүнүн маанилүү өбөлгөсү катары кызмат кылды.

2016-жыл – “Маданият жана тарых жылы”, – деп белгиленсе, 2017-жыл – “Ыйман, адеп жана маданият жылы” болуп белгиленген. Ал эми 2018-жылын – “Аймактарды өнүктүрүү жылы” катары КР Президенти жарлыкка кол койду. Мына ушундай демилгелердин аркасында 2016-жылында Кыргыз Республикасында өткөн 2-Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары, 2018-жылы өткөн 3-Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары жана спорттук маданий иш чаралар жогорку деңгээлде уюштурулуп, кылымдар бою калыптанып келе жаткан көчмөндөр цивилизациясына таандык маданий иш чаралар кыргыз эли тарабынан жалпы дүйнө коомчулугуна даңазаланды.

Ошол эле кезде эки жолу жергебизде өткөрүлгөн Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын алкагында элибиздин өткөн тарыхына, маданиятына, спорттук оюндарына, каада-салт, үрп-адаттарына кайрадан маани берип кайрылуусу жаш муундарга өзгөчө дем, өзгөчө шык жаратып, улуттук дөөлөттөрүбүз менен сыймыктануусуна, аларды үйрөнүүгө, сактоого, коргоого, даңазалап жайылтууга кадам жасоосуна татыктуу шыктануу жаратты.

Акыркы учурда комуз аспабында чет өлкөлүк поп музыкаларды ойноп, ага түрдүү аранжировкаларды жасап коштоо менен жаштардын ойноп чыгуусу аспаптын дүйнөлүк музыкалык аспаптар сыяктуу эле жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачууга кадамдар жасалууда. Комуз аспабында виртоуздук ойноо, аткаруу манерасындагы, чыгарманы элге тартуулоо форматындагы жаңылыктар учурда жаш муундардын аспаптка кызыгуусун арттырууда. Бул багытта “Акак” комузчулар ансамбли күүлөрдү техникалык жогорку деңгээлде аткаруу

аркылуу дүйнө мамлекеттерине комуздун дараметин даңазалашса, ошол ансамблдин катышуучулары катары такшалышкан Назбек Кенчинбаев (комуз) менен Нурайым Азыкбаева (скрипка) коштоосунда музыка дүйнөсүндө жаңылыктарды жаратышууда.

Кыргыз элинин эгемендик алуусу менен жетишилген ийгиликтеринин бирден бир тармагы болуп экономикалык татаал шарттарга карабастан жалпы көркөм өнөр менен катар улуттун салттуу маданиятын билим берүү системасына киргизип жаш муундарга окутуу процесси эсептелет. Учурда көркөм билим берүү багытында профессионалдык кадрларды жана педагогдорду даярдоо Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинде (музыкалык искусство, арт-менеджмент, телевидение, кино искусство), К. Молдобасанов атындагы Кыргыз Улуттук консерваториясында (музыкалык аткаруучулук, композитордук искусствосу), Т. Садыков атындагы Кыргыз Улуттук көркөм сүрөт академиясында (сүрөт искусствосу), Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети (сүрөт искусствосу, архитектура), Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинде (КОСУ) (көркөм дизайн), Кыргыз-Түрк Манас университетинин Искусство факультетинде жана И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен Ош Мамлекеттик университеттеринде (550600-көркөм билим берүү багыты боюнча бакалавр, магистр даярдоо профилдери: музыка жана сүрөт искусствосуна окутуу) тарабынан ишке ашырылат.

Көркөм өнөр жаатында билим берүү профилдик эмес жогорку окуу жайларынын бир тобунда чоң маниике ээ, мисалы, Б.Ельцин атындагы КОСУнун 1-2-курстарынын баардык студенттери милдеттүү түрдө эстетикалык өнүгүү сабактарына (бий, музыка, хордо ырдоо ж.б.у.с.) катышышат.

Т. Садыков атындагы Кыргыз Улуттук көркөм сүрөт академиясы жана К.Молдобасанов атындагы Кыргыз Улуттук консерваториясы үзгүлтүксүз көркөм өнөргө окутуу системасын иштеп чыгышкан. Бул үзгүлтүксүз окуу системасында билим берүү балдар үчүн искусство мектептеринен (же балдар

музыкалык мектептер) баштап, көркөм колледж аркылуу (же музыкалык окуу жай) жогорку окуу жайдагы жана жогорку окуу жайынан кийинки окутуу жүргүзүлөт. Көптөгөн жаш таланттар бул мүмкүнчүлүктү пайдаланып, баскычтан баскычка, негизги кесип боюнча педагогдорун алмаштырбастан өтүп келе жатышат. Аталган ыкма сүрөтчүнү же музыкантты даярдоодо бир кыйла мааниге ээ. Мындан сырткары, Ош шаарында К. Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын Түштүктөгү филиалы иштейт [84, 114-б.].

Учурда Кыргызстандын чыгармачыл окуу жайларында, дүйнөлүк билим берүүнүн тажрыйбаларын жергиликтүү шарттарга интеграциялоо иштери жүрүп жатат. Алар академиялык алмашуулар, чебер-класстар (мастер-класс), гранттарды өздөштүрүү ж.б. түрүндө өтүүдө [84, 115-б.].

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы, анын ичинде Жогорку билим берүү тармагы Болон системасына кирүү боюнча макулдашууга кол койгон. Ошолордун ичинде И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети бар. Ушул багытта иш алып баруу менен кийинки жылдары Билим берүүнүн Мамлекеттик стандарттары кабыл алынып бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен 15.09.2015 ж. № 1179 \ 1 Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты 550000 – Педагогика багыты 550600 – Көркөм билим берүү, академиялык даражасы: бакалавр бекитилген.

Аталган стандарттын негизинде окуу пландары жазылып, жумушчу программалар түзүлгөн.

Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарын аткаруу бакалаврларды даярдоо боюнча кесиптик билим берүү программаларды ишке ашыруучу баардык жогорку окуу жайлар үчүн уюштуруучулук-укуктук формаларына карабастан милдеттүү болуп эсептелет.

Ал эми Кыргыз Республикасында 550600 – Көркөм билим берүү багыты боюнча төмөнкүлөр ишке ашырылат:

– бакалаврларды даярдоо боюнча Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы;

– магистрлерди даярдоо боюнча Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы.

Бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясын ийгиликтүү аяктаган жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүнө "бакалавр" академиялык билими тууралу диплом берилет.

Магистрлерди даярдоодо ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясын ийгиликтүү аяктаган жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнө "магистр" академиялык даражасы тууралу диплом берилет.

Окуунун ченемдик мөөнөттөрү 550600 – Көркөм билим берүү багыты боюнча бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү, күндүзгү окуу формасындагы жалпы орто же кесиптик орто билим берүү базасынын негизинде 4 жылдан кем эмес убакытты түзөт.

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан жана дистанттык билим берүү технологиялары пайдаланылган учурдагы мөөнөттөрү жогорку окуу жайы тарабынан күндүзгү окуу (өндүрүштөн үзбөй) формасындагы өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө салыштырмалуу бир жылга узартылат.

**Таблица 2.1. – Негизги аспап комуз дисциплинасынын семестрге сааттык бөлүнүшү**

| **Курс** | **Ссеместр** | **Көлөмү** | | **Жекече сабак** | **Өз алдынча иштөө** | **Рейтингдик текшерүүлөр дүн саны** | **Жыйынтык** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **кредит менен** | **саат менен** | | | | |
| 1 | 1 | 1 | 30 | 15 | 15 | 2 | Сынак |
| 1 | 2 | 2 | 60 | 30 | 30 | 2 | Сынак |
| 2 | 3 | 1 | 30 | 15 | 15 | 2 | Сынак |
| 2 | 4 | 1 | 30 | 15 | 15 | 2 | Сынак |
| 3 | 5 | 2 | 60 | 30 | 30 | 2 | Сына |
| 3 | 6 | 2 | 60 | 30 | 30 | 2 | Сынак |
| 4 | 7 | 2 | 60 | 30 | 30 | 2 | Сынак |
| 4 | 8 | 1 | 30 | 15 | 15 | 2 | Сынак |

Бакалаврларды жана магистрлерди даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилейт.

Бакалаврларды даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу 240 тан кем эмес кредиттерге (чегерим бирдикке) барабар.

ЖКББ НББПнын окутуу жаатындагы 550600-Көркөм билим берүү багыты боюнча даярдоонун максаты болуп төмөнкүлөр эсептелинет:

Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы ЖКББ НББПнын эмгек сыйымдуулугу 60 тан кем эмес кредиттерге (чегерим бирдикке) барабар.

Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30 кредитке (чегерим бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп курулган учурда).

Бир кредит (чегерим бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иштери жана аттестациянын

– бүтүрүүчүлөрдүн гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый илимдердин негиздеринин чөйрөсүндөгү даярдыгы, тандап алган ишкердик чөйрөсүндө ийгиликтүү иштеши, эмгек рыногунда социалдык ыкчамдыкка, туруктуулукка түрткү берүүчү көп кырдуулукка жана адистик компетенцияларга ээ болуусу **кесиптик** профилдүү билимге бакалаврдын деңгээлиндеги билимге ээ болушу эсептелет**.**

-ЖКББ НББПнын 550600-Көркөм билим берүү багыты боюнча инсанды тарбиялоо жаатындагы негизги максаты болуп, студенттердин социалдык-инсандык сапатын өнүктүрүү саналат. Атап айтсак: максатка умтулуусу, адистик өз билим сапатын жана жалпы маданиятын жогорулатуусу, эмгекчилдиги, уюштуруучулугу, жарандык сапаттары, коммуникативдүүлүгү, жоопкерчиликтүүлүгү, толеранттуулугу ж.б. алардын жалпы маданияттуулугун жогорулатууну адистик багытында үзгүлтүксүз билим алуунун жана өз алдынча билим алуунун алкагында өзүн өнүктүрүүгө жана таанытууга аракеттенүүсү;

Негизги музыкалык аспап комуз классынын максаты ар тараптуу өсүп-өнүккөн музыкант, чебер аткаруучу, жогорку квалификациялуу комузчу-

педагогду даярдоо болот. Бул максат сабактын педагогдоруна төмөндөгүдөй милдеттерди коёт:

– болочок ар бир музыка мугалими сөзсүз түрдө музыкалык аспапта ойной билүүсү талап кылынат;

– комуз аспабы аркылуу кыргыздын салттуу музыкасын окуп үйрөнүү жана келечекте балдарга үйрөтүү;

– студенттердин музыкалык сезимин өөрчүтүп, музыкага кызыгуусун арттыруу;

– студенттерге музыка дүйнөсүнүн көркөм каражаттары боюнча түшүнүк берүү;

– аспапта ойноонун аткаруучулук чеберчилигин өстүрүп өнүктүрүү;

– руханий дүйнөсүн байытуу жана комузчулук өнөр менен кеңири тааныштыруу;

– өз алдынча ой-жүгүртүүсүнө жана чыгармачылык изденүүсүнө көмөк берүү;

– белгилүү залкар комузчулардын өмүр жолу жана чыгармачылыгы менен тааныштыруу.

Кесиптик компетенцияларды калыптандыруу багытында:

Адистик маселелерди чечүүдө педагогика-психологиялык билимин колдонууга даяр жана профессионалдык ишкердүүлүгүнө педагогикалык изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын пайдалана алат;

– методикалык маселерди (моделдөө, методика, окутуу ыкмалары жана техникасы) чечүү жөндөмдүүлүгүнө ээ, окуунун сапатын баалоо технологиясын колдонууга жөндөмдүү;

– класс, топтун денгээлинде окуу поцессин пландоо, уюштуруу, башкарууда адистик ишмердүүлүгүн жүргүзө алат;

– өзүндөгү топтолгон тажырыйба жана ыкмаларды адистик тапшырмаларды чечүүгө ыңгайлаштырууга жөндөмдүү;

– музыкалык билим берүүнүн теориялык негиздерин билет;

– аспапты үйрөтүүдө практикалык иш алып барууга, техникалык каражаттарды, усулдарды пайдаланат;

– комуз аспабын үйрөтүү тармагында өз алдынча көркөм чыгармачылык иш жүргүзүүгө даяр;

– музыкалык билим берүү багыттары боюнча окуу процессин уюштурууда, окуучуларда өз алдынча көркөм чыгармачылык процесске кызыгуусун калыптандыруу жана өнүктүрүүгө жөндөмдүү.

Аталган окутуу-илимий дисциплинаны окутууга жана окуп-үйрөнүүгө карата айрым көрсөтмөлөрдү эске алуу күтүлүүчү натыйжанын таасирдүү болушуна оң таасирин тийгизет, андыктан төмөнкүдөй педагогикалык-методикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыктык:

Алгач комуз аспабын чертүүдө олтуруу тартиби, комуздун тектеш аспаптарга окшоштугу жана өзгөчөлүгү, олтуруу тартиби, тоомдор жана толгоолор боюнча маалымат берилет. 1-2-курстар үчүн комуз аспабындагы негизги толгоолор: «чың толгоо», «оң толгоо», «бош толгоо», «сол толгоо», жана бул толгоолордогу тоомдорду өздөштүрүү белгиленет. Себеби, комузда чертилүүчү чыгармалардын орчундуу бөлүгү ушул толгоолордо ойнолуп, булардан жогорку татаалдыктагы толгоолорду өздөштүрүүсүнө жол ачат. Ал эми негизги толголоорго салыштырмалуу бир топ татаал өздөштүрүлүүчү “терс толгоолорду” ошондой эле аткаруу ыкмаларынын жана маани-маңызынын татаалдыгына байланыштуу классикалык обон-күүлөрдү, залкар кара күүлөрдү өздөштүрүү, жогорку – 3-4-курстардын окуу программасына камтылат.

Окуу программасы боюнча 14-16 сабактан кийин модул тапшырууга тийиш болсо, окуу жылы төрт бөлүкчөгө бөлүнүп, төмөндөгүдөй тартипте жыйынтыктоо каралды.

1. Биринчи жарым жылдык, биринчи модуль

1-2-3-4- курстар үчүн ноябрь айы.

I курстар үчүн олтуруу тартиби, көнүгүүлөр, бирден жеңил чыгарма же чыгармадан үзүндүлөр, 2-3-4-курстар үчүн репертуардык аттестация биринчи

модул катары кабыл алынат. (репертуардык аттестацияга мурун өтүлгөн чыгармаларын кайталоо)

1. Экинчи модуль 1-жарым жылдыкты жыйынтыктоо катары декабрь айынын үчүнчү жумасында алынат.
2. Экинчи жарым жыл, биринчи модуль.
3. 1-2-3-курстар үчүн апрель айы.
4. 2-3-курстар үчүн "Аткаруучулук чеберчилигин өнүктүрүү сынагы. (техникалык сынак) экинчи жарым жылдыктын биринчи модулу катары кабыл алынат.
5. Экинчи жарым жылдыктын экинчи модулу
6. 1-2-3-курстар үчүн июнь айы.
7. Бардык курска "Аткаруучулук маданиятын өнүктүрүү сынагы (академиялык концерт) экинчи модул катары кабыл алынып, жыйынтыкталат.

Жогорку 4-курстар үчүн Мамлекеттик сыноого программа кабыл алуу

Мамлекеттик сынакка кабыл алган программаны 3 жолу коммисиянын кароосунда угуу.

Биринчи угуу – декабрь айында, экинчи угуу – март, үчүнчүсү – май айларында.

Ар бир жарым жылдыкта эки жолу комиссияга жараткан эмгегин көргөзүү, студенттин да, мугалимдин жоопкерчилигин жогорулатат.

Биз көп жылдык тажрыйбабызга таянуу менен окуу процессинин натыйжалуулугуна оң таасирин тийгизе турган айрым сунуштарды бердик. Алар төмөнкүлөр:

1. Жекече сабак өтүлүүчү ар бир класста ошол адистиктин бир жылдык окуу процессинин графиги, модул тапшыруу күндөрүнүн жүгүртмөсү илинип туруусу зарыл. Жума сайын мугалим студентке сабакты өздөштүрүүдө жетишкен ийгилигине же кемчилдигине баа берип, жыйынтыктоо учуруна канча убакыт калгандыгын эскертип туруусу, студенттин эмгектенүүсүнө оң таасирин тийгизет.

2. Мектеп программасына кирген чыгармалардын репертуарга камтылышы жана алардын ичинен өздөштүрүлгөндөрүнө жыйынтыктоо учурунда студенттин аннотация жазуусу, аннотацияда: күүнүн автору жөнүндө маалымат, күүгө музыкалык талдоо жүргүзүү, анын чыгуу таржымалы тууралуу маалыматтын камтылуусу зарыл. Ошону менен катар студенттерге алгачкы күндөрдөн баштап комуз күүлөрүнүн жанрларга бөлүнүшү, боюнча кеңири түшүнүк берүү зарыл. Мындай талап студент ар бир күүнү талдоого, кайсыл комузчунун чыгармачылык багыты кайсыл жанрга жакын экендиги, анын стилдик өзгөчөлүгү, жашап өткөн доору, күү жанрларынын кайсыл аспектен караганыбызга байланыштуу өзгөрүүсү тууралуу алган маалыматы, болочок музыка мугалими үчүн комуз күүлөрү тууралуу окуучуларга жеткиликтүү маалымат берүүсүнүн бекем таянычы болот

3. Буга кошумча комузчулардын өмүр баянындагы, тарыхый күү баяндарындагы буга чейин берилип келген айрым маалыматтардын мазмунун бүгүнкү күндүн талабында кайра карап чыгуу зарыл. Анткени көпчүлүк өмүр баяндар, күүлөрдүн аталыштары, күү баяндары ал кездеги Совет мамлекетинин учурундагы коммунисттик идеологиянын талаптарына ылайык объективдүүлүктөн четтеп кеткен. Ошондуктан окутуучулар студенттерге ар бир күү баяны жана комузчулардын өмүр баяны боюнча материалдар менен тааныштырууда кылдаттык менен акыйкат, такталган объективдүү маалыматты жеткирүү керек.

Биздин изилдөө объектибиз болгон комуз күүлөрү жалпы жанрына карата үч чоң топко: обон күүлөр, залкар күүлөр, айтым күүлөргө бөлүнөт. Ал эми булар мазмундарына, аткарылышына, тематикаларына жараша лирикалык («секетпай», «күйгөн», «арман», «кошок»), эпикалык (эпостук), салт («Камбаркан», «ботой», «кербез», «шыңгырама», «кара өзгөй», «кайрыктар», «Бекарыстан-Тайчылар», «толгоололор», «бийлер») ж.б. күүлөр болуп бөлүнөт [18, 45-б].

Комуз күүлөрүнүн жанрларга бөлүнүшү боюнча кыскача түшүнүк

«Жанр» – французча – genre, латынча – genus көрүнүш, түр.

«Жанр» – деген түшүнүк көп жактуу. Негизинен жанр өнөр дүйнө (искусство) тармактарында колдонулуп, анын жаралышына, чагылдырган объектисине ж.б. карата бөлүнүшү үчүн колдонулат. Бирок бир эле чыгарма формасына, мазмунуна, аткарылышына ж.б. кайсыл аспекттен караганга байланыштуу ар кандай жанрга кириши мүмкүн. Буга мисал катары музыкада анын ичинде аспаптык музыка катары комуз күүлөрүн алсак бир эле күү мазмуну боюнча «айтым күү», аткарылышы боюнча «кол ойнотмо күү», ал эми формасына карата чоң, залкар, кичине болуп бөлүнүшү мүмкүн. Ошондуктан жанрга бөлүү кайсыл өңүттөн карап талдаганыбызга жараша болот – деген жыйынтыгыбыз туура деп ойлойбуз.

Элибиздин музыкалык маданиятында, айрыкча комузчулар арсында кандайдыр бир күүнү аткарардан мурун аны чечмелеп, анын келип чыгыш тарыхы, же эмнеге арналып, кайсыл окуяга байланыштуу чыккандыгы тууралуу кеңири баяндап берип, анан күүнү аткаруусу салтка айланган көрүнүш болгон.

Заманыбыздын залкар комузчусу Карамолдо Ороз уулу: «Күүнүн кандай жаралышын билбей, анын кандай окуяга байланышканын ажыратпай черте берүүдөн майнап чыкпайт», – деген [13, 103-б.].

Мына ушул салттык маданиятыбыз сөзсүз окуу процессинде пайдаланылышы керек. Анткени күү тууралуу ишенимдүү толук маалымат алган студенттин ага болгон мамилесинде, күүнүн эстетикалык нарк-насилине болгон көз карашында таасирлүү өзгөрүүлөр байкалат. Бул талап болочок музыка мугалими үчүн өз учурунда табылгыс казына катары пайдасын берет.

В. Виноградов белгилеп кеткендей комуз күүлөрүнүн 90% ка жакыны программалуу чыгарма же болбосо өзөгүндө кандайдыр бир окуяны камтыйт [44, 168-б.]. Жалпы эле программалуу музыкаларга мүнөздүү болгондой ал чыгарманын аталышы аркылуу берилиши же музыканын күчү аркылуу чагылдырылышы мүмкүн. Комуз күүлөрүнүн ичинде негизинен «обон күүлөр», «айтым күүлөр», «лирикалык», «эпикалык» күүлөрдүн бардыгы программалуу келет. Чындыгында эле педагог-комузчу студенттерге күү үйрөтүүдөн мурун тандап алынган күүнүн таржымалын кеңири баяндап, андан кийин күүнү

аткарып берсе, үйрөнчүк студенттин музыканы кабылдоосуна жана анын маани-маңызына терең түшүнүүсүнө шарт түзүлмөкчү. Комуз күүлөрү соната, сюита, симфония ж.б. аспаптык чыгармалар сыяктуу тема өнүктүрүү принцибинде курулган». Бул принцип мындай, - деп жазган академик А. Салиев: “Күүнүн башкы кайрыгы, адегенде чыккан негизги музыкалык илеби «сүйлөмү» (муну музыкалык тема дейт) барган сайын жиктелип, чечилип, жандырылып жүрүп олтурат. Башкы кайрыкты улаган же түрлөнткөн жаңы эргүүлөр биринен-бирине өтүп, бирде басаңдап, бирде көтөрүлүп, не бир керемет сезимдерди, ойлорду туудурат. Ошондуктан чертилип жатканда кандайдыр бир аңгеме же жомок айтылып отурган шекилдүү сезилет. Мына музыканын ушинтип, «жиктелип» жана өрчүтүлүп барышын – тема өнүктүрүү дешет. Бул принцип классикалык музыканын түпкү негиздеринин бири болуп, симфониялар, сюиталар, аспаптык концерттер, аспаптар тобу жана айрым аспаптар үчүн жазылган башка чыгармалар ушул тема өнүктүрүү жолу менен түзүлөт. Кай бир калктардагы классикалык элдик музыкалары да, биздин күүлөр сыяктуу ушул принципке күтөрүлө алган (мисалы, Индиянын классикалык «рагалары»). Комуз күүлөрү тема өнүктүрүүнүн профессионалдык чоң музыкадагы кээ бир татаал фомаларына («соnatalык форма», «рондо» дегендерге) жетпесе да, негизинен бул принципти өздөштүрүп, өзүнчө бир кыйла өөрчүткөн. Күүлөрдүн: «Камбаркан», «Кербез», «Ботой», «Шыңгырама» болуп ар түрлөргө бөлүнүп кетиши буга айкын далил» [130].

Алгач педагог-комузчу бул багытта иш жүргүзүүнү программалуу музыка катары эсептелген айтым күүлөрдөн баштаса жеңилирээк болот. Себеби, көпчүлүк эле үйрөнчүк студенттер күүнү укканда музыкага терең түшүнүп, маани берүүгө табигый шыгы же музыкалык жөндөмдүүлүгү жете бербейт. Мисалга Манас эпосундагы каармандарга байланышкан күүлөр «Каныкейдин арманын» алсак. Көпчүлүк студенттер эпосту толук окуп чыкпаган болсо, бул күүнүн маанисине жеткиликтүү түшүнө албайт.

Ошол эле Манас эпосуна байланыштуу «Алмамбет менен Чубактын жол талашы», «Чоң Казат», «Семетей күү», «Айчүрөктүн ак шумкарды ала

качканы» ж.б. күүлөрүнүн ар биринин таржымалы жаштарга күү үйрөтүү менен бирге рухий эстетикалык тарбия алууларына өбөлгө болот.

Эпикалык күүлөр сыяктуу эле салт күүлөрдү үйрөтүү учурунда дагы педагог-комузчу алардын чыгыш тарыхын, мезгил менен бирге өнүгүп-өскөн программалуу күүлөр азыркы дүйнөлүк классикалык музыкалардай эле программасыз өнүгүү даражасына жеткендигин түшүндүрүп, чечмелеп берсе студенттер же үйрөнчүктөр арасында: Камбаркандар, ботойлор, кербездер эмнеге мынча көп түрдүү, – деген түшүнбөстүк суроолор өзүнөн өзү чечилмек.

Кыргыз элинде салт болуп калгандай комузчулар алгач күү чертер алдында: “Күүнүн башы – Камбаркан”,-деген наркты бузбастан алгач комузун Камбаркан күүсүнө толгоп алып, чертер алдында ага байланыштуу чыккан эл арасындагы уламышын айтып берип, анан күүсүн черткен.

Уламышта: Алгач комуз аспабын жасап анда күүнү черткен адам Камбар аттуу мерген,- деп айтылат. Айрым учурда Камбарды хан деп да айтып жүрүшөт. Эмнеси болсо да, ким болсо да Камбар музыкалык таланты мыкты адам болгондугунда талаш жок. Балким хан болсо кошуна жашаган түркүн элдер менен карым-катнашта болуп жүрүп алардын да музыкалык аспаптарынан кабардар болгондур. Уламыш мынтип башталат. Камбар бабабыз бир күнү токой аралап аң уулап келе жаткан. Кайберендер көп байыр кылчу коктунун ооз жагындагы боркулчага жанаша нечен кылым карытып өсүп турган кош түп карагай бар эле. Хан дагы жан-жөкөрлөрү менен аңчылар өтчү ичке жол менен өтүп бара жатса менменсине бой тирешкен карагайлардын баш жагынан мурда кулагы чалбаган кандайдыр бир жагымдуу добуш чыгып жаткандай болот. Камбар хан аттын тизгинин жыя тарта аркасында келе жаткан коштоочуларына камчысын жаңсай, токтогула,- деп белги берет. Кандайдыр бир аң көрдүбү же алдынан жырткыч чыгып калдыбы, дегендей жан-жөкөрлөрү токтоп калышат. Тигил жагымдуу добуш жел жүргөн сайын дуулдап, ого бетер хандын кызыгуусун арттырат. Бул эмне добуш, билип келчи? – деп, жигиттеринен бирди жумшап жиберейин, – дейт, бирок анда жанагыл сыйкырдуу добушту чочутуп же жоготуп албайын, – деген ой, хандык

даражасынан бийик туруп, Камбардын өзүн аттан түшүүгө аргасыз кылат. Түшүнүп түшүнө бербей, аттан түшкөн ханга таң кала жабыла карагайдын башына көңүл буруп тиктеп калышкан жөөкөрлөр да жагымдуу добушту угушуп, жабыла кулак түрүшөт. Хан жаасы менен кылычын чечип ээрдин кашына иле сала, шамшарын гана кемерине сайган боюнча карагайга чыгууга кам урат. Таксырым, абайлаңыз. Алда кандай сыр болуп жатат, балким мен билип келермин,- деген жан жигитине: мен, өзүм,- дегендей кол жаңсап коёт, хан. Көк мелжип өскөн карагайдын коюу бутактары менен куурап калган чегедектери жол бербей, кыйынчылык менен жогорулап олтуруп карагайдын кап ортосуна чыгып калганда добуш алда канча жакындап калганын туят. Дагы бир аз көтөрүлгөндө жердегилердин тээ төмөнтө турганын карап Камбар башы тегерене түшкөнүн сезет. Бирок намысы менен кызыгуусу аны токтото коё турган эмес. Бир аз көтөрүлгөндө добуш кош карагайдын орто ченинде керилип турган жип сыяктуу ичке нерседен чыгып жатканына көзү жетет. Мындай сырдын касиетин качырып алуудан чочуган хан Көк Теңирге жалынып, куу бутактын башындагы керилген жипче ичеги экендигине, болгондо да бутактан бутакка секирем деп кардына кирип кеткен куу бутакка илинип өлгөн маймылдын ичегиси экендигине көзү жетет. Ушундай жерге азап-тозок менен чыгып келип, тапканы өлгөн маймылдын ичегиси экендиги хандын ачуусун келтирмек турсун ого бетер кызыгуусун арттырат. Ичегини абайлап чыгарып алып, кайрадан казганактап карап турган кошчуларына түшүп келет. Мындай сыйкырдуу добуш чыгарган кереметтин маймылдын ичегиси экендигин көргөн айрымдары ичинен бышкырып, ачык эле каткырып күлүүдөн хандын каарынан тартынып, сыртынан таңданган, адам боло жакасын карманышып тим болушат. Ошол учурдан баштап хандын акыл-эсин ушундай керемет добушту кантип жасап чыгаруу керек деген ою-санаа ээлейт. Аңчылыктан жолдуу кайткан Камбар ордосуна келер менен кой сойдуруп, анын ичегисин тазалатып кургатып, ичке кылып эшип, алгач эки жыгачтын ортосуна тартып көрүп, колу менен илип тартып добуш чыгарат. Мына ошол күндөн баштап изденүүсүн токтотпогон Камбар бабабыз акыры жүрүп комуздун алгачкы түспөлүн жаратат

жана анда алгачкы музыкалык чыгарманы ойнойт. Ал музыка кийин бара бара Камбардын урматы үчүн Камбардын күүсү аталып жүрүп, кийин сый-урмат катары Камбаркан күүсү деп аталып кеткен экен, -деген уламышы айтылат. Кыргыздар күүнүн пири катары Камбар бабабызга али күнгө чейин таазим кылып келет. Алгач Камабаркан күүсүнөн баштап чертүү да ошол урмат-сыйдын белгиси катары каралат. Мына ушул салтты да ар бир студент үйрөнчүк устат комузчудан насаат катары кабыл алуусу шарт.

Камбаркандарга алардын мазмунун, түрүн, жүрүшүн ж.б. толгон жактарын айкындаган ар кандай кошумча маанидеги түрдүү сөздөр коштолот. Маселен, Камбаркандын эң адепки чыгышына, эскилигине карата «тунгуч», «эски», «алгачкы», аткарылышынын узактыгына, кыскалыгына «чоң», «кичине», күүнүн музыкалык темасынын мүнөзүнө карай, «муңдуу», «армандуу» деген кошумча эпитеттер кошо айтылат. Булардан башка «Камбаркандардын» араларына адамдардын курагын, иштеген кесибин айкындаган «Карылардын Камбаркан», «Малчылардын Камбаркан» деген сөздөр коштолуп чертилет. Камбаркандардын кошумча аттары айкындап тургандай алардын ар бири ар кандай мазмунда, түркүн жүрүштө, түрдүү мүнөздө аткарылат. Алсак Камбаркандардын бири «түнт», «кусалуу», «ачуулуу», экинчиси «бейпил», «шайыр», «жайдары», «салтанаттуу» мүнөздө




болуп эстетикалык категориялардын бир нече түрүнө туура келерин байкасак болот. Алардын көбү дүйнөлүк музыканын кенен өскөн түрлөрүндөй программасыз келет. Комуз музыкасындагы «Камбаркан» аттуу күүлөрдүн бардыгы негизинен квинтага толгонуп чертилет. Мында биринчи жана үчүнчү кылдардын добушу унисондо (бир добушта) чыгып, ал эми ортоңку кылдын добушу квинтага жогору күүлөнөт.

Комузчулар «Камбаркандарын» «Биринчи симфония» №3 соната сыяктантып, «Терме Камбаркан», «Колхоз Камбарканы», «Марш Камбаркан» ж.б. деп түрлөрүн көрсөтүп атоого жетишкен. Бул болсо комуз күүлөрүнүн бийик деңгээлге көтөрүлгөнүн, көп жактуулугун, классикалык музыканын үлгүлөрүндөй багытта өнүккөнүн айгинелейт» [17, 47-б.].

1928-1936-жылдары эл арасында сакталып келе жаткан улуттук руханий дөөлөттөрдү сактап калуу жана өркүндөтүү боюнча иштер жолго коюлуп, А. Затаевич жана В.Виноградовдор аркылуу Токтогул, Муратаалы, Карамолдо, Ыбырайлардан Камбаркан күүлөрүнүн бир канча үлгүлөрү нотага түшүрүлүп алынгандыгынан маалымат бар. Атап айтсак: «Эл Камбаркан», «Тунгуч Камбаркан», «Ооган Камбаркан», «Эски Камбаркан» ж.б. Ал эми Совет мамлекетинин учурунда заман талабына ылайык комузчуларыбыз өзүлөрүнүн Камбаркандарын чыгарып, элге тартуулашкан. Аларга: К. Орозов «Терме Камбаркан», «Колхоз Камбаркан», «Шайыр Камбаркан», А. Огомбаев «Марш Камбаркан», Э. Бекбасаров «Салтанат Камбаркан» ж.б. деген күүлөрдү кошсок болот.

Камбаркандар менен катар эле комуз дүйнөсүндө өз ордун таап өмүр кечирип келе жаткан салт күүлөрдүн бири – *«Ботойлор».*

Ботойлордун келип чыгуу таржымалы боюнча элдик оозеки чыгармачылыгыбызда бизге жеткен белгилүү уламыш бар. Бул тууралуу Б. Алагушов: «Элде «ботойлордун» чыгышы жөнүндө ар кандай уламалар айтылат. Ошонун биринде «Илгери, илгери Карамоймол аттуу инген болгон экен. Ал жаңыдан тууп, ботосун торолтуп, бойтоңдотуп ээрчитип жүргөндө, ботосу капилеттен өлүп калат. Ошондо ал:

Эки эмчегим тирсейтип,
Эмизбедим ботойду.
Калы килем жаптырып,
Шурудан буйла тактырып,
Карачач келин, сулуу кыз,

Коштотподум ботойду, – деп боздоп, көз жашын көлдөй төгүп, жоктогон экен. Көзүнөн буурчактаган жашты, эмчегинен диркиреп аккан ууз сүттү, чарк айлана айласын таба албай турган ингенди Бокеш деген атактуу комузчу көрөт да, бир чети ингенге боору ачып, «байкуш, төөгө да бала кымбат турбайбы», – деп «Ботой» аттуу күүнү чыгарыптыр» [17, 49-50-бб.].

Мына ошол түп нускасы программалуу жаралган «Ботой» күүсү кийин бара-бара түрлүү кошумча эпитеттер менен коштолуп айтылып, өзүнчө салт күүлөргө айланат. Бизге жеткен «Ботойлордон» ар кандай мазмундагы, ар кыл мүнөздөгү, ар түркүн аткаруучулук ыкмадагы «Чоң ботой», «Сал моюн ботой», Чаржайыт ботой», «Жумалак ботой», «Маш ботой» ж. б. түрлөрү эл арасында чертилип жүргөндөрүн билебиз. Жалпысынан «Ботой» күүлөрү «бош толгоодо» квинта-квинта толгоосунда чертилет.




Бул жерде дагы бир эскерте кетүүчү нерсе «Ботой» күүсү түбүндө армандуу окуяны чагылдырган муңдуу обон түрүндөгү күүдөн тараса да, бара-бара өзгөрүлүп, учурда майрамдык салтанаттарды шаңына чыгарган «Маш ботой» күүсүнө чейин өнүгүп өзгөргөндүгүнө күбө болуудабыз. Мына ушунун өзү эле бул күүлөрдүн бийик деңгээлге жетишкендигинен кабар берет. Ал эми А. Огомбаевдин “Маш ботой” күүсү кыргыз комузчулук өнөрүнүн бренди катары комузчулар ансамблдеринин аткаруусунда чет мамлекеттердин түркүн сахналарында жаңырып келсе, II Дүйнөлүк көчмөндөр оюнунунун ачылуу салтанатында 1000 комузчунун ансамблдик аткаруусунда дүйнө элдерин таңдандырды. Ар бир кыргыз атуулу мындай руханий дөөлөтүбүз менен сыймыктанууга акылуубуз.

Ошондой болсо да көпчүлүк үйрөнчүктөр «Маш ботой» күүсүн ойной билген менен анын түп нускасы ботосу өлгөн төөнүн арманынан жаралган кайрыктар экендигин элес албоосу турмуш чындыгы. А.Огомбаев «Ботой»

күүсүн маштап (иштеп) чыгып, адегенде эл алдына кулактандырганда: «Ботой», маштаганы Атай, – деп айтылчу экен. Акырындык менен «Машталган ботой» аткаруучу Атай деп жүрүп олтуруп, «Маш ботой» деген атка ээ болгондугун ар бир педагог-комузчу студенттерге тактап айта жүрсө, алар автордун чыгармачылык изденүүсүнө, жана «Ботой» күүлөрүнүн жалпы окшоштуктары жана айырмачылыктарына байкоо салуусу үчүн кызыгуу жаралмак.

Комуз күүлөрүнүн ичинен бизге салт күүлөр катары жеткендеринин бири – *«Кербездер».*

«Кербез» деген сөз эне тилибизге оошуп келген сөздөрдүн катарына кирип, өзүнүн түпкү мааниси боюнча:

1. Акылдуу, билгич, ар нерседен кабары бар.
2. Өтмө мааниси: кер аяк, кекирейме.

Кекирейген кербез адам. деген маанини түшүндүрсө, музыкалык тилдеги мааниси көп жактуу болуп, негизинен кандайдыр бир болуп өткөн учур, мезгил, куракты чагылдырып турат [75, 417-б.].

«Кербездер» «чың толгоого» толгонуп (кварта), бел күүлөрдүн тоому болгон экинчи тоомдо ойнолот.




Бизге белгилүү комузчулардын ичинен «Кербездер» багытына Токтогул Сатылганов көп көңүл буруп, өзүнчө кербездер галареясын жараткан. Атап айтсак: «Чоң кербез», «Келгендеги кербезим», «Мырза кербез», «Арман кербез», «Сылама кербез», «Бополоң кербез», «Бала кербез» ж. б. Булардан сырткары кербездерге күүнүн авторунун аты жөнү уланып айтылган «Муратаалынын кербези», «Токтогулдун кербези» ж.б. күүлөрү кездешет. Кербездер башка салт күүлөрү сыяктуу эле программалуу жана программасыз болуп өнүгүү деңгээлине жеткен күүлөрдүн катарына кирет. Учурда эл ичинде профессионал композиторлордун айрым чыгармалары сыяктуу эле кербез

күүлөрү: «Биринчи кербез», «Экинчи кербез», «Үчүнчү кербез», «Үч кербез» деген ат менен чертилип жүргөндүгүн белгилей кетсек болот. Окуу процессине пайдаланууда кербездер ойнолуу татаалдыгына карата комуз чертүүнү алгач өздөштүрүп жаткан үйрөнчүктөн баштап үйрөнүү татаалдыгы жогорку аткаруучулук чеберчиликти талап кылган дасыккан комузчулар чертүүчү күүлөргө чейин кездешет. Кербездер жанрына биз жогоруда сөз кылган комузчулардан сырткары К. Орозов «Чоң кербез», А.Огомбаев «Кыз кербез», сыяктуу күүлөрүн чыгарып, музыкалык казынабызга мурас катары калтырып кетишкен [19, 48-б.].

Кербез күүлөрүн үйрөтүүдө педагог-комузчу үйрөнчүктөргө алгач күүнүн аталышы, толгонушу, чертүү ыкмалары менен тааныштыруудан сырткары мисалга Т. Сатылгановдун «Келгендеги кербезим» күүсүн алсак, автордун өмүр таржымалына учкай токтолуп, анын ак падыша тарабынан орус колонизаторлоруна каршы чыккан Анжиян көтөрүлүшүнүн катышуучусу катары Сибирге сүргүнгө айдалып кеткендигин айтып берүүсү керек. Автор башынан кечирген оор күндөрүн ыр түрүндө жамактата айтып туруп, комуздун керемет кайруулары менен уккан элди тамшанта чертип бергендигин белгилеп, андан кийин күүнү ушинтип черткен экен, – деп ойноп берсе, күнүн эстетикалык нарк-насили ого бетер көркүнө чыгып, үйрөнчүк комузчуга өзгөчө таасир калтырар эле.

М: Эки колду кишендеп,
Байлаганда кербезим.
Элден бөлүп башымды,
Айдаганда кербезим.
Эмгек тартып кызыл тил,
Сайраганда кербезим.
Эки көзүм түрмөдө,
Жайнаганда кербезим.
Кайрып колду кишендеп,
Байлаганда кербезим.

Калктан бөлүп башымды,

Айдаганда кербезим.

Кара көзүм түрмөдө,

Жайнаганда кербезим.

Капа тартып кызыл тил,

Сайраганда кербезим.

Кол-бутум байлап кордукта,

Жаткандагы кербезим.

Жергелүү кыргыз калкымды,

Тапкандагы кербезим [12, 64-б.].

Салт күүлөрдүн арасынан бизге кеңири белгилүүлөрүнүн бири – *«Шыңгырамалар».* Бул күүлөр «оң толгоого» күүлөнүп, IV, VI, тоомдордо ойнолот.




"Шыңгырама" деп аталышы анын шыңгыр-мукам добушуна байланыштуу деп белгиленип келет. Бөлөк салт күүлөрүндөй эле шыңгырамалар дагы өзүнүн аткарылуу түрүнө карай: «салтанат», «эпкиндүү», «эски», «чоң» ж.б. кошумча түшүнүктөр менен берилип, эл ичинде «Чоң шыңгырама», «Салтанат шыңгырама», « Эпкиндүү шыңгырама» ж. -б. болуп аткарылып жүрөт. Ал эми айрым күүлөргө автордун аты жөнү кошо тиркелип: «Муратаалынын, Музоокенин, Асанаалынын, Майлыбайдын «Шыңгырамасы» деген аталыштары менен бизге жетип олтурат. Өнүгүү деңгээли жагынан «Шыңгырамалар» дагы кээ бирлери өзөгүнө белгилүү бир окуяны камтыган программалуу катары таралса, айрымдары профессионалдык музыкалардын башка түрлөрүндөй элө программасыз түргө ээ болгондугун байкайбыз. Бул шыңгырамалардын өзүнчө жанр катары өнүгүүнүн жогорку чегине жеткендигинин айкын далили болуп эсептелет[18, 49-б.].

Педагог-комузчу күү үйрөтүү учурунда тандалып алынган күүнүн жанрдык өзгөчөлүгүн, анын ошол жанрга таандыгын далилдөөчү ички жана сырткы мүнөздүү белгилери тууралуу студентке кеңири маалымат берүүсү талапка ылайык. Мисалга алсак салт күүлөрүнүн катарына кирген: «Камбаркан», «Ботой», «Кербез», «Шыңгырама» ж.б. күүлөрүнүн келип чыгуу тарыхын, өнүп-өсүү жолдору тууралуу түшүнүк алуусу менен аларды аткарууда музыкадан алган шыктануусуна ага чейинки күү тууралуу алган билими түрткү берип студенттин же жалпы эле комуз үйрөнүүчүнүн ички сезимдерине тийгизген таасири жогору болору буга чейинки аспаптык музыкалардын педагогикалык-эстетикалык орду боюнча изилденген эмгектерде баса белгиленген. Комуз күүлөрүнүн эстетикалык нарк-насили боюнча илимий изилдөө иштеринин алгачкыларынан болгон бул эмгекте күүлөрдүн жанрларга бөлүнүүсү жана аларды үйрөтүү аркылуу студенттерге эстетикалык тарбия берүүнүн таасирдүү жолдорун табууга иш аракеттер жасалды.

Кыргыздардын оозеки багытта сакталып келген руханий дөөлөттөрүнүн ичинен Манасчылык, акындык-төкмөчүлүк, комузчу-күүчүлүк өнөрлөрү кыргыз элине гана тиешелүү өзгөчөлүк менен кайып дүйнө казынасынан келери буга чейин атеистик, материалистик көз карашты карманып келген советтик системада миф катары, эски көз караш катары кабылданбай келген. Бирок ошого карабастан учурда элибиздин көпчүлүгү, дүйнөлүк коомчулук бул көрүнүштү аргасыз моюнга алышууда. Миллиондогон сап ырдан турган Манас эпосун жатка айтуу жана ошону менен эле өмүрү көрбөгөн жерлерди, сууларды, ага баруучу жолдорду, жүздөгөн каармандарды, алардын кулк-мүнөздөрүн тасмадан көргөндөй сүрөттөп, айлап айтып аягына чыга албаган өнөр, дүйнө элдеринде бир гана кыргыздарга таандык. Олтурган жерден ой баштап, аны чечмелеп жандырып, камыш арасынан учуп кеткен кыргоолду үч саат бою тынбай айтып, анын балапан кезине араң жеткен Жеңижоктой төкмөлүк кыргыздарга гана таандык. Түндө уйку-соонун арасында жатып күңгүрүнгөн күүнүн добушун угуп, аны жадына сактап үйрөнүп, эртеси эртең менен жумушуна даяр күүнү чертип берип, ал жердегилер “Ата мурасы”,-деп ат

койгон күү көп өтпөй элинин сүймөнчүлүгүнө айланган Нурак Абдырахмановдой комузчу кыргыздардан чыгарын студенттерге айтып жеткирүү менен алардын патриоттук сезимдерин кошо ойготуп, мындай даражага жан дүйнөсү таза, адамдык касиеттин жогорку кастасында турган адамдар гана жете аларын жаштарга жеткиликтүү түшүндүрсөк мындан өткөн таалим-тарбия болобу.

Комуз күүлөрүн үйрөтүүдө мугалим алгач студент менен анын буга чейинки музыкалык билими, жөндөмү тууралуу пикир алышуудан кийин ага ылайыктуу чыгармаларды тандоого киришет. Чыгармаларды тандоо процесси педагог-комузчудан чоң жоопкерчиликти талап кылат. Ошондуктан тандоо учурунда төмөнкү талаптар ар дайым туура сакталуусу керек. Ал талап чыгарманын:

– программалык талапка туура келүүсү;

– аткаруу татаалдыгынын студенттин мүмкүнчүлүгүнө оорчулук келтирбөөсү;

– мазмунунун студентке жеткиликтүүлүгү;

– чыгарманын ички жана тышкы каражаттарынын эстетикалык нарк-насили;

– чыгарманы үйрөнүү менен жаңы мүмкүнчүлүктөргө жетишүү.

Тандоо учурунда мугалим күүнүн автору, чыгармачылык өзгөчөлүгү, күүнүн таржымалы, андагы пайдаланылган музыкалык каражаттар, жанры, толгонушу, аткарылуучу тоомдор, аппликатура, чертүү ыкмалары ж.б. боюнча маалымат бергенден кийин күүнү комузда чертип берип музыкалык мазмуну менен тааныштырат.

Мисал катары Ы. Тумановдун «Боз салкын» күүсүн алсак.

Педагог Ыбырай Тумановдун өмүрү жана чыгармачылык өзгөчөлүгү боюнча кыскача маалымат берет.

Күүнүн толгонушу: «шыңгырамалар толгоосу», же «оң толгоо», I кыл «ми», II кыл «ля», III кыл «ре» жазылышы биринчи октавада, угулушу кичи октавада.



Тоому: V жана I тоомдордо ойнолот.

Аткаруу ыкмалары: «терип», «илип», «шилтеп», «сайратып» чертүү.

Аткаруу мүнөзү: Күү алгач акырындык менен башталып, бара-бара алым сабак ирээтинде элестете жүрүп олтурат. Бешинчи тоомдо терип жана сайратып чертүү ыкмалары басымдуулук кылса биринчи тоомдо динамикалык каражаттар улам кезектеше алмашып, шартылдата чертүү менен кайрадан бешинчи тоомго түшөт. Бул жерде күүнүн кульминациялык апогейине жеткен кайрыктары менен күү аягына чыгат. Күүгө автор алгач «Таң атардын боз салкын» деген аталыш берип чертип чыкканын, кийинчерээк акырындык менен эл арасына «Боз салкын» деген ат менен таралгандыгын айтып тааныштырып өтөт. Автор күүдө музыкалык каражаттар аркылуу жайдын толук кезинде бейпил жашоодо чалкыган тоолуктардын жашоо турмушунан бир көрүнүштү сүрөттөгөнү байкалат.

Алгач акырындык менен жаратылыштын ойгонушу, чымчыктар чулдурай үн салып, тоо тараптан таң атардын салкын жел согот. Күн шооласы тоо башына чачырай элет тиричилиги жанданат. Ак мөңгүлүү Ала-Тоо коюнуна түнөгөн ак булуттар бийикке көтөрүлүп, сапарын улап, кайдадыр кербен тартат. Кыштак эли ар кими өз тиричилигине киришет. Бара-бара буркан-шаркан кайнаган турмуш башталып кетет. Кыштак көркүнө чыгып, ар кай жерден щаңдуу күлкүлөр угулуп, шайыр музыкалар жаңырып, өзүнчө кереметке айланат. Мына ушундай жашоо турмушубуздун бир элесин Ыбырай Туманов кайрыктарга айлантып, калкына калтырган экен. Ушул сыяктуу күү боюнча маалыматты ар бир үйрөнчүк студентке жеткирүү менен анын жан дүйнөсүндө күү боюнча кеңири маалымат болгондо гана угуучуга гана эмес аткаруучунун жан дүйнөсүнө жазылбаган ырахат тартууланары турмушта далилденип келет. Бул багытта элибизде бир сүйлөм менен гана: «Күүнүн таржымалын айтып туруп чертүү, угуучуга ат мингизген менен барабар», – деген сапка батырып, бизге нуска калтырып кетишкен.

Күү баяндарын айтып берип, анын тарых-таржымалын, көркөм каражаттарын талдоо боюнча учурда материалдар жарала баштады. Бул багытта Асан Кайбылдаевдин Кыргыз күүлөрү аттуу эки томдугу [72,73], Нурбек Турандын Күү атасы Ниязалы [117] ж.б. педагог-комузчулар үчүн керектүү материалдарды камтыйт.

Ошентип, негизги аспап комуз классында программалык талаптарды эске алуу менен (негизги аспап, кошумча аспап, концертмейстрдик класс) жана ал класстарда иштин бардык принциптерин, функцияларын жана методдорун талдоо аркылуу комуз күүлөрүнүн көркөм каражаттарында болочок музыка мугалимине эстетикалык тарбия берүүнү жакшыртуунун атайын үлгүсү (модели) иштелип чыкты (1-сүрөт).

**Экинчи глава боюнча корутунду**

Экинчи глава **Болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүү боюнча материалдар жана изилдөөнүн методдору** деп аталып, изилдөөдө колдонулган материалдар, комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүү маселесин талдоодо төмөнкү изилдөөнүн методдорун пайдаландык: илимий булактарды талдоо, педагогикалык тажрыйбаны үйрөнүү, моделдештирүү; байкоо жүргүзүү, анкеталоо, эксперимент, математикалык статистикалык методдор орун алды.

Болочок музыка мугалимине эстетикалык тарбия берүүнү жакшыртуу – бул мугалим-музыканттын педагогикалык ишмердүүлүгүнүн педагогикалык багыттуулугун камсыздоочу комуз чыгармаларынан турган репертуардын үстүндө иштөө процессинде алынган билимдерди, көндүмдөрдү, ыкмаларды мүнөздөөчү билим берүүнүн комплекстүү процесси.

Мектептеги педагогикалык практиканын жүрүшүндөгү байкоолордун, жалпы билим берүүчү мектептерде музыка мугалими болуп иштеген сырттан окуган студенттерди сурамжылоонун жана алардан интервью алуунун натыйжасында мындай жыйынтыкка келдик, окуучулар мугалимдин жандуу аткаруусунун механикалык жазылган үнүнө артыкчылык беришет. Ошону

менен катар, окуучулар, жада калса кенже курактагылар аткарууга көңүл коштук менен мамиле кылышпайт. Мугалимдин көркөм, артистик менен аткаруусу, комузду кол ойнотуу менен чертүүсү аларда эмоционалдык реакцияны чакырат. Ушул жерден: “аткаруучу катары репертуардын программасын кылдат даярданганда гана педагог, окуучу угуучулардын көңүлүн табат”, – деген В.Н. Шацкаянын пикирине кошулабыз [159, 79-б.].

Ошондуктан студент кезде комуз күүлөрүн, обондорду коштой билүүнү терең өздөштүрүүсү, музыка мугалиминин аспаптык даярдыгынын маанилүү шарты болуп эсептелет. Анткени үйрөнгөн чыгармалардын репертуарын мектептеги музыка сабактарына иллюстративдик материал катары колдонсо болот. Себеби педагогикалык тажрыйбада далилденгендей музыка жөнүндө айтып берүү менен ошол музыканы ойноп берүү айкалышканда гана сабак өз максатына толук жетет.

Аспаптык аткаруучулук багытындагы жекече сабактар классында жаңы чыгарманы үйрөнүүдө студент педагог менен бирге алгач ноталык материалды талдайт, туура аппликатураны жаттайт, татаал техникалык кайрыктарды чечмелеп ойнойт, обондун үстүндө иш жүргүзүлөт, штрих жана динамика текшерилет жана бул иштердин бардыгы жалпы көркөм образ менен тыгыз байланышта ишке ашырылат, анткени ал үйрөнүлүүчү чыгарманын мазмунун түзөт. Андан ары студент адабияттар менен иштөөдө жанрдык өзгөчөлүккө таандык негизги мүнөздөмөлөрүн: аталышын, пайда болушун, күүнүн чыккан мезгилин, бул учурга таандык негизги белгилеринен маалымат алат. Жекече журналда комуз классында өткөн бардык сабактар белгиленет. Топтолгон репертуар комуз күүлөрүнүн ар түрдүү жанрдык чыгармаларын камтыйт. Берилген чыгармалардын негизги багыты мектептеги практикалык ишке, педагогикалык ишкердүүлүктөгү алынган билимдерди колдонуу жөндөмүнө багытталат.




**2-сүрөт. Комуз күүлөрү аркылуу болочоктогу музыка мугалимине эстетикалык тарбия берүүнүн теориялык модели.**

# III ГЛАВА.
# “БОЛОЧОК МУЗЫКА МУГАЛИМДЕРИНЕ ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ КОМУЗ КҮҮЛӨРҮНҮН ТААСИРИН ЭКСПЕРИМЕНТ АРКЫЛУУ ТЕКШЕРҮҮ

## 3.1. Болочок музыка мугалимине эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык-эксперименталдык иштерин уюштуруу

Болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн мазмунун, педагогикалык шарттарын аныктап теориялык моделин түзүү жана алардын эффективдүүлүгүн педагогикалык-эксперименталдык иштерде текшерүү изилдөөнүн үчүнчү милдети болгондуктан изилденүүчү проблемага теориялык анализ комуз күүлөрүнүн тарбия берүүчүлүк потенциалын жана эстетикалык баалуулугун ачып көрсөттү.

Текшерүүчү эксперимент жүргүзүү И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде жана Ош мамлекеттик университетинин базасында жүргүзүлдү.

Текшерүүчү эксперименттин максаты – аталган окуу жайлардын эксперименталдык жана текшерүүчү топторундагы студенттердин эстетикалык маданиятынын баштапкы деңгээлин аныктоо болуп саналат. Изилдөөнүн өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен текшерүүчү эксперименттин төмөнкүдөй баскычтары аныкталды.

Экспериментке студенттердин баштапкы музыкалык даярдыгы боюнча бир деңгээлдегилери тартылды. Талапка ылайык текшерүүчү жана эксперименталдык топтор үчүн идентүүлүгү боюнча окшош топтор тандалып алынды. Алгачкы текшерүүчү эксперимент жүргүзүү педагогикалык эксперимент өткөрүү боюнча методикалык талаптарга ылайык жүргүзүлдү:

а) изилдөөнүн өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен студенттин эстетикалык аң-сезиминин деңгээлин аныктоо жана баалоонун чен-өлчөмдөрүн иштеп чыгуу;

б) текшерүүчү инструментарийди тандап алуу;

в) студенттер үчүн анкета иштеп чыгуу;

г) студенттердин эстетикалык маданиятынын баштапкы деңгээлин жана алардан комузчулук өнөргө карата мамилелерин аныктоо максатында текшерүүчү ченемдерди жүргүзүү;

д) текшерүүчү ченемдин жыйынтыктарына сапаттык жана сандык талдоо жүргүзүү.

е) топтордун сан жагынан барабарлыгын сактоо;

ж) курстарынын бирдейлигин кароо ж.б.

Педагогикалык экспериментти жүргүзүү учурунда алгач студенттердин баштапкы эстетикалык абалы такталып, андан кийин алардагы эксперименталдык кырдаалдын өзгөрүүсүн тактап текшерип туруу үчүн ич аралык текшерүү эксперименттери өткөрүлдү. Ушул максатта жүргүзүлгөн текшерүүлөр бир эле учурда текшерүүчү да эксперименталдык топтор үчүн да жүргүзүлдү. Процессти баалоо текшерүү учурунда биз тараптан иштелип чыккан критерийлерди пайдаландык.

Изилденүүчү проблемага теориялык талдоо, комуз күүлөрүнүн тарбия берүүчүлүк бийик дараметин жана эстетикалык баалуулугун ачып көрсөттү.

Эксперименталдык изилдөөдө комуз чыгармалары менен студенттердин мамилесининин деңгээлин билүү максатында:

– студенттердин музыкалык баалуулуктарынын курамындагы комуз күүлөрүнүн ордун жана нарк-насилин аныктоо;

– студенттердин эстетикалык муктаждыктарын канааттандырууда комуз күүлөрүнүн ролу;

– студенттин инсандыгын, кесиптик көз карашын калыптандырууга жана өнүктүрүүгө комуз күүлөрүнүн таасиринин даражасы;

– педагогикалык багыттагы жогорку окуу жайларынын студенттеринин музыкалык жана көркөм дүйнөгө кызыгууларын тарбиялоого комуз күүлөрүнүн таасирин активдештирүү мүкүнчүлүгү каралды.

Студенттердин бардыгы эле бирдей ой жүгүртпөгөндүгүнө карабастан, алар биз тараптан сунушталган анкетага жоопкерчиликтүү мамиле кылышты. Ошону менен катар студенттердин арасында элдик, классикалык музыканын баалуулугуна маани берген, ой жүгүртүүсү бийик жаштардын да бардыгына күбө болдук.

Анкеталоо учурунда алынган жетишерлик кеңири жана ар түрдүү материал белгилүү бир даражада байкоо, аңгемелешүү, коллективдик талкуулоо, изилденүүчү аудиторияны суроо аркылуу толукталды жана такталды. Бул болочок мугалимдердин эстетикалык, музыкалык кызыкчылыктарынын деңгээлин толук билүүгө, мүмкүндүк берди.

Изилдөөнүн өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен төмөнкүдөй чен-өлчөмдөр иштелип чыкты:

*Студенттердин комузчулукка, комуз өнөрүнө болгон мамилелерин баалоо максатында:*

а) кайсыл музыкалык жанрга артыкчылык берет;

б) комуз күүлөрү тууралуу маалыматы барбы;

в) комуз чертүүгө кызыгабы;

г) жашоосундагы искусствонун ролу;

д) комуз күүлөрүн үйрөнүү аркылуу эстетикалык маданиятында кандай өзгөрүүлөр болду? – деген багытта жеке анкета формасындагы суроолордун комплекси түзүлдү (№1, тиркеме).

**3.1. –Аныктоочу эксперимент жүргүзүлгөн И. Арабаев ат. КМУнун текшерүүчү тобу**

| | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **Суммардык балл** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 1 | 1 | 2 | 3 | 2 | 9 |
| **2** | 1 | 1 | 3 | 2 | 1 | 8 |
| **3** | 2 | 1 | 2 | 2 | 2 | 9 |
| **4** | 1 | 3 | 1 | 1 | 3 | 9 |
| **5** | 1 | 1 | 1 | 3 | 2 | 8 |
| **6** | 2 | 1 | 1 | 1 | 3 | 8 |
| **7** | 1 | 1 | 2 | 3 | 1 | 8 |
| **8** | 1 | 2 | 3 | 3 | 3 | 12 |
| **9** | 1 | 3 | 3 | 2 | 3 | 12 |
| **10** | 2 | 2 | 3 | 3 | 3 | 13 |
| **11** | 1 | 2 | 2 | 1 | 2 | 7 |
| **12** | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 | 8 |
| **13** | 3 | 3 | 3 | 2 | 4 | 15 |
| **14** | 4 | 3 | 3 | 2 | 3 | 15 |
| **15** | 2 | 1 | 2 | 2 | 1 | 8 |
| **16** | 2 | 4 | 3 | 1 | 2 | 12 |
| **17** | 1 | 2 | 3 | 1 | 2 | 8 |
| **18** | 3 | 3 | 4 | 1 | 4 | 15 |
| **19** | 2 | 4 | 2 | 1 | 3 | 8 |
| **20** | 4 | 3 | 3 | 1 | 3 | 14 |
| **Жооптордун пайыздык бөлүнүшү** | **1–50%<br>2–30%<br>3–10%<br>4–10%** | **1–40%<br>2–20%<br>3–30%<br>4 –10%** | **1–15%<br>2–35%<br>3–45%<br>4–5%** | **1–40%<br>2–35%<br>3–20%<br>4–5%** | **1–15%<br>2–35%<br>3–40%<br>4–10%** | |
| **Орточо балл** | **1.8** | **1.7** | **2.3** | **1.8** | **2,4** | **10балл** |

**1. Сизге төмөндөгү музыкалар сунушталса, кайсынысын тандап угасыз?**

а) эстрадалык музыка – 50%;

б) кыргыз ырлары – 30%;

в) комуз күүлөрү – 10%;

г) классикалык музыка –10% .

**2. Комуз күүлөрү тууралуу маалыматыңыз барбы?**

а) эч кандай маалыматым жок – 40;

б бир аз маалыматым бар –20%;

в) күүлөр тууралуу маалыматым көп – 30%;

г) маалыматым абдан көп – 10%.

**3. Комуз чертүүгө кызыгасызбы?**

а) кызыкпайм – 15%;

б бир аз кызыгам – 35%;

в) кызыгам – 45%;

г) абдан кызыгам – 5%.

**4. Сиздин жашооңузда искусствонун орду?**

а) эс алуу (досуг) – 40%;

б) маданий кругозорумду кеңейтем – 35%;

в) эстетикалык канааттануу алам – 20%;

г) эстетикалык ырахат алып, өзүм да жаратууга аракеттенем – 5%.

**5. Комуз күүлөрүн үйрөнүү аркылуу сиздин эстетикалык маданиятыңызда кандай өзгөрүүлөр болду?**

а) бир аз өзгөрүү болду – 15%;

б) эстетикалык көз карашым өзгөрдү – 35%;

в) комуз дүйнөсүнө кызыгуум өстү – 45%;

г) комуз күүлөрү эстетикалык табитимди жогорулатты –




**3.1.-диаграмма. Аныктоочу эксперимент жүргүзүлгөн И. Арабаев ат. КМУнун текшерүүчү тобунун диаграммасы.**

**Таблица 3.2. –Аныктоочу эксперимент жүргүзүлгөн И. Арабаев ат. КМУнун эксперименталдык тобу.**

| **Суроолор** / **Студенттер** | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **Суммардык балл** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 1 | 1 | 2 | 1 | 1 | 6 |
| **2** | 1 | 1 | 1 | 2 | 2 | 7 |
| **3** | 2 | 1 | 3 | 2 | 2 | 12 |
| **4** | 1 | 2 | 1 | 2 | 2 | 8 |
| **5** | 2 | 1 | 2 | 2 | 1 | 8 |
| **6** | 1 | 2 | 2 | 3 | 2 | 10 |
| **7** | 1 | 1 | 2 | 4 | 1 | 9 |
| **8** | 1 | 1 | 3 | 2 | 1 | 8 |
| **9** | 2 | 2 | 1 | 2 | 2 | 9 |
| **10** | 1 | 3 | 3 | 3 | 4 | 14 |
| **11** | 1 | 1 | 3 | 2 | 1 | 8 |
| **12** | 1 | 2 | 1 | 2 | 2 | 8 |
| **13** | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 10 |
| **14** | 3 | 3 | 2 | 4 | 2 | 14 |
| **15** | 2 | 1 | 1 | 3 | 2 | 9 |
| **16** | 3 | 1 | 2 | 1 | 3 | 10 |
| **17** | 1 | 2 | 3 | 2 | 1 | 9 |
| **18** | 3 | 1 | 2 | 2 | 3 | 10 |
| **19** | 2 | 1 | 4 | 2 | 3 | 12 |
| **20** | 1 | 2 | 2 | 2 | 4 | 11 |
| **Жооптордун пайыздык бөлүнүшү** | **1–55% 2–30% 3–15% 4 –0%** | **1–40% 2–15% 3–35% 4–10%** | **1–25% 2–45% 3–25% 4–5%** | **1–10% 2–65% 3–15% 4–10%** | **1–30% 2–45% 3–15% 4–10%** | |
| **Орточо балл** | **1.6** | **1.5** | **2.2** | **2.5** | **1,9** | **9.7** |

**1. Сизге төмөндөгү музыкалар сунушталса, кайсынысын тандап угасыз?**

а) эстрадалык музыка – 55%;

б) кыргыз ырлары – 30%;

в) комуз күүлөрү – 15%;

г) классикалык музыка – 0%.

**2. Комуз күүлөрү тууралуу маалыматыңыз барбы?**

а) эч кандай маалыматым жок – 40%;

б бир аз маалыматым бар – 15%;

в) күүлөр тууралуу маалыматым көп – 35%;

г) маалыматым абдан көп – 10%.

**3. Комуз чертүүгө кызыгасызбы?**

а) кызыкпайм – 25%;

б бир аз кызыгам – 45%;

в) кызыгам – 25%;

г) абдан кызыгам – 5%.

**4. Сиздин жашооңузда искусствонун орду?**

а) эс алуу (досуг) – 10%;

б) маданий кругозорумду кеңейтем – 65%;

в) эстетикалык канааттануу алам – 15%;

г) эстетикалык ырахат алып, өзүм да жаратууга аракеттенем – 10%.

**5. Комуз күүлөрүн үйрөнүү аркылуу сиздин эстетикалык маданиятыңызда кандай өзгөрүүлөр болду?**

а) бир аз өзгөрүү болду – 30%;

б) эстетикалык көз карашым өзгөрдү – 45%;

в) комуз дүйнөсүнө кызыгуум өстү – 15%;

г) комуз күүлөрү эстетикалык табитимди жогорулатты – 10%.




**3.2.-диаграмма. Аныктоочу эксперимент жүргүзүлгөн И. Арабаев ат. КМУнун экспериментaлдык тобунун диаграммасы.**

**Таблица 3.3. – Ош МУнун текшерүүчү тобу менен өткөрүлгөн аныктоочу эксперимент**

| **Суроолор** / **Студенттер** | | 2 | 3 | 4 | 5 | Суммардык балл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 1 | 2 | 2 | 1 | 2 | 8 |
| **2** | 2 | 1 | 2 | 2 | 1 | 8 |
| **3** | 2 | 2 | 3 | 3 | 2 | 12 |
| **4** | 1 | 2 | 1 | 1 | 3 | 8 |
| **5** | 2 | 3 | 2 | 3 | 2 | 12 |
| **6** | 3 | 2 | 2 | 4 | 4 | 15 |
| **7** | 4 | 2 | 3 | 1 | 1 | 11 |
| **8** | 2 | 1 | 3 | 4 | 3 | 13 |
| **9** | 1 | 1 | 1 | 2 | 1 | 6 |
| **10** | 1 | 2 | 3 | 1 | 2 | 9 |
| **11** | 2 | 2 | 2 | 3 | 4 | 13 |
| **12** | 3 | 3 | 2 | 1 | 2 | 11 |
| **13** | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 | 6 |
| **14** | 3 | 4 | 4 | 3 | 3 | 17 |
| **Жоопт-ордун пайыздык бөлүнүшү** | **1–28.5%<br>2– 43%<br>3–21.4%<br>4–7.1%** | **1–28.5%<br>2–50%<br>3– 14.3%<br>4 –7.14%** | **1–21.4%<br>2– 43%<br>3–28.5%<br>4 –7.14%** | **1 – 43%<br>2– 14.3%<br>3–28.5%<br>4– 14.3%** | **1 –28.5%<br>2– 36%<br>3–21.4%<br>4– 14.3%** | |
| **Орточо бал** | **2** | **2** | **2.2** | **2.2** | **2.2** | **10.6** |

**1. Сизге төмөндөгү музыкалар сунушталса, кайсынысын тандап угасыз?**

а) эстрадалык музыка – 28.5%;

б) кыргыз ырлары – 43%;

в) комуз күүлөрү – 21.4%;

г) классикалык музыка – 7.1%.

**2. Комуз күүлөрү тууралуу маалыматыңыз барбы?**

а) эч кандай маалыматым жок – 28.5%;

б) бир аз маалыматым бар – 50%;

в) күүлөр тууралуу маалыматым көп – 14.3%

г) маалыматым абдан көп – 7.14%.

**3. Комуз чертүүгө кызыгасызбы?**

а) кызыкпайм – 21.4%;

б) бир аз кызыгам – 43%;

в) кызыгам – 28.5%;

г) абдан кызыгам – 7.14%.

**4. Сиздин жашооңузда искусствонун орду?**

а) эс алуу (досуг) – 43%;

б) маданий кругозорумду кеңейтем – 14.3%

в) эстетикалык канааттануу алам – 28.5%;

г) эстетикалык ырахат алып, өзүм да жаратууга аракеттенем – 14.3%.

**5. Комуз күүлөрүн үйрөнүү аркылуу сиздин эстетикалык маданиятыңызда кандай өзгөрүүлөр болду?**

а) бир аз өзгөрүү болду – 28.5%;

б) эстетикалык көз карашым өзгөрдү – 36%;

в) комуз дүйнөсүнө кызыгуум өстү – 21.4%;

г) комуз күүлөрү эстетикалык табитимди жогорулатты – 14.3%.




**3.3.-диаграмма. Аныктоочу эксперимент жүргүзүлгөн ОшМУнун текшерүүчү тобунун диаграммасы**

**Таблица 3.4. – Ош МУнун эксперименталдык тобу менен өткөрүлгөн аныктоочу эксперимент.**

| **Суроолор** / **Студенттер** | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **Сум-мар-дык балл** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 1 | 2 | 2 | 1 | 1 | 7 |
| **2** | 2 | 3 | 1 | 1 | 2 | 9 |
| **3** | 1 | 2 | 2 | 2 | 3 | 10 |
| **4** | 3 | 1 | 2 | 1 | 1 | 8 |
| **5** | 2 | 2 | 3 | 3 | 3 | 13 |
| **6** | 4 | 4 | 3 | 3 | 2 | 16 |
| **7** | 1 | 1 | 4 | 3 | 3 | 12 |
| **8** | 4 | 3 | 2 | 1 | 1 | 11 |
| **9** | 1 | 2 | 1 | 1 | 1 | 6 |
| **10** | 2 | 1 | 3 | 3 | 4 | 11 |
| **11** | 3 | 2 | 1 | 4 | 4 | 14 |
| **12** | 2 | 1 | 2 | 1 | 1 | 7 |
| **13** | 3 | 4 | 4 | 4 | 4 | 19 |
| **14** | 1 | 2 | 2 | 3 | 2 | 10 |
| **Жоопто-рдун пайыздык бөлүнүшү** | **1– 43%<br>2–28.5%<br>3– 4.3%<br>4– 4.3%** | **1–28.5%<br>2– 43%<br>3– 43%<br>4– 43%** | **1–21.4%<br>2– 43%<br>3–21.4%<br>4– 14.3%** | **1– 43%<br>2– 14.3%<br>3– 36%<br>4 – 14.3%** | **1– 36%<br>2–21.4%<br>3–21.4%<br>4 –21.4%** | |
| **Орточо бал** | **2.1** | **2.1** | **2.1** | **2.2** | **2.3** | **10.8** |

***1.*** **Сизге төмөндөгү музыкалар сунушталса, кайсынысын тандап угасыз?**

а) эстрадалык музыка – 43%;

б) кыргыз ырлары – 28.5%;

в) комуз күүлөрү – 14.3%

г) классикалык музыка – 14.3%.

**2. Комуз күүлөрү тууралуу маалыматыңыз барбы?**

а) эч кандай маалыматым жок – 28.5%;

б) бир аз маалыматым бар – 43%;

в) күүлөр тууралуу маалыматым көп – 43% ;

г) маалыматым абдан көп – 43%.

**3. Комуз чертүүгө кызыгасызбы?**

а) кызыкпайм – 21.4%;

б бир аз кызыгам – 43%;

в) кызыгам – 21.4%;

г) абдан кызыгам – 14.3%.

**4. Сиздин жашооңузда искусствонун орду?**

а) эс алуу (досуг) – 43%;

б) маданий кругозорумду кеңейтем – 14.3%

в) эстетикалык канааттануу алам – 36%.

г) эстетикалык ырахат алып, өзүм да жаратууга аракеттенем – 14.3%.

**5. Комуз күүлөрүн үйрөнүү аркылуу сиздин эстетикалык маданиятыңызда кандай өзгөрүүлөр болду?**

а) бир аз өзгөрүү болду – 36%;

б) эстетикалык көз карашым өзгөрдү – 21.4%;

в) комуз дүйнөсүнө кызыгуум өстү – 21.4%;

г) комуз күүлөрү эстетикалык табитимди жогорулатты – 21.4%.




**3.4.-диаграмма. Аныктоочу эксперимент жүргүзүлгөн ОшМУнун эксперименталдык тобунун диаграммасы**

Аныктоочу эксперименттин жыйынтыгы бизге комузчулук өнөр, ал жөнүндө мааалымат, эстетикалык талап, эстетикалык табит, эстетикалык

кызыгуу багытында студенттердин текшерүүчү топтордо да эксперименталдык топтордо да деңгээлдери төмөндүгүн көрсөттү. Аларда негизинен музыкалык тандоодо “Сизге төмөндөгү музыкалар сунушталса кайсынынсын тандап угасыз?”– деген суроого эстрадалык жеңил музыкага басым жасагандыгы, “комуз күүлөрү тууралуу маалыматыңыз барбы?” – деген суроого басымдуу бөлүгүнүн – “Эч кандай маалыматым жок” – деп жооп берүүсү, “Комуз чертүүгө кызыгасызбы?” – деген суроого – “кызыкпайм” же “бир аз кызыгам” – деп жооп бергендердин басымдуу болуусу, ал эми, “Сиздин жашооңузда искусствонун ролу” – деген суроого искусствону жөн гана эс алуу (досуг) катары санагандар негизги орунда турганы, “Комуз күүлөрүн алгач үйрөнүү аркылуу сиздин эстетикалык маданиятыңызда кандай өзгөрүүлөр болду?” – деген суроого “бир аз эле өзгөрүү болгондугун” билдиргендер көпчүлүк пайызды ээлегендиги, биздин койгон максатка жетүүбүз үчүн аткарылуучу иштердин бар экендигин көрсөттү.

Албетте, студенттерде мындай көз караштын калыптанышына азыркы массалык маалымат каражаттары дагы таасирин тийгизбей койгон эмес. Биз муну студенттердин заманбап жеңил-желпи музыкага карата болгон кызыгуусу жогорураак экендигинен жана алар дагы келечектеги педагогдордун руханий маданиятын калыптандыруучу каражат катары заманбап музыкаларды кабыл алышкандыгынан көрө алабыз. Ошондой эле студенттердин элдик музыканы, анын ичинде комуз күүлөрүн үйрөнүүгө жана аткарууга болгон кызыгуусу бар экендигин белгилеп кетишибиз зарыл. Бул өз кезегинде жогорку окуу жайларында студенттерди окутуу жана тарбиялоо процессинде комуз аспабынын эстетикалык потенциалын пайдалануунун келечектүүлүгүн жана маанилүүлүгүн тастыктайт.

**Калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыктарын талдоо жана жалпылаштыруу**

Калыптандыруучу эксперименттин максаты – диссертант тарабынан иштелип чыккан болочок музыка мугалимдерине эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттарынын теориялык моделинин натыйжалуулугун жана практикалык маанисин

эксперименталдык түрдө тастыктоо болуп саналат. Эксперименталдык изилдөөнү уюштуруу анын бир нече негизги баскычтарынын аныкталышын талап кылды.

Биз алгач аныктоочу экспериментте анкеталык суроолорго берилген жоопторду талдоодон кийин студенттерге комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн сапатын жогорулатуу багытында окуу программаларын иштеп чыгып, андагы талаптардын басымдуулугун комузду үйрөтүү менен бирге күүлөрдө камтылган эстетикалык көркөм каражаттарды ачып берүүгө коюп, күүлөрдүн тарых-таржымалын, авторунун чыгармачылык стилин, жашаган доорун ж.б. талдап, сынак учурунда студенттердин аткарган күүсүнө анотация жазуу талабын сунуштап бекиттик. Аны менен катар 12 саатка эсептелген “Комуз таануу” курсун тандоо курсу катары фольклор дисциплинасына кошумча ирээтинде программасын, лекциясын иштеп чыгып, эксперимент катары 1-курстар ичинен тандалып алынган эксперименталдык топко өттүк. Эксперименттик аракетибиздин негизги максаттарынын бири бул – студенттердин эстетикалык табитин өнүктүрүүгө багытталды. Бизге белгилүү болгондой эстетикалык табиттин өнүгүшү студенттер менен мугалимдердин эстетикалык кызыкчылыктарынын өнүгүүсүнө диалектикалык байланышта болот. Ал эми кызыгуу – адамдын обьектини таанып билүүгө же кандайдыр бир ишмердикти үйрөнүүгө эмоционалдуу мамиле кылуусу менен жашоо-турмушубуздагы тиги же бул предметти же кубулушту таанып билүү максатына активдүү багыт алышы катары белгилүү, таанып-билүүчүлүк активдүүлүктү арттырат, тандалып алынган обьектилер менен ишмердикке чыгармачыл мамилени калыптандырат. Маалымдуулуктун таасири алдында ишмердүүлүк жеңилирээк, эркинирээк, жана ылдамыраак ишке ашат. Мына ошондуктан биз калыптандыруучу эксперимент учурунда студенттердин комуз күүлөрүн үйрөнүүгө ынтызарлыгын арттыруунун натыйжасында алардын эстетикалык маданиятын калыптандырууга таасирдүү жол издедик. Комуз күүлөрү, алардын жанрларга бөлүнүшү, комузчулар, алардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, жашаган доору тууралуу кеңири маалымат берүү аркылуу болочок музыка мугалимдеринин комуз аспабына, комуз күүлөрүнө болгон мамилесин жакшы

жагына өзгөртө алдык. Аталган иш аркеттердин жыйынтыгын билүү максатында студенттер арасында кайрадан жыйынтыктоочу анкеталоо өткөрүлдү.

**Таблица 3.5. – И. Арабаев ат. КМУнун текшерүүчү тобу менен өткөрүлгөн жыйынтыктоочу эксперимент.**

| Суроолор / Студенттер | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | Суммар-дык балл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 3 | 3 | 3 | 14 |
| 2 | 1 | 2 | 2 | 3 | 2 | 10 |
| 3 | 2 | 2 | 2 | 3 | 3 | 12 |
| 4 | 1 | 4 | 2 | 4 | 3 | 14 |
| 5 | 2 | 2 | 1 | 3 | 1 | 9 |
| 6 | 2 | 2 | 2 | 2 | 3 | 11 |
| 7 | 1 | 2 | 2 | 3 | 2 | 10 |
| 8 | 2 | 2 | 3 | 3 | 3 | 13 |
| 9 | 1 | 3 | 4 | 2 | 4 | 14 |
| 10 | 1 | 2 | 2 | 3 | 2 | 10 |
| 11 | 2 | 2 | 3 | 2 | 3 | 12 |
| 12 | 2 | 1 | 2 | 3 | 2 | 10 |
| 13 | 3 | 1 | 2 | 2 | 3 | 11 |
| 14 | 4 | 3 | 3 | 3 | 4 | 14 |
| 15 | 1 | 2 | 2 | 3 | 1 | 9 |
| 16 | 2 | 1 | 2 | 2 | 2 | 9 |
| 17 | 1 | 3 | 2 | 3 | 3 | 12 |
| 18 | 3 | 3 | 4 | 2 | 3 | 15 |
| 19 | 2 | 1 | 2 | 1 | 2 | 8 |
| 20 | 4 | 4 | 3 | 3 | 4 | 18 |
| Жооптордун пайыздык бөлүнүшү | 1– 35%<br>2– 45%<br>3–10%<br>4 –10% | 1 – 20%<br>2–45%<br>3–25%<br>4 –10% | 1– 5%<br>2–60%<br>3–25%<br>4 –10% | 1–5%<br>2–30%<br>3–60%<br>4–5% | 1–10%<br>2–30%<br>3–45%<br>4–15% | |
| Орточо бал | 1.9 | 2.1 | 2.6 | 2.6 | 2.6 | 11.8 |

**1. Сизге төмөндөгү музыкалар сунушталса, кайсынысын тандап угасыз?**

а) эстрадалык музыка – 35%;

б) кыргыз ырлары – 45%;

в) комуз күүлөрү – 10%;

г) классикалык музыка – 10%.

**2. Комуз күүлөрү тууралуу маалыматыңыз барбы?**

а) эч кандай маалыматым жок – 20%;

б бир аз маалыматым бар – 45%;

в) күүлөр тууралуу маалыматым көп – 25%;

г) маалыматым абдан көп – 10%.

**3. Комуз чертүүгө кызыгасызбы?**

а) кызыкпайм – 5%;

б) бир аз кызыгам – 60%;

в) кызыгам – 25%;

г) абдан кызыгам – 10%.

**4. Сиздин жашооңузда искусствонун орду?**

а) эс алуу (досуг) – 5%;

б) маданий кругозорумду кеңейтем – 30%;

в) эстетикалык канааттануу алам – 60%.

г) эстетикалык ырахат алып, өзүм да жаратууга аракеттенем – 5%.

**5. Комуз күүлөрүн үйрөнүү аркылуу сиздин эстетикалык маданиятыңызда кандай өзгөрүүлөр болду?**

а) бир аз өзгөрүү болду – 10%;

б) эстетикалык көз карашым өзгөрдү – 30%;

в) комуз дүйнөсүнө кызыгуум өстү – 45%;

г) комуз күүлөрү эстетикалык табитимди жогорулатты – 15%.




**3.5.-диаграмма. Жыйынтыктоочу эксперимент жүргүзүлгөн И. Арабаев ат. КМУнун текшерүүчү тобунун диаграммасы**

**Таблица 3.6. – Ош МУнун текшерүүчү тобу менен өкөрүлгөн жыйынтыктоочу эксперимент.**

| Суролор / Студенттер | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | Суммардык баллы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1 | 2 | 2 | 3 | 2 | 10 |
| 2 | 2 | 3 | 2 | 3 | 1 | 11 |
| 3 | 2 | 2 | 4 | 4 | 3 | 15 |
| 4 | 2 | 1 | 2 | 3 | 1 | 9 |
| 5 | 2 | 3 | 3 | 3 | 2 | 13 |
| 6 | 3 | 3 | 3 | 4 | 4 | 17 |
| 7 | 4 | 2 | 3 | 2 | 2 | 13 |
| 8 | 2 | 3 | 4 | 4 | 4 | 17 |
| 9 | 1 | 2 | 2 | 2 | 1 | 8 |
| 10 | 2 | 3 | 3 | 4 | 4 | 16 |
| 11 | 2 | 1 | 3 | 3 | 2 | 11 |
| 12 | 3 | 3 | 2 | 4 | 3 | 15 |
| 13 | 3 | 2 | 3 | 3 | 3 | 14 |
| 14 | 4 | 4 | 4 | 4 | 3 | 19 |
| Жооптордун пайыздык бөлүнүшү | 1– 14.2%<br>2– 50%<br>3–21.4%<br>4–14.2% | 1–14.2%<br>2– 36%<br>3–28.5%<br>4–00% | 1 – 00%<br>2– 36%<br>3– 43%<br>4–21.4% | 1– 28,5%<br>2–28.5%<br>3–14.2%<br>4–28.5% | 1 – 21.4%<br>2– 28.5%<br>3–28.5%<br>4 –21.4% | |
| Орточо балл | 2.3 | 2.4 | 2.8 | 3.2 | 2.5 | 13.2 |

**1. Сизге төмөндөгү музыкалар сунушталса, кайсынысын тандап угасыз?**

а) эстрадалык музыка – 14.2%;

б) кыргыз ырлары – 50%;

в) комуз күүлөрү – 21.4%;

г) классикалык музыка – 14.2%.

**2. Комуз күүлөрү тууралуу маалыматыңыз барбы?**

а) эч кандай маалыматым жок – 14.2%;

б бир аз маалыматым бар – 36%;

в) күүлөр тууралуу маалыматым көп – 28.5;

г) маалыматым абдан көп – 00%.

**3. Комуз чертүүгө кызыгасызбы?**

а) кызыкпайм – 00%;

б) бир аз кызыгам – 36%;

в) кызыгам – 43%;

г) абдан кызыгам – 21.4%.

**4. Сиздин жашооңузда искусствонун орду?**

а) эс алуу (досуг) – 28.5%;

б) маданий кругозорумду кеңейтем – 28.5%;

в) эстетикалык канааттануу алам – 14.2%;

г) эстетикалык ырахат алып, өзүм да жаратууга аракеттенем – 28.5%.

**5. Комуз күүлөрүн үйрөнүү аркылуу сиздин эстетикалык маданиятыңызда кандай өзгөрүүлөр болду?**

а) бир аз өзгөрүү болду – 28.5%;

б) эстетикалык көз карашым өзгөрдү – 28.5%;

в) комуз дүйнөсүнө кызыгуум өстү – 14.2%;

г) комуз күүлөрү эстетикалык табитимди жогорулатты – 28.5%.




**3.6.-диаграмма. Жыйынтыктоочу эксперимент жүргүзүлгөн ОшМУнун текшерүүчү тобунун диаграммасы**

**Таблица 3.7. – И. Арабаев ат. КМУнун эксперименталдык тобу менен өткөрүлгөн жыйынтыктоочу эксперимент.**

| Суроолор / Студенттер | 1 | 2 | 3 | 7 | | Суммардык балл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 3 | 2 | 3 | 3 | 3 | 14 |
| 2 | 2 | 3 | 4 | 3 | 2 | 14 |
| 3 | 3 | 2 | 3 | 2 | 3 | 13 |
| 4 | 4 | 4 | 4 | 3 | 3 | 18 |
| 5 | 2 | 3 | 3 | 4 | 4 | 16 |
| 6 | 3 | 2 | 4 | 3 | 2 | 14 |
| 7 | 3 | 3 | 3 | 4 | 3 | 16 |
| 8 | 2 | 3 | 3 | 4 | 4 | 16 |
| 9 | 4 | 1 | 3 | 4 | 1 | 13 |
| 10 | 3 | 2 | 4 | 3 | 3 | 15 |
| 11 | 3 | 4 | 3 | 4 | 4 | 18 |
| 12 | 2 | 3 | 4 | 3 | 3 | 15 |
| 13 | 3 | 2 | 3 | 2 | 2 | 12 |
| 14 | 4 | 3 | 3 | 3 | 3 | 16 |
| 15 | 2 | 4 | 3 | 3 | 2 | 14 |
| 16 | 3 | 3 | 4 | 3 | 3 | 16 |
| 17 | 2 | 3 | 3 | 3 | 4 | 15 |
| 18 | 4 | 2 | 3 | 4 | 3 | 16 |
| 19 | 2 | 1 | 3 | 3 | 4 | 13 |
| 20 | 3 | 3 | 3 | 4 | 4 | 17 |
| Жооптордун пайыздык бөлүнүшү | 1– 0%<br>2– 35%<br>3–45%<br>4 –20% | 1 – 10%<br>2 – 30%<br>3 – 45%<br>4 – 15% | 1 – 0%<br>2 – 0%<br>3 – 70%<br>4 –30% | 1 – 0%<br>2 – 10%<br>3 – 55%<br>4 – 35% | 1 – 5%<br>2 – 20%<br>3 – 45%<br>4 – 30% | |
| Орточо балл | 2.8 | 2.6 | 3.3 | 3.2 | 3 | 15.05. |

**1. Сизге төмөндөгү музыкалар сунушталса, кайсынысын тандап угасыз?**

а) эстрадалык музыка – 00%;

б) кыргыз ырлары – 35%;

в) комуз күүлөрү – 45%;

г) классикалык музыка – 20%.

**2. Комуз күүлөрү тууралуу маалыматыңыз барбы?**

а) эч кандай маалыматым жок – 10%;

б) бир аз маалыматым бар – 30%;

в) күүлөр тууралуу маалыматым көп – 45%;

г) маалыматым абдан көп – 15%.

**3. Комуз чертүүгө кызыгасызбы?**

а) кызыкпайм – 00%;

б) бир аз кызыгам – 00%;

в) кызыгам – 70%;

г) абдан кызыгам – 30%.

**4. Сиздин жашооңузда искусствонун орду?**

а) эс алуу (досуг) – 00%;

б) маданий кругозорумду кеңейтем – 10%;

в) эстетикалык канааттануу алам – 70%;

г) эстетикалык ырахат алып, өзүм да жаратууга аракеттенем – 35%.

**5. Комуз күүлөрүн үйрөнүү аркылуу сиздин эстетикалык маданиятыңызда кандай өзгөрүүлөр болду?**

а) бир аз өзгөрүү болду – 5%;

б) эстетикалык көз карашым өзгөрдү – 20%;

в) комуз дүйнөсүнө кызыгуум өстү – 45%;

г) комуз күүлөрү эстетикалык табитимди жогорулатты – 30%.




**3.7.-диаграмма. Жыйынтыктоочу эксперимент жүргүзүлгөн И. Арабаев ат КМУнун текшерүүчү тобунун диаграммасы**

**Таблица 3.8. – Ош МУнун эксперименталдык тобунун менен өткөрүлгөн жыйынтыктоочу эксперимент.**

| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | Суммардык балл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 3 | 2 | 3 | 2 | 2 | 12 |
| 2 | 2 | 3 | 3 | 2 | 3 | 13 |
| 3 | 1 | 4 | 3 | 3 | 3 | 14 |
| 4 | 3 | 3 | 2 | 1 | 2 | 11 |
| 5 | 2 | 4 | 4 | 4 | 4 | 14 |
| 6 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 15 |
| 7 | 4 | 4 | 3 | 4 | 4 | 19 |
| 8 | 3 | 2 | 4 | 2 | 3 | 14 |
| 9 | 2 | 1 | 4 | 4 | 4 | 17 |
| 10 | 2 | 3 | 2 | 2 | 2 | 11 |
| 11 | 3 | 3 | 4 | 4 | 4 | 18 |
| 12 | 4 | 4 | 3 | 3 | 3 | 17 |
| 13 | 2 | 3 | 3 | 1 | 2 | 11 |
| 14 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 15 |
| **Жооптордун пайыздык бөлүнүшү** | 1–.14%<br>2– 36%<br>3– 3%<br>4–4.3% | 1–.14%<br>2– 4.3%<br>3–50%<br>4–28.5% | 1– 0%<br>2–14.3%<br>3–7.14%<br>4 –28.5% | 1– 4.3%<br>2– 8.5%<br>3–28.5%<br>4–28.5% | 1–0 %<br>2–28.5%<br>3– 43%<br>4–28.5% | |
| **Орточо бал** | **2.6** | **3** | **3.1** | **2.6** | **3** | **14.3** |

**1. Сизге төмөндөгү музыкалар сунушталса, кайсынысын тандап угасыз?**

а) эстрадалык музыка – 7.14%;

б) кыргыз ырлары – 36%;

в) комуз күүлөрү – 43%;

г) классикалык музыка – 14.3% .

**2. Комуз күүлөрү тууралуу маалыматыңыз барбы?**

а) эч кандай маалыматым жок – 7.14%;

б) бир аз маалыматым бар – 14.28%

в) күүлөр тууралуу маалыматым көп –50%

г) маалыматым абдан көп – 28.5%

**3. Комуз чертүүгө кызыгасызбы?**

а) кызыкпайм – 00%;

б) бир аз кызыгам – 14.3%

в) кызыгам – 57.14%;

г) абдан кызыгам – 28.5%.

**4. Сиздин жашооңузда искусствонун орду?**

а) эс алуу (досуг) – 14.3%

б) маданий кругозорумду кеңейтем – 28.5%;

в) эстетикалык канааттануу алам – 28.5%;

г) эстетикалык ырахат алып, өзүм да жаратууга аракеттенем – 28.5%.

**5. Комуз күүлөрүн үйрөнүү аркылуу сиздин эстетикалык маданиятыңызда кандай өзгөрүүлөр болду?**

а) бир аз өзгөрүү болду – 00%;

б) эстетикалык көз карашым өзгөрдү – 28.5%;

в) комуз дүйнөсүнө кызыгуум өстү – 43%;

г) комуз күүлөрү эстетикалык табитимди жогорулатты – 28.5%.




**3.8.-диаграмма. Жыйынтыктоочу эксперимент жүргүзүлгөн ОшМУнун эксперименталдык тобунун диаграммасы**

### 3.2. Педагогикалык-эксперименталдык иштин жыйынтыгы

Изилдөөнү талдоо студенттерде жалпысынан комуз күүлөрүнө кызыгуунун бар экендигин көрсөттү. Мурунку жылдардагыга салыштымалуу Ысык-Көлдө өткөн экинчи жана үчүнчү Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынан кийин, жаштардын комуз аспабында заманбап стилде түрдүү музыкаларды попурри катары ойноп чыгуулары кийинки муундардын бул багытта кызыгуусун арттырып жатат. Бирок да артыкчылык биздин бул сурамжылоодо кыргыз ырларына берилди. Чет элдик, орус жана кыргыз композиторлорунун профессионалдык чыгармачылыгына кызыгуу студенттердин окуу процессине киришүүсүнөн кийин пайда боло баштаганы белгилүү болду. Ошентип, студенттердин кызыгуусунун түзүлүшүндө башкы орунда ырлар турат. Профессионал-композиторлордун, классикалык күүлөрдүн чыныгы искусствосуна кызыгуунун аздыгы студенттин эстетикалык табитинин, кызыгуусунун жана артыкчылык берүүсүнүн өнүкпөгөндүгү бул багытта мектеп жана мектепке чейинки курактан баштап системалуу иш жүргүзүү зарылчылыгы бар экендиги тууралуу кабар берет.

Студенттер комуз күүлөрү менен кез келгенде, анын көркөм мазмунун кабылдоого жана татыктуу баалоого даяр эмес болуп чыгышат. Алардын ылгабай талап кылуучу маанайдагы тажрыйбасы жөн гана көңүл ачуучу, жеңил-желпи эстрадалык музыкага тартат жана бул көрүнүш акырындык менен алардын рухий дүйнөсүнө терс таасирин тийгизери белгилүү.

Өзгөчө акыркы жылдары “аалам оорусуна” айланган смартфондор аркылуу интернет тармактарынан түрлүү маалыматтарды кароо менен бош убакыттарын пайдасыз өткөрүү, жаштардын ар кандай чыгармачыл кружокторго тартылуусуна олуттуу жолтоо болуп жаткандыгы оор маселеге айланды.

Кызыгуунун маданий компоненттеринин ичинен эмоционалдык компонент артыкчылык кылат. Бул тууралуу эмоционалдык денгээлде берилген студенттердин эстетикалык баа берүүлөрү күбөлөйт. Таанып билүүчүлүк компонент өнүккөн эмес. Жакшы көргөн чыгармаларга карата

респонденттердин мамилелериндеги үстүрт, аргументсиз баа берүүлөрүндө көрүнөт. Студенттердин музыкалык кызыгууну көрсөтүүдө активдүүлүктөрү жок, пассивдүү угуу, убакытты жагымдуу өткөрүү жана музыканы кабылдоо менен чектелишет. Учурда интернеттен эмне табылса, аларды ылгабай уга берүүсү жалпы эле жаштардын табитинин бузулушуна жана профессионалдык даярдыкты талап кылуучу музыкалардын көңүлдөн сырт калуусу алардын деградацияланышына алып келүү коркунучу арбын.

Мындай көз караш музыка предметине мугалимдердин өтө кылдат мамилесин талап кылат. Ошондуктан кайсы гана аткарылуучу тапшырмага болбосун окуучулардын эмоционалдуулугу, чыгармачыл, эстетикалык мамилеси музыка сабагынын милдеттүү функциясы болуп саналат.

Болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн таасирдүүлүгүн арттыруу максатында 12 саатка эсептелген “Комуз таануу” курсунун программасы иштелип чыкты (№4 тиркеме). Курстун максаты:

Кыргыз элинин улуттук сыймыгы болгон комуз аспабы, ал тууралуу тарыхый маалыматтар, комуз аспабынын жасалышы, өзгөчөлүгү, комуз күүлөрүнүн нарк-насили, жаш муундардын эстетикалык табитине таасири тууралуу болочок музыка мугалимдерине жана жалпы эле комуз күйөрмандарына кеңири маалымат берүү.

Ар кандай себептер менен дареги кеңири таралбай, унутулуп бара жаткан комузчуларды жана комуз күүлөрүн даңазалап элге жайылтуу.

Залкар комузчулар, алардын кайталангыс өнөрлөрү, комуз күүлөрүнүн жанрларга бөлүнүшү, алардын өзгөчөлүктөрү боюнча жаштарга ангеме-дүкөн ирээтинде сабак өтүү менен алардын комузга, ошону менен бирге кыргыз элдик салттуу музыкасына болгон кызыгуусун арттыруу. Демек, болочок музыка мугалимине эстетикалык тарбия берүүнү жакшыртуунун изилденүүчү проблемасына теориялык талдоо, педагогикалык-эксперименталдык иштин негизги учурларын аныктадык.

Болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн аныкталган педагогикалык шарттары төмөнкүлөр:

– күүлөрдө камтылган эстетикалык баалуулуктарга басым жасоо,

– комуз окуу дисциплинасы аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн натыйжалуулугун арттыруу;

– студенттердин индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу;

– комузду окутуунун методикасына ээ педагогдордун болушу;

– зарыл болгон педагогикалык методикаларды, каражаттарды жана формаларды камтыган методиканын иштелип чыгышы.

Педагогика илимдери музыка адистигиндеги студенттерге комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнү маанилүү багыттардан деп эсептейт. Ошону менен бирге мындай окутуу-тарбиялоо процесси болочок адистердин тандап алган кесибинин өзгөчөлүктөрүнүн жаш курагын, психикалык, адептик ден-соолугунун абалын ж.б. факторлордун негизинде алып барылышынын зарылдыгын көңүлгө алуу керек. Бирок жогорку окуу жайларында болочок музыка мугалимдери биз талкуулаган багытта жетишерлик деңгээлде карала элек. Мындай фактылар негизинен аларды убактылуу чечүү планында каралып, аларга коюлган өзгөчө талаптар жөнүндө гана айтылат.

Биз карап жаткан маселелердин конкреттүү шарттары жөнүндө көптөгөн илимий, методикалык, практикалык иштердин авторлору өздөрүнүн көңүлдөрүн болочок адистин талаптарынын негизинде эстетикалык тарбия берүү каржаттарына, окутуунун формалары жана методдоруна өзгөчө мамиле жасоого аракет кылышат. Бирок, респондентерди сурамжылоонун педагогикалык байкоолордун жыйынтыктары жогорку окуу жайларында мындай абал практика жүзүндө жетишерлик деңгээлде ишке ашпай жаткандыгын көрсөттү. Андан сырткары студенттерге сунушталган каражаттар алардын өзгөчөлүктөрүн, аларга таандык сапаттарын, даярдыктарын жөндөмдөрүн эсепке албай берилген.

Жогоруда айтылган абал бизди болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнү жакшыртууну эксперименталдык

түрдө негиздөө милдеттерин аткарууга түрткү берди. Биздин оюбузча ошолордун жана олуттуу профессионалдуулуктун негизинде студенттерге акылдык, адептик, эстетикалык, психологиялык, ишкердүүлүк ж.б. жактарына педагогикалык таасир этүү зарылчылыгы келип чыкты.

Алынган илимий материалдарды жана фактыларды чогултуу, талдоо жана жалпылоонун жалпы багыты аныкталган. Ушул максатта студенттерге комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн методологиялык жана методикалык изилдөөлөрдүн өбөлгөлөрү (эстетикалык тарбия берүүдө музыканын ролу; комуз күүлөрү – эстетикалык тарбия берүү каражаттары катарында; комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн мазмуну (Мамлекеттик билим берүү стандарты, окуу пландары, программалары жана окуу китептери, окуу куралдары); комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн өбөлгөлөрү, принциптери, методдору, каражаттары) аныкталган.

Адабият булактарын изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөтүп тургандай, азыркы убакытта музыка адистигиндеги студенттерге комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүү жеткиликтүү деңгээлде иштелип чыгылбаган.

Жогорку окуу жайына чейин атайын музыкалык даярдыктан өтпөгөн студенттер, (атайын кружоктордо, курстарда окубагандар музыкалык орто билими жок студенттер ж.б.) жөндөмдөрүнүн жетишерлик эместигин көрсөттү. Математикалык-статистикалык талдоо көрсөткөндөй, күүлөр аркылуу эстетикалык тарбия берүүнү теориялык моделдөө бул маселени чечүүнү ишке ашырууга өз жардамын берет.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттеринин негизинде педагогикалык-эксперименталдык иште комуз күүлөрү аркылуу студенттерге эстетикалык тарбия берүүдө бир канча чечиле элек маселелерге көңүл буруп, алардын ичинен студенттердин эстетикалык баалуулуктарынын курамындагы комуз күүлөрүнүн орду жана нарк-насилин аныктоого; эстетикалык талаптарын канааттандырууда күүлөрдүн ролу; алардын инсандыгын, музыка мугалиминин кесипке көз караштарын калыптандырууга жана өнүктүрүүгө күүлөрдүн тийгизген таасирлеринин даражасын; педагогикалык багыттагы жогорку окуу

жайларында болочок мугалимдеринин эстетикалык жана көркөм дүйнөгө кызыгууларын тарбиялоого, эстетикалык маданиятын калыптандырууга комуз күүлөрүнүн эффективдүүлүгүн активдештирүү мүмкүнчүлүктөрүнө жол изделди.

Педагогикада белгилүү болгондой, студентке үйрөтүлүүчү чыгарманы аткарууда анын ой-пикирин тастыктоо аркылуу, аткрылуучу чыгарма жөнүндө суроолордун проблемасы менен коштолгон аңгемелешүүнү өткөрүүдө төмөндөгүдөй талаптар коюлду: аткаруучу күүнү жараткан комузчунун чыгармачылык өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып берүү; ал күүнүн жанрын аныктоо; күүнүн образы, мазмуну жана мүнөзү; аткаруучулук чеберчиликтин, көркөм каражаттардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып берүү; чыгарма кирген жанрдын жаралуу баяны, өзгөчөлүгү, аткаруу ыкмалары боюнча талдоо.

Изилдөөлөрдөн алынган көрсөткүчтөр (жыйынтыктар) жогорку окуу жайларында музыка адистигинде комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүү жолдорун жакшыртууга ишеним берет. Ошону менен бирге жалпы колдонулуп келаткан методика, окутуунун жана тарбия берүүнүн базалык варианты катарында каралышы керек. Ошол эле убакта аларга толугу менен оң баа берүүгө болбойт. Булар жөнүндө текшерүүчү топто байкалган алгылыксыз өзгөрүүлөр далил.

Ошентип жогорку окуу жайларында музыка адистигинде комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнү мыктылоонун натыйжалуулугун эксперименталдык түрдө изилдөөдө бүтүндөй педагогикалык процессте эстетикалык тарбия берүүнүн эффективдүүлүгүн жакшыртуу боюнча териялык модели; негизги музыкалык аспап катары комуз үйрөтүү программасы [52], жана кошумча музыкалык аспап катары комуз үйрөтүү программалары [54], Кыргыз обондору комуздун коштоосунда: орто жана жогорку музыкалык-педагогикалык окуу жайларынын студенттери үчүн хрестоматиялык жыйнак [98], “Комуз таануу” курсунун программасы, лекциялык материалдарынын жана “Комуз чертүүнү үйрөнөбүз” окуу куралынын электрондук варианты иштелип чыкты (тиркеме№4,№5).

Булардын бардыгы студенттерге эстетикалык тарбия берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууда, окуу-тарбиялоо ишкердиктеринде алардын маанисинин салмактуулугун көрсөттү.

**Үчүнчү глава боюнча корутунду**

Педагогикалык-эксперименталдык изилдөөдө “Негизги музыкалык аспап комуз”, “Кошумча музыкалык аспап комуз”, “Концертмейстердик класс” жекече сабактарында студенттердин аткаруучулук ишкердүүлүгүнө талдоо жүргүзүп, болочок музыка мугалимине коюлган талаптарга жооп бергендигин белгилейбиз. Музыка мугалимдеринин ишкердүүлүктөрүнүн көптөгөн проблемаларын өзүнө камтыйт: ал күүнү аткаруу менен катар эмнени ойногондугу тууралуу окуучуларга жеткиликтүү маалымат бериши зарыл.

Комуз күүлөрүнүн эстетикалык баалуулуктарын аныктоо менен, студенттер үчүн аткарылуучу күүлөрдүн программаларын тандоого өзгөчө көңүл бурдук.

Ошондой эле окуп-үйрөнүүчү күүнүн оозеки мүнөздөмөсүн түзүүгө, студенттердин көңүлүн искусствонун башка түрлөрү менен күүлөрдүн өз ара байланышына буруууга басым жасалды.

Эксперименталдык топто классикалык жана аспаптык музыка анын ичинен комуз күүлөрүнө кызыгуулардын саны көбөйгөн. Студенттердин эстетикалык талаптары өзгөргөндүгү алардын “Сизге төмөндөгү музыкалар сунушталса кайсынынсын тандап угасыз?” деген суроого – Эстрадалык музыкага көрсөткүч 55% азайган, кыргыз ырларына – 5%, классикалык музыкага – 20%, комуз күүлөрүнө – 30%га өскөндүгү менен белгилүү болду.

Анкеталоолордун бардык суроолоруна берилген жоопторго карата талдоо жүргүздүк.

Салыштырууда байкалгандай текшерүүчү тобунда олуттуу өзгөрүү байкалбайт. Студенттерге музыкалык дисциплиналардын, жалпы кругозордун өсүшүнө байланыштуу 10-15%дык өсүү болгон деп айта алабыз. Бирок эксперименталдык топтун жыйынтыктоочу сурамжылоосунун көрсөткүчүнө салыштырмалуу жыйынтык төмөн экендиги маалым болду.

Эксперименталдык топтордо жакшы өсүш болуп, аныктоочу анкеталоо менен текшерүүчү анкеталоодогу айырма жогорулай баштады.

Биз колдонгон методикалардын таасири аркылуу эксперименталдык топто текшерүүчү анкеталоодо комуз күүлөрүнө кызыгуулардын саны көбөйгөн. Төмөндө биз болочок музыка мугалимдерин эстетикалык тарбиялуулугунун көрсөткүчтөрүнүн эксперименталдык топтогу аныктоочу жана жыйынтыктоочу анкеталоонун жыйынтыктарын бердик. Ал эми калган көрсөткүчтөрдү диссертациянын тиркемесинде көрсөттүк.

**1. Сизге төмөндөгү музыкалар сунушталса кайсынысын тандап угасыз?**

1. заманбап музыка – 55% – 00%,
2. элдик ырлар– 30% – 35%,
3. комуз күүлөрү – 15% – 45%
4. классикалык музыка – 00% – 20%.

**2. Сиздин жашооңузда искусствонун орду?**

1. эс алуу (досуг) – 40% – 10%,
2. маданий кругозорумду кеңейтем – 15% – 30%,
3. эстетикалык канааттануу алам – 35% – 40%,
4. эстетикалык ырахат алып, өзүм да жаратууга аракеттенем – 10% – 20%.

**3. Комуз күүлөрү тууралуу маалыматыңыз барбы?**

1. эч кандай маалыматым жок – 45% – 00%, (ушуну ооңдош керек)
2. бир аз маалыматым бар – 25%– 00%,
3. күүлөр тууралуу маалыматым көп – 25% – 70%,
4. маалыматым абдан көп – 5% – 30%.

**4. Комуз чертүүгө кызыгасызбы?**

1. кызыкпайм – 10% – 00%,
2. бир аз кызыгам – 65% – 10%,
3. кызыгам – 15% – 55%,
4. абдан кызыгам – 10% – 35%,

**5. Комуз күүлөрүн үйрөнүү аркылуу Сиздин эстетикалык маданиятыңызда кандай өзгөрүүлөр болду?** (*негиздеп бериңиз*).

1. бир аз өзгөрүү болду – 30% – 5%,
2. эстетикалык көз карашым өзгөрдү – 45% – 20%,
3. комуз дүйнөсүнүнө кызыгуум өстү – 15% – 45%,
4. комуз күүлөрү эстетикалык маданиятымды жогорулатты – 10% – 30%.




**3.9 диаграмма. Текшерүүчү топто аныктоочу анкеталоонун жыйынтыгы менен жыйынтыктоочу анкеталоону салыштырган диаграмма.**




**3.10.-диаграмма. Эксперименталдык топто баштапкы жана жыйынтыктоочу анкеталоолорду салыштырган диаграмма.**

“Комуз күүлөрү тууралуу маалыматыңыз барбы?” – деген суроого: алгачкы анкеталоодо “Бир аз маалыматым бар” дегендер – 25% ды түзсө, жыйынтыктоодо – 0%га түштү, “Күүлөр тууралуу маалыматым көп” дегендер алгач – 25% болсо, жыйынтыктоодо –70%га жетип 45%га өскөн. “Комуз күүлөрүн үйрөнүү аркылуу Сиздин эстетикалык маданиятыңызда кандай өзгөрүүлөр болду”? – деген суроого эксперименталдык топто биринчи сурамда: “Бир аз өзгөрүү болду” – дегендер – 30%, “Эстетикалык көз карашым өзгөрдү” – 45%, “Комуз дүйнөсүнө кызыгуум өстү” – 15%, “Комуз күүлөрү эстетикалык маданиятымды жогорулатты” – 10% түздү. 2-сурамда “Бир аз өзгөрүү болду” — 5%, “Эстетикалык көз карашым өзгөрдү” – 20%, “Комуз дүйнөсүнө кызыгуум өстү” – 45%, “Комуз күүлөрүн үйрөнүү эстетикалык маданиятымды жогорулатты” деген жооп – 30% ды түзгөн.

Ошентип эксперименталдык изилдөөнүн негизинде болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо студенттердин эстетикалык маданиятынын калыптангандыгын көрсөттү.

Максаттуу түрдө жүргүзүлгөн иш-аракеттин негизинде студенттердин комуз күүлөрүнө кызыгуусу өстү. Эгемендүүлүк шартында ар бир улуттун өз иденттүүлүгүн таанууга карата ачылып жаткан мүмкүнчүлүктөр, жаштардын улуттук сезимдердин жандануусуна, өнүгүшүнө Ысык-Көлдө өткөн экинчи жана үчүнчү Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынан кийин студенттер арасында комузга болгон кызыгуу артылгандыгы байкалды.

Комуз дисциплинасынын музыкалык окуу жайларда классикалык фортепиано, скрипка, баян, аккордеон, виолончел ж.б. аспаптар менен тең катар окутулганы жана улуттун негизги музыкалык аспабы катары окутуунун мазмунун жакшыртууга карата жүргүзүлүп жаткан иш аракеттер болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн аныкталган педагогикалык шарттарынын эффективдүүлүгүн далилдеди.

“Комуз күүлөрү тууралуу маалыматыңыз барбы?”-деген суроого (эксперименталдык топ) студенттери алгачкы сурамда “эч кандай маалыматым

жок”, – дегендер – 40% ды түзсө, кийинки сурамжылоодо 10% га түшүп маалыматтуулар 30%га жогорулаган, “күүлөр тууралуу маалыматым көп”, – дегендери 10%га өскөн.

Ал эми алгачкы сурамжылоодо: “Комуз чертүүгө абдан кызыгам”, – дегендер 5%ды түзсө 2-сурамда 30 %ды түзүп, 25% га өскөн.

“Сиздин жашооңузда искусствонун орду?” – деген суроого – эс алуу (досуг) – дегендер 10%ды түзсө, жыйынтыктоочу сурамжылоодо – 00%ды түздү. “Эстетикалык ырахат алып, өзүм да жаратууга аракеттенем” – дегендер алгач 10%ды түзсө, жыйынтыктоочу сурамжылоодо 35%ды түзүп, – 25%га өстү.

“Комуз күүлөрүн үйрөнүү аркылуу сиздин эстетикалык маданиятыңызда кандай өзгөрүүлөр болду?” – деген жыйынтыктоочу суроого – алгач “бир аз өзгөрүү болду” – 30%, “эстетикалык көз карашым өзгөрдү” – 45%, “комуз дүйнөсүнө кызыгуум өстү” – 15%, “комуз күүлөрү эстетикалык маданиятымды жогорулатты” – 10%ды түзсө, жыйынтыктоодо – бир аз өзгөрүү болду” – 5%, “эстетикалык көз карашым өзгөрдү” – 20%, “комуз дүйнөсүнө кызыгуум өстү” – 45%, “комуз күүлөрү эстетикалык маданиятымды жогорулатты” – 30%ды түзүп 20%га жогорулады.




**3.11. диаграмма. эксперименталдык тобунда аныктоочу жана жыйынтыктоочу сурамжылоодо комузчулук өнөрүнө кызыгуунун өзгөрүүсүнүн көрсөткүчтөрү.**

Ошентип эксперименталдык изилдөөнүн негизинде, керектүү жана кызыктуу маалыматтар алынды. Алар жогорку окуу жайларында музыка адистигинде комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн маанилүүлүгүн көрсөтөт.

# ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Болочок музыка мугалимдерине билим берүүдө эстетикалык тарбиянын педагогикалык теория менен практикадагы абалы кыргыз, КМШ жана алыскы чет өлкөлүк окумуштуулардын илимий теориялык эмгектерин талдоо аркылуу канааттандыраарлык деңгээлде деп бааланды. Бирок эстетикалык тарбияны комуз күүлөрү аркылуу болочок музыка мугалимдерине берүү изилдене электиги, анын теориялык жана практикалык негиздери иштелип чыкпагандыгы аныкталды. Эстетикалык маданиятка ээ болууга умтулган музыка мугалиминин кесиптик сапаттарын ар тараптан өнүктүрүү, руханий дараметин, компетенттүүлүгүн калыптандыруу, проблемалары бар экендиги аныкталды.

2. Болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн теориялык модели иштелип чыкты. Теориялык моделде эстетикалык тарбия берүүнүн максаты, функциялары, педагогикалык шарттары жана тийиштүү критерийлери иштелип чыкты. Комуз күүлөрү аркылуу болочок мугалимдерге эстетикалык тарбия берүүнүн негизги педагогикалык шарттары катары төмөндөгүлөр ачыкталды. Алар: күүлөрдө камтылган эстетикалык баалуулуктарга басым жасоо, комуз окуу дисциплинасы аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн натыйжалуулугун арттыруу, студенттердин индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу, комузду окутуунун методикасына ээ педагогдордун болушу, зарыл болгон педагогикалык ларды, каражаттарды жана формаларды камтыган методиканын иштелип чыгышы.

3 .Педагогикалык эксперимент болочок музыка мугалимдерине комуз күүлөрү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн теориялык моделин жана педагогикалык шарттарынын тийгизген оң таасирлерин тастыктады. Экспериментке катышкан студенттердин аткаруучулук чеберчиликтери, эстетикалык кабыл алуусу, эстетикалык аң сезими, эстетикалык табити өстү, кругозору кеңейди. Студенттер музыкалык теориялык билимдерге комузду үйрөтүү усулуна ээ болушту.Алардын эстетикалык маданияты калыптанды. Эксперименттин жыйнтыктоочу сурамжылоосу көрсөткөндөй ”Эстетикалык

маданиятында бир аз өзгөрүү болгондордун” саны 30% дан 5% га чейин төмөндөдү, “Комуз дүйнөсүнө кызыгуум көбөйдү”– дегендердин саны 15%дан 45%га чейин жогорулап, “Эстетикалык көз карашым өзгөрдү”, – дегендердин саны 45%дан 20% га төмөндөдү жана “комуз күүлөрү эстетикалык маданиятымды жогорулатты” – дегендердин саны 10%дан 30% га өстү.

**Практикалык сунуштар:**

1. Изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан эстетикалык тарбия берүүнүн теориялык модели болочок музыка мугалимдерин даярдоо процессине колдонуу сунушталат.

2. Аныкталган педагогикалык шарттарды кармануу болочок музыка мугалимдерин даярдоочу факультеттердин практикалык иш аракеттеринде пайдалануу үчүн сунушталат.

3. Диссертант тарабынан иштелип чыккан электрондук варианттагы “Комуз күүлөрүн үйрөнөбүз” окуу куралын жарыкка чыгарып, музыка мугалимдерине жардам катары окутуу процессине киргизүүнү сунуштайбыз.

4. Изилдөө учурунда иштелип чыккан жогорку окуу жайларынын “Көркөм билим берүү” факультеттерине келген 1-курстардын студенттеринин арасында алардын: ЖОЖго чейинки көркөм-эстетикалык өнүгүү деңгээлин, эстетикалык маданиятынын калыптануу деңгээлин диагностикалоо жана аякталбаган сүйлөмдөр, эстетикалык компоненттерди ажырымдоо методу боюнча анкеталоо иштерин практикалоону сунуштайбыз.

5. Музыкалык адистикте билим алган студенттерге комуз күүлөрү боюнча окуу-методикалык куралдарды, окуу программаларды, методикалык сунуштарды жазуу, “Комуз таануу” курсун тандоо курсу катары окутуу керек.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Абдырахманов, Н. Эн белги менен комуз үйрөнүү [Текст]: окуу куралы / Н. Абдырахманов. – Бишкек, 2010. – 276 б.

2. Абдуллин, Э.Б. Методологический анализ проблем музыкальной педагогики в системе высшего образования [Текст] / Э.Б. Абдуллин. – М.: Прометей, 1990. – 186 с.

3. Абдыкеримова, М. Педагогические проблемы художественного воспитания учащихся IV-VII классов в учебно-воспитательном процессе [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / М. Абдыкеримова. – Фрунзе, 1979. – 27 с.

4. Абдыкеримова, М.А. Жалпы педагогика [Текст]: жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы / М.А. Абдыкеримова, Э.Т. Токсомбаева, Р.Т. Кадырбекова. – Бишкек, 2011. – 420 б.

5. Абдылдаев О. Кыскача музыкалык сөздүк [Текст]: окуу куралы / О. Абдылдаев. – Бишкек, 2016. – 120 б.

6. Абдыраимова, Р. Элдик музыка – балдарды тарбиялоо каражаты катары [Текст] / Р. Абдыраимова, В. Постовой. – Бишкек, 1996.

7. Абышев, К.Н. Эстетическое воспитание студентов педвузов средствами киргизского музыкально-песенного фольклора [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / К.Н. Абышев. – М., 1987. – 16 с.

8. Абрамзон С. М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер / которгон С. Мамбеталиев, Д. Сулайманкулов, С. Мокенов. – Бишкек: “Кыргызстан-Сорос” фонду, 1999. – 896 б.

9. Аль-Фараби. Трактаты о музыке и поэзии: Пер. с арабского. – Алматы. 1988. – 96 с.

10. Алагушов Б. Комузчулар өнөрү [Текст] / Б. Алагушов. – Фрунзе: Илим, 1976.

11. Алагушов Б. Комуз күүлөрүнүн антологиясы [Текст] / Б. Алагушов. – Бишкек: Mara, 2011. – Т.1.

12. Алагушов Б. Кылымдарды жылоологон күүлөр [Текст] / Б. Алагушов. – Фрунзе, 1985.

13. Алагушов Б. Кылымдардын кылдары [Текст] / Б. Алагушов. – Фрунзе, 1983.

14. Алагушов Б. Кыргыз комузчулары жана комуз күүлөрү [Текст] / Б. Алагушов. – Фрунзе, 1961.

15. Алагушов Б. Кыргыз музыкалык аспаптары [Текст] / Б. Алагушов. – Фрунзе, 1974.

16. Алагушов Б. Кыргыз музыкасы: Энциклопедия [Текст] / Б. Алагушов. – Бишкек: Бийиктик, 2007.

17. Алагушов Б. Кыргыз музыкасынын тарыхынан: Педагогика институтунун музыка факультети үчүн окуу китеби [Текст] / Б. Алагушов, Т. Койгелдиева, Ш. Турдумамбетова. – Фрунзе: Мектеп, 1989. – 208 б., 40 б. нот.

18. Алагушов Б. Кыргыздын музыкалык маданияты [Текст] / Б. Алагушов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1975. – 212 б.

19. Аманова Р.А. Кыргызская народно-профессиональная песенная традиция [Текст]: автореф. дис. . канд. искусствоведения. – Алматы, 2006. – 21 с.

20. Аманова Р.А. Кыргыздын оозеки салттагы профессионалдык музыкасы [Текст]: искусство таануу илимдеринин д-ру окумуштуулук даражасы дис. . автореф. – Бишкек, 2017.

21. Апраксина, О.А. Быть или не быть перестройке музыкального воспитания в школе [Текст] / О.А. Апраксина // Советская музыка. – 1989. – №11. – С. 62-63.

22. Апраксина, О.А. Методика музыкального воспитания в школе [Текст] / О.А. Апраксина. – М.: Просвещение, 1988. – 222 с.

23. Апраксина, О.А. Музыка в школьном воспитательном процессе [Текст] / О.А. Апраксина // В сб. Музыкальное воспитание в школе. – М.: Музыка, 1982 – Вып. 15. – 160 с.

24. Апраксина, О.А. Современный ребёнок и музыка [Текст] / О.А. Апраксина // В сб. Музыкальное воспитание в школе. – М.: Музыка, 1972. – Вып. 8. – С. 38-49.

25. Арзыкулова, А.Т. Повышение эффективности национального воспитания учащихся младших классов средствами киргизской музыки [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / А.Т. Арзыкулова. – М., 1987. – 16 с.

26. Архипов, А.П. Зависимость между знаниями учащихся и их учебными интересами [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / А.П. Архипов. – М., 1955. – 16 с.

27. Арчажникова, Л.Г. Профессия – учитель музыки [Текст] / Л.Г. Арчажникова. – М.: Просвещение, 1984. – 111 с.

28. Арчажникова, Л.Г. Развитие теории высшего музыкально-педагогического образования [Текст] / Л.Г. Арчажникова, Л.А. Рапацкая // Советская педагогика. – 1989. – №5. – С. 65-70.

29. Асафьев, Б.В. Избранные статьи о музыкальном просвещении и образовании [Текст] / Б.В. Асафьев. – Л.: Музыка, 1973. – 2-е изд. – 151 с.

30. Байсабаева, Г. Ата мекендик музыкалык адабият [Текст] / БММ үчүн Ата мекендик музыкалык адабият боюнча программа / Г. Байсабаева. – Бишкек, 2003.

31. Байсабаева, Г. Педагогические условия освоения эпоса “Манас” в музыкально-эстетическом воспитании школьников [Текст] / Г. Байсабаева. – Бишкек, 2000. – 135 с.

32. Балтабаев, М.Р. Народное образование в Киргизской ССР [Текст] / М.Р. Балтабаев. – Фрунзе: Мектеп, 1986. – 26 с.

33. Балтабаева, Т.М. Становление и развитие музыкально-педагогического образования в Киргизской ССР (Вопросы организации музыкально-педагогических учебных заведений) [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / Т.М. Балтабаева. – Фрунзе, 1990. – 25 с.

34. Баренбойм, Л.А. Выдающиеся советские музыканты-просветители и развитие их традиций [Текст] / Л.А. Баренбойм // В кн.: Подготовка учителя музыки к профессиональной деятельности в школе. – Ярославль, 1985. – 131 с.

35. Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер /Түз. кошумча түшүндүрмөлөр жана алгы сөз жазган Ө. Караев. – [Текст] / Бартольд В.В. – Бишкек: Айбек фирмасы, 1997. – 456 б.

36. Белобородова, В.К. Музыкальное восприятие школьников [Текст] / В.К. Белобородова, Г.С. Ригина, Ю.Б. Алиев. – М.: Педагогика, 1975. – 160 с.

37. Бердибекова, М. Нурактын күүлөрү [Текст] / М. Бердибекова. – Бишкек, 2009. – 116 б.

38. Бернштам, А.Н. Кыргыздардын жана Кыргызстандан тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер / Түзгөн, алгы сөзүн жазган жана которгон Мамбеталиев С.Б. [Текст] / А.Н. Бернштам. – Бишкек, 2004. – 576 б.

39. Бернацкий, В.О. Интерес: познавательная и практическая функции [Текст] / В.О. Бернацкий. – Томск, 1984. – 186 с.

40. Блок, М. Апология истории [Текст] / М. Блок. – М., 1986.

41. Блонский, Л.П. Избранные педагогические и психологические сочинения в 2-томах [Текст] / Л.П. Блонский. – М., 1979.

42. Ванслов В. Содержание и форма в искусстве [Текст] / В. Ванслов. – М.: Искусство, 1965. – 370 с.

43. Виноградов, В.С. Музыкальное наследие Токтогула [Текст] / В.С. Виноградов. – Фрунзе: Киргосиздат, 1962.

44. Виноградов, В. С. Киргизская народная музыка [Текст] / В.С. Виноградов. – Ф.: Киргосиздат, 1958. – 334 с.

45. Виноградов, В.С. Киргизские музыканты и певцы [Текст] / В.С. Виноградов. – М.: Советский композитор, 1972. – 51 с.

46. Виноградов, Т. Занимательная теория музыки [Текст] / Т. Виноградов, Е. Красовская. – М., 1991. – 121 с.

47. Выготский, Л.С. Психология искусства [Текст] / Л.С. Выготский. / Под ред. М. Г. Ярошевского. – М.: Педагогика, 1987. – 344 с.

48. Гегель, Г. Эстетика [Текст] / Г. Гегель. – М., 1968. – Т. 1. – С. 203-207.

49. Грабарь И.Э. – История русского искусства. Том 6. Живопись. Допетровская эпоха Москва 1910. — 538 с.

50. Гребенников, В.М. Становление и развитие массового музыкально-эстетического воспитания у учащихся в Киргизской ССР [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / В.М. Гребенников. – М., 1977.

51. Давыдов, Ю.П. Искусство как социологический феномен [Текст] / Ю.П. Давыдов. – М.: Наука, 1968. – 284 с.

52. Джакыпов, К.К. Педагогикалык жана гуманитардык багыттагы жогорку окуу жайларынын музыкалык факультеттеринде негизги аспап катары комуз үйрөтүү программасы (бакалавр)/ К.К. Джакыпов, Б.А. Бабатаев, М. А. Турумбекова. – Бишкек, 2013. – 30 б.

53. Джакыпов, К.К. Педагогикалык жогорку окуу жайларынын музыка бөлүмдөрүндө комуз классынан жекече сабак өтүү учурунда күүлөр аркылуу студенттерге эстетикалык тарбия берүү [Текст] / автореф. дисс. магистр пед/ К. К. Джакыпов – Бишкек, 2006. – 14 б.

54. Джакыпов, К.К. Педагогикалык жана гуманитардык багыттагы жогорку окуу жайларынын музыкалык факультеттеринде кошумча аспап катары комуз үйрөтүү программасы (бакалавр) / К.К. Джакыпов, Б. А. Бабатаев, М. А. Турумбекова. – Бишкек, 2014. – 30 б.

55. Дуйшеналиев, Ж.С. Музыкальное воспитание дошкольников [Текст]: методическое пособие / Ж.С. Дуйшеналиев, Л.В. Усенко, К.С. Сейдекулова. – Бишкек: St. art Ltd, 2010. – 160 с.

56. Дүйшалиев К.Ш. Кыргыз эл музыкасы [Текст] / К.Ш. Дүйшалиев. – Бишкек: Шам басмасы, 2007.

57. Жекшенов, К. Ш. Музыкалык мектептер үчүн жазылган комуз боюнча программа [Текст] / Жекшенов К.Ш. – Бишкек, 1996. – 20 б.

58. Егоров, А.Г. Эстетика и жизнь [Текст] / А.Г. Егоров. – М.: Искусство, 1977. – 335 с.

59. Закон об образовании КР. – Бишкек, 2003. – №92.

60. Затаевич, А.В. Кыргызские инструментальные пьесы и напевы [Текст] / А.В. Затаевич. – Фрунзе, 1971.

61. Зимовина О. А. Содержание и особенности познавательных интересов и профессиональных намерений старшеклассников // Советская педагогика. – 1975. – №2. – С. 56.

62. Илларионова, Л.П. Подготовка будущего учителя музыки к осуществлению нравственного воспитания школьников [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / Л.П. Илларионова. – Алма-Ата, 1991. – 24 с.

63. Иманалиев, З. Комуз черткенге үйрөтүү [Текст] / З. Иманалиев, Ж. Үркүнбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1988.

64. Иманбаева, Ч.Н. Воспитание интереса к национальной музыкальной культуре у будущих учителей начальных классов (На материале кыргызского музыкального искусства) [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / Ч.Н. Иманбаева. – Бишкек, 2000.

65. Исабаев, Ч. Комуздун тандалма күүлөрү [Текст] / Ч. Исабаев. – Фрунзе, 1987. – 175 б.

66. Кабалевский, Д.Б Основные принципы и методы программы по музыке для общеобразовательной школы [Текст]: программа по музыке для общеобразовательной школы (I-III классы) / Д.Б. Кабалевский – М.: Просвещение. – М., 1997.

67. Кабалевский, Д.Б. Прекрасное пробуждает доброе [Текст] / Д.Б. Кабалевский. – М.: Педагогика, 1973. – 334 с.

68. Кабалевский, Д.Б. Дело всей жизни [Текст] / Д.Б. Кабалевский. – М.: Искусство в школе, 1995. – 256 с.

69. Кабалевский, Д.Б. Музыка и музыкальное воспитание [Текст] / Д.Б. Кабалевский. – М.: Знание, 1984. – 64 с.

70. Каган, М.С. Музыка в мире искусства [Текст] / М.С. Каган // Советская музыка. – 1987. – №1. – С. 26-38.

71. Каган, М.С. О месте музыки в современной культуре [Текст] / М.С. Каган // Советская музыка. – 1985. – №11. – С. 2-9.

72. Кайбылдаев А. Кыргыз күүлөрү: иликтөөлөр, ойлор пикирлер. 1-китеп [Текст] / А. Кайбылдаев. – Бишкек, 2011. – 832 б.

73. Кайбылдаев А. Кыргыз күүлөрү: иликтөөлөр, ойлор пикирлер. 2-китеп [Текст] / А. Кайбылдаев. – Бишкек, 2011. – 635 б.

74. Калдыбаева А.Т. Этнопедагогика [Текст] / А.Т. Калдыбаева, Н.К. Дюшеева, С.Н. Пак. – Бишкек, 2011. – 169 с.

75. Карасаев К. КАМУС НААМА: Араб, иран, кытай,монгол,орус тилдеринен оошуп келген сөздөр жана көөнөргөн сөздөр [Текст] / К. Карасаев. – Бишкек: Шам, 1996. – 856 б.

76. Карелин, А.Я. Формирование художественной культуры студентов музыкально-педагогического факультета в процессе обучения в классе фортепиано [Текст]: дис. . канд. пед. наук / А.Я. Карелин. – М., 1996. – 136 с.

77. Касей, М. Балдар обондору комузда [Текст] / М. Касей. – Бишкек, 1999. – 90 б.

78. Касей, М. Комуз жана фортепианонун коштоосунда ырлар [Текст] / М. Касей. – Бишкек, 2002.

79. Касей, М. Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнүн тарыхы [Текст] / М. Касей. – Бишкек, 2015. – 406 б.

80. Касумова, С.И. Из истории профессионального образования в Азербайджане [Текст]: дис. . канд. пед. наук / С.И. Касумова. – Баку, 1969. – 178 с.

81. Коган, Г.М. Избранные статьи [Текст] / Г.М. Коган. – М.: Советский композитор, 1985. – 184 с.

82. Корпобаева, М.К. Комуз күүлөрүнүн жанрларынын музыкалык анализи [Текст] / М.К. Корпобаева. – Бишкек, 2017. – 103 с.

83. Коменский, Я.А. Избранные педагогические сочинения [Текст] / Я.А. Коменский. – М., 1955.

84. Кыргыз Республикасындагы көркөм өнөр окутуусу XXI кылымдагы чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрдүн өнүгүүсү аналитикалык доклад «КМШ мамлекеттериндеги көркөм өнөр окутуусу: XXI кылымдагы чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрдүн өнүгүүсү» ЮНЕСКО жана МГКФ пилоттук долбоордун алкагында даярдалган. – Бишкек, 2011. – 222б.

85. Краткий словарь по эстетике. / Под общей ред. М.Ф. Овсянникова, В.А. Разумного. – М.: Политическая литература, 1963. – 542 с.

86. Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, салт /Түз. К. Жусупов. – Бишкек: Кыргызстан, 1993. – 576 б.

87. Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, салт /Түз. К. Жусупов. – Бишкек: Кыргызстан, 1993. – 576 б.

88. Куринкеева, Ч.Т. Формирование интереса к национальной хоровой музыке у учащихся начальных классах в школах Кыргызстана [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / Ч.Т. Куринкеева. – Бишкек, 1993. – 16 с.

89. Күмүшалиев К. Залкар таланттар [Текст] / К. Күмүшалиев. – Фрунзе, 1973.

90. Ленин, В.И. О литературе и искусстве [Текст] / В.И. Ленин. – М., 1976.

91. Леонтьев, А.Н. Избранные психологические произведения в 2-х томах [Текст] / А.Н. Леонтьев. – М.: Просвещение, 1983. – Т.2. – 320 с.

92. Леонтьев, А.Н. Человек и культура [Текст] / А.Н. Леонтьев. – М.: МГУ, 1961. – 115 с.

93. Лившиц, М. Античный мир [Текст] / М. Лившиц // В кн.: Идеи эстетического воспитания. – М., 1973. – Т.2.

94. Лихачев, Б.Т. Теория эстетического воспитания школьников [Текст] / Б.Т. Лихачев. – М., 1985.

95. Лихачев, Б.Т. Эстетическое воспитание в школе. Вопросы системного подхода [Текст] / Б.Т. Лихачев. – М., 1980.

96. Луначарский, А.В. Избранные статьи по эстетике [Текст] / А.В. Луначарский. – М., 1975.

97. Луначарский, А.В. О народном образовании [Текст] / А.В. Луначарский. – М.: АПН РСФСР, 1958. – 28 с.

98. Мааданбеков, Э. Кыргыз обондору комуздун коштоосунда:орто жана жогорку музыкалык-педагогикалык окуу жайларынын студенттери үчүн

хрестоматиялык жыйнак [Текст] / Э. Мааданбеков, К. Жакыпов. – Бишкек, 2015. – 108 б.

99. Макаренко, А. С. Собрание сочинений [Текст] / А.С. Макаренко. М., 1957.

100. Малдыбаев, А. Путь к мастерству [Текст] / А. Малдыбаев // В кн.: Искусство и человек. – Фрунзе: Илим, 1981. – 38 с.

101. Мамбетакунов, Э. Методология и качество педагогических исследований [Текст] / Э. Мамбетакунов. – Бишкек, 2006. – 108 с.

102. Маркс, К. Об искусстве [Текст] / К. Маркс, Ф. Энгельс. – М.: Просвещение, 1976.

103. Мастрянская, Л.А. Эстетическое воспитанине детей старшего дошкольного возраста в процессе ознакомления с произведениями киргизской советской музыки [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / Л.А. Мастрянская. – Фрунзе, 1981.

104. Матонис, В. Музыкально-эстетическое воспитание личности [Текст] / В. Матонис. – Л., Музыка, 1998. – 88 с.

105. Манас энциклопедиясы Бишкек: Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995. 1-том Аалам – Манастын музыкасы – 1995. – 440 б.

106. Минаев Э. А. Проблема преемственности в формировании современного фортепианного педагогического репертуара: Автореф. дис.канд. искусствоведения. – М., 1979.

107. Момбек, А.А. Профессионально-педагогическая направленность инструментальной подготовки будущего учителя к работе с музыкальным материалом [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / А.А. Момбек. – Алматы, 2003 – 30 с.

108. Музыка в начальной школе [Текст]: Пособие для учителей. / Под ред. Д. Б. Кабалевского. – М., 1979.

109. Музыка предмети боюнча окуу программасы / Орто мектептин башталгыч класстары үчүн (1-4) үчүн. – Бишкек, 2014.

110. Музыкальная энциклопедия. – М.: Советская энциклопедия, 1974. – Т. 2.

111. Мураталиев Т. Комузда ойноо окуу куралы [Текст] / Т. Мураталиев. – Бишкек, 1997.

112. Муратов А. Такталбаган Токтогул: адабий-тарыхый изилдөө [Текст] / А. Муратов. – Б.; Аят, 2014. – 180 б.

113. Муцмахер, В.И. Формирование профессионально-значимых качеств личности будущего учителя музыки общеобразовательной школы в процессе его специальной подготовки [Текст]: автореф. дис. . д-ра пед. наук / В.И. Муцмахер. – М., 1989. – 32 с.

114. Мшевалидзе, А. С. Очерки по истории музыкального образования в Грузии [Текст] / А.С. Мшевалидзе. – М.: Советский композитор, 1971. – 231 с.

115. Назайкинский, У.В. О психологии музыкального восприятия [Текст] / У.В. Назайкинский. – М., 1972. – 189 с.

116. Неменский Б. М. Мудрость красоты. О проблемах эстетического воспитания. – М., 1981. – 80 с.

117. Нурбек Туран. Н 90 Күү атасы Ниязалы [Текст] / Нурбек Туран . – Бишкек: “Турар”, 2018. – 448б. + 8 б. тирк. түс.

118. Песталоцци, И.Г. Избранные педагогические произведения в 3-х томах [Текст] / И.Г. Песталоцци. – М.: Педагогика, 1963. – Т. 3. – 73 с.

119. Попова Т.П. Пути к музыке. – М. : Знание, 1973. – 112 с.

120. Программы педагогических институтов Музыка и методика её преподавания. – М.: Просвещение, 1975. – 46 с.

121. Программы педагогических институтов. «Музыка и пение». – М.: Просвещение, 1980. – 115 с.

122. Программы педагогических институтов. – М.: Просвещение, 1983. – 69 с.

123. Развитие методологии и практики эстетического воспитания. – М., 1991. – 36 с.

124. Раннап, Х.Я. Музыкальное воспитание в эстетических школах [Текст]: дисс. канд. пед. наук / Х.Я. Раннап. – Рига, 1982. – 186 с.

125. Рапацкая, Л.А. Культурологические факторы совершенствования подготовки учителя музыки. Подготовка учителя музыки к профессиональной деятельности в школе [Текст] / Л.А. Рапацкая // Межвузовский сборник научных трудов. – Ярославль, 1985. – №73. – С. 48-59.

126. Ригина, Г.С. Уроки музыки в начальных классах. Из опыта работы в первом и втором классах [Текст] / Г.С. Ригина. / Под. ред. Л.В. Занкова. – М.: Просвещение, 1979. – 180 с.

127. Роль музыки в эстетическом воспитании детей юношества // Сб. статей. – Л.: Музыка, 1984. – 104 с.

128. Даярдоо класстарынын мугалимдери үчүн окуу пособиеси / Түзгөн. М.Р. Рахимова, А. Мураталиева. – Фрунзе: Мектеп, 1983.

129. Рубинштейн С.Л. О мышлении и путях его развития. – М.: АН СССР, 1958. – 12 с.

130. Салиев, А. Адамдын дүйнөгө кириши [Текст] / А. Салиев. – Фрунзе, 1983.

131. Салиев А. Сайрап турган комузум // Советтик Кыргызстан,. – 1963. – 20-январь.

132. Сахарова, А. Кыргыз музыкасын орус тилинде окуткан мектептерде колдонулушу [Текст]: башталгыч класстардын мугалимдери үчүн методикалык сунуштамалар / А. Сахарова. – Фрунзе, 1989.

133. Сахарова, А. Понимание музыкального текста как фактор повышения эффективности эстетического воспитания младших школьников (На материале произведений композиторов Кыргызстана) [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / А. Сахарова. – Фрунзе, 1988. – 21 с.

134. Степанов, А. Кыргызстандын жалпы тарбия берүүчү мектептери үчүн музыка жана ыр боюнча мугалимдерди даярдоо [Текст] / А. Степанов // Эл агартуу. – Фрунзе. – 1985. – №6.

135. Слезко, А.К Вопросу о форме киргизской инструментальной музыки [Текст] / А.К. Слезко // В кн.: Национальное и интернациональное в искусстве. – Фрунзе, 1973.

136. Совершенствование подготовки учителя музыки на музыкально-педагогическом факультете: Сб. научных трудов. – Свердловск, 1991. – 128 с.

137. Сохор, А.И. Вопросы социологии и эстетики музыки [Текст] / А.И. Сохор. – Л.: Музыка, 1981. – 295 с.

138. Сохор, А.И. Воспитательная роль музыки [Текст] / А.И. Сохор. – Л.: Музыка, 1975. – 62 с.

139. Сохор, А.И. Социальные функции искусства и воспитательная роль музыки [Текст] / А.И. Сохор // В кн.: Вопросы социологии и эстетики музыки. Статьи и исследования. – Л.: Советский композитор, 1983. – С. 72-93.

140. Степанов, А.Н. Пути повышения эффективности музыкально-эстетического воспитания участников художественной самодеятельности клубных учреждений (На материале музыкальных самодеятельных коллективов Киргизской ССР) [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / А.Н. Степанов. – Фрунзе, 1980. – 21 с.

141. Субаналиев С. Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары: идиофондор, мембрановондор, аэрофондор. – Фрунзе: Адабият, 1991. – 144 б.

142. Субаналиев С. Некоторые аспекты функционирования и жанровой дифференциации кыргызских кюу [Текст] // Профессиональная музыка устной традиции народов Ближнего, Среднего Востока и современность / С. Субаналиев. – Фрунзе, 1981.

143. Субаналиев С. Традиционные инструментальная музыка кыргызов [Текст] / С. Субаналиев. – Бишкек, 2003.

144. Сухомлинский, В.А. О воспитании [Текст] / В.А. Сухомлинский. – М., 1975. – 38 с.

145. Сухомлинский, В.А. Сердце отдаю детям [Текст] / В.А. Сухомлинский. – Киев: Радянская школа, 1969. – 198 с.

146. Тарасов, Г.С. Психология музыкальных потребностей [Текст] / Г.С. Тарасов. – М., 1971. – 191 с.

147. Тельчарова, Р.А. Музыка и культура. Личностный подход [Текст] / Р.А. Тельчарова. – М.: Знание, 1986. – 62 с.

148. Узакбаева, С.А. История развития и проблемы совершенствования музыкально-эстетического воспитания учащихся в общеобразовательных школах Казахстана [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / С.А. Узакбаева. – Алма-Ата, 1982. – 27 с.

149. Ушинский, К.Д.. Педагогические сочинения [Текст] / К.Д. Ушинский. – М.-Л., 1948. – 488 с.

150. Фурье, Ш. Избранные сочинения [Текст] / Ш. Фурье. – М.-Л., 1954. – 442 с.

151. Халитова, И.Р. К проблеме воспитания киргизской народной музыки [Текст] / И.Р. Халитова // В сб. молодых учёных. – Фрунзе: Мектеп, 1987.

152. Цокуренко, П.А. Музыкальное произведение и исполнитель [Текст] / П.А. Цокуренко. – Бишкек, 1991. – 27 с.

153. Цукерман, В.С. Музыкальные жанры и основы музыкальных форм [Текст] / В.С. Цукерман. – М.: Музыка, 1964. – 159 с.

154. Цыпин, Г. М. Музыкально-исполнительские искусство: Теория и практика [Текст] / Г.М. Цыпин. – СПб: Алетейя, 2001. – 320 с.

155. Чернышевский, Г. Эстетика [Текст] / Г. Чернышевский. – М., 1958. – 226 с.

156. Чыналиев, Т. Комуз чертүү [Текст] / Т. Чыналиев. – Бишкек, 2008. – 224 б.

157. Шеллинг, Ф.Е. Философия искусства [Текст]: пер. с нем. П.С. Попова / Ф.Е. Шеллинг. – М.: Мысль, 1999. – 608 с.

158. Шестаков, В. От этноса к аффекту: История музыкальной эстетики от античности до XVIII века [Текст] / В. Шестаков. – М., 1975.

159. Щацкая, В.Н. Музыкально-эстетическое воспитание детей и юношества [Текст] / В.Н. Шацкая. – М.: Педагогика, 1975. – 200 с.

160. Щацкий, С. Т. Педагогические сочинения в 4-х томах [Текст] / С.Т. Шацкий. – М., 1963.

161. Щербакова, А. Музыка как способ человеческого общения [Текст]: автореф. дис. . канд. фил. наук / А. Щербакова. – М., 1996. – 17 с.

162. Эргешова, К.Т. Жаңы ыргак күүлөр жыйнагы. Сонун жер [Текст] / К.Т. Эргешова. – Бишкек, 2004. – 150 б.

163. Эстетическая природа жанра в музыке // В кн.: Вопросы социологии и эстетики музыки. – Л.: Советский композитор, 1981. – Вып. 1. – 294 с.

164. Эстетическое воспитание школьников / Под ред. А.И. Бурова, Б.Т. Лихачева. – М., 1974.

165. Юлдашева, М.Р. Пути музыкального просвещения и образования в Таджикистане в период строительства социалистического общества [Текст]: дис. . канд. пед. наук / М.Р. Юлдашева. – Тбилиси, 1986 – 182 с.

166. Яворский, Б.Л. Статьи, воспоминания, переписка [Текст] / Б.Л. Яворский. – М.: Советский композитор, 1972. – 711 с.

167. Янковский, В.В. Музыкальная культура Советской Киргизии. 1917-1967 [Текст] / В.В. Янковский. – Фрунзе: Илим, 1982. – 122 с.